
7
С кырг.
И 87

Ризван ИСМАИЛОВА

# Европанын берметтери



Юр
С кырг.
И87

Ризван ИСМАИЛОВА

# ЕВРОПАНЫН БЕРМЕТТЕРИ

*Жол очерктери*

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472946

«Турар»
Бишкек – 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 88

*Китептин жарыкка чыгышына демөөрчүлүк көрсөткөн иним **Айтмамат Кадырбаевге** терең ыраазычылык билдирем!*

*Автор*

**Исмаилова Ризван.**
И 88 **Европа берметтери:** Жол очерктери. – Б.: «Турар», 2011. – 100 б. + 16 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-010-2

Батыш Европадагы Германия, Франция, Бельгия, Голландия, Люксембург ж.б. мамлекеттерге болгон саякаттообуздун таасири жандүйнөмдү көпкө түйшөлтүп, өнүккөн өлкөлөрдүн жашоо-шарттары, маданияттуулугу, ар бир өлкөнүн кооз жаратылышы, тарых-таржымалы ушул китепти жазууга түрткү болду.

Убакыт арнап, окуп коюңуз, окурман!

И 4702300100-11 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-010-2 © Исмаилова Р., 2011.

*Чырагым кызым Элнура,*
*сага арнайм!*

## Баш сөз ордуна

*2010-жыл Кыргызстандын тарыхында дүрбөлөңдүү жана опурталдуу жыл болду. Мурдагы үй-бүлөлүк жана кландык башкаруудагы экс Президенттин бийлигине наразы элдин 7-апрелдеги кандуу төңкөрүшү эки-үч күн менен токтогон жок. Саясий кырдаалдын кризиси, Убактылуу өкмөттүн олку - солкулугу, башаламандык, массалык тартипсиздиктер күч алып, бүткүл өлкөнү караңгы түн каптагандай, эртеңки күн кандай болору белгисиз, туңгуюктагы эл кооптонуп жатты...*

*Какаганга муштагандай болуп, укук талаасына чыгыш үчүн жандалбастаган Убактылуу Өкмөттүн шаштысын кетирип, Түштүктө жер жарылгандай, ааламды «селт» эттирген 10-июндагы каргашалуу окуя жүз берди. Колдун эки салаасындай, эзелтеден мамыр-жумур жашаган, тили бир, дини бир, эки ага-инидей эл бири - бирине бычак көтөрүп чуркады. Бейажал, бейубак апааттан карапайым эки элдин каны төгүлдү. Өзбек туугандардын, айрыкча, өзбек диаспорасынын лидерлеринин Ошту автономиялуу область кылабыз деген тымызын, карөзгөй, кара ниеттеги оюн ишке ашырууга даярданган күчтөр өлкөдөгү кыйчалыш абалдан куп пайдаланып, эки элди тукуруп коюп, карасанатай ниетиндегилер батыл киришишти...*

*Ошту таанылгыстай ойрондотуп, кечээги сулуу көркүнө көө шыбагандай, көрсөң жүрөгүң канагыдай абалга киргиптер кылышты. Ош окуясы башталгандан тартып, июль айына чейин республикалык «Эркин-Тоо» гезитине Түштүк жергесиндеги каргашадан кийинки оор абалды чагылдырып жазып турдум. Бул өзүнчө кийинки сөз.*

*Батыш Европага барарымды укканда алгач абдан кубангам. Ош окуясынан кийин муздак сууга чөгүп кеткендей ой-сезимдерим тоңгонсуп, учакка билет алганымда деле нес болгондой каңгып, көз алдымда онтогон Ош турду...*

*Кимге кандай билбейм, өз көзү менен көрбөй, жүрөгүнөн өткөрбөй деле кимдер эмнелерди гана жазышпады. Көкүрөгүңө коргошундай куюлуп, сүрөтү карегиңе мухиттей чөгүп калганда, сөз айтууга, арыдан бери бүтүм чыгарганга шашылбайсың... Бир манжаңды тиштегенде, беш манжаң эмес, колуң бүтүндөй зыркырагандай көз көргөн каргашаны элестеткенден коркосуң.*

*Көңүлдө күткөн күн да келди. Июлдун башталышында карегимдей каралдым Ошумду калтырып, от - жалындан өрттөнгөн, күйүктөн чычаладай карайып-түнөргөн Ошума кош айтып, Бишкектен Москвага, Москвадан Германия багытындагы аба мейкиндигинде бар менен жоктун ортосундагыдай сенек сезимдердин бийлигинен чыга албай, учактын зуулдаган кулак тундурган добушуна термеле учуп бараттым...*

*Батыш Европадагы беш мамлекет: Германия, Франция, Бельгия, Голландия жана Люксембургга болгон саякатыбыздын таасири али күнчө тарай элек. Ош окуясы, Түштүктөгү коогалаңдан көкүрөктү тепчиген сарсаанын запкысынан оор жүктү көтөрүп бараткансыган сезимде жүргөнүмдө башка дүйнөнүн ачылышы, өнүккөн өлкөлөрдүн турмушу эсимди эңгиретти.*

*XXI кылымда чет өлкөлөрдөгү цивилизациянын желегин желбиреткен адамзаттын турмушу кандай деңгээлде да, 20 жылдан бери эгемендүүлүк алган суверендүү атыккан алакандай Кыргызстандын жашоосу эмнеге оңолбойт? Жөн эле салыштырбай, экономикасы гүлдөп өскөн мамлекеттер менен сазга белчесинен баткан өз өлкөңдү катар коюп, асман менен жердей айырмаланган турмуш образыбызды жакшырталбай, иримдеги суунун көбүгүндөй аласалган чабындыдай өнүгүүнүн жолунун нугун таппай, чайпалып-чайналып жатканыбызга жаның кейийт. Жогорудагы ар бир мамлекет*

*өзүнчө монарх өлкөлөр болгонуна карабай, ар бири өзүнө таандык түс-белгини, эн тамгасын, менталитетин, колоритин, салт-санаасын сактап, бири-биринен озуп, бири-бири менен тымызын атаандашып күрөшүп келаткандай... Жакын кошуналар гумандуу жалпы принциптерди тутунганы менен өнүгүүнүн таймашында маданият, искусство, илим-техникада кыл чайнашкан душмандардай «мен биринчи» деген жеке эгоизмдин далбасасында жеңип да, жеңилип да жарышып баратышкансыйт...*

***Автор***

# Париж – Ай менен Күндүн ширелүүсү

Биз Германиядан Франциянын аймагына өткөндө жапжашыл дуб, карагай, кайың өрдөгөн чар-тараптуу чөлкөм гүлгө оронгон кичинекей шаарчаны элестеткен күмбөздөрдү артка калтырып, эч кимдикине окшобогон (немец, бельгиялык ж.б.) архитектуралык ансамблдеги шаңдуу калаага алып кирди. Мына, Франция! Ишенгиң келбейт. Кайсыл тарабын караба, көздүн жоосун алган сулуулук. Америкалык улуу жазуучу Эрнест Хемингуэй: «Париж – бул дайыма сени менен кошо болчу майрам» – деп айтканы төгүн эместей. Бир күн мурда 14-июлда Франция мамлекетинин көз карандысыздыгынын күнү белгиленген экен. Түркүн түс гүлдөрдүн парадында шаңга бөлөнгөн Париждин абасы ачык, асманы көкмөк. Күн ысык, так биздеги саратандай үлп эткен желге көңүл сергийт. Өлкөнүн Батыш жана Чыгыш аймагы Атлантикалык океанга, түштүгү Жер Ортолук деңизге жакын болгондуктан, деңиз климаты өкүм сүрүп, чыгышы орточо континенталдуу, түштүгү субтропикалык мүнөзгө ээ. Эл жыкжыйма, туристтерден баш адашат, ар бирин топтун гидинин көтөргөн желегинен ажыратасың.

Кадам сайын көңүлдү алдастатып, биринен экинчисине арбаган тарыхый-маданий имараттардын кооздугу, архитектурасы өзүнчө эле чыгарма. Ал чыгарманын композициясы кирпичинен тартып, эшик-терезеси, фасады, балкону, чатыры дегеле узун-туурасы, бийиктиги эч бир жагынан окшошпосо да жалпы шаардын көрүнүшүнө өзүнчө мазмун берип турат. Ар бир өткөн доор, ар кайсы кылым үн катып тургандай сезилет...

Грев аянтындагы (Гревская площадь) карт тарыхтын сырын жымырган эстеликтер, өткөн Франциянын гүл-

дөгөн доорун даңазалаган көрүнүштөр Менял көпүрөсүнө келгенде ансайын купуяланып, сырдуулугу, шаңдуулугу жана да табышмактуулугу менен баш катырат. «Париж – антиквардык шаар» – деп кайра-кайра кайталайт гид. Айтса-айтпаса Консьержери Король резиденциясын аралап, Елисей талаасынан өтүп, Триумфалдык Аркага чейинки кооздукту сөз менен жеткире албайсың. Укмуштуудай жандуу, таберик сулуулуктун жанында сөз кудуретсизби же сендеги сөз байлыгы чабалдык кылабы, түшүнүп болбойт. Елисей талаасы кол менен жасалган, табигый кооздукка ичкериден азык берген кол чеберчилиги менен акыл-ойдун, фантазиянын туундусунан курулган англичандардын токою. Триумфалдык Аркадан кем калышпаган Жеңиш Аркасы салтанатты, майрамдык шаңды, көтөрүңкү дух менен Адам рухунун бийиктигин, асылдыгын даңазалайт.

Парижди аралап аккан Сена дарыясына курулган көпүрөлөрдү антикалык доордогу скульптуралык чыгармалар менен кооздоп чыгуунун өзү канча мээнет, эмне деген чеберчилик! Олимпиялык кудайлардын элеси түшүрүлгөн көпүрөлөрдө өткөн доордун духун мезгилдин бүгүнкү, эртеңки жана келечеги менен айкалыштыруунун өзү француздардын архитектурадагы улутка таандык чоң чеберчилигин, кылымдан-кылымга өөрчүткөн тажрыйбасын, кайталангыс усулдарын таасындап, архитектуранын илим катары биротоло калыптанып, өз апогейине жеткенин айкындайт. Француздар жөн эле бир үй же имарат курушпайт, бүтүн бир чыгарманы анын тарыхы менен кошо жаратышат экен деп калдым. Адамзат пендеси (корифейлер) эмнеге эле илим-билимге, маданиятка, искусствого тамакайы так болуп, акыл-эстен тандырган сулуулукка кул болуп келет десе, ошол азыткыдай арбаган руханий дүйнөдө чети оюлбаган байлык жатат турбайбы.

Франциянын борбордук бөлүгү тарыхый эстеликтерге өтө бай. Так ошол борбордук бөлүгүндө XVII кылымда курулган Майыптар үйүндө улуу полководец Наполеон Бонапарттын сөөгүнүн калдыгы (1840-жылы алып келишет) жашырылган аскердик музей (куполасына он тогуз кг. алтын ширетилген) жайгашкан.

1812-жылы дүйнөлүк биринчи согушта Россияны басып алыш үчүн бир нече Европа мамлекеттерин талкалап, чагылгандай тездик менен орустарга кол салат. Анын көздөгөн ой-максаты ишке ашпай, Россиядан жеңилген император Наполеонду 1815-жылы Ыйык Елена аралына айдап жиберишет. Арал океандан алты миңдей километр алыстыкта жайгашып, төрт тарабы деңиз менен курчалган, элде айтылып жүргөндөй, макоо-пестерди жазалаган Каспий деңизинин тумшугундагы Карабогоз гөлү (Түркмөнстанда) сыяктуу «барса-келбес» жапайы арал болгон.

Улуу полководецтин өмүрүнүн акыркы жылдары кишинин караанына зар болгон түнт аралда күн менен түндүн санатындай санааркап өткөн... Анын тамагына дайыма билдирбестен (мышьяк) уу кошуп беришкен деген божомол да айтылат, көз жумгандан кийин чачынан уу чыкканын ырастаган жана төгүндөгөн изилдөөлөр бар. Канткен менен Наполеонду тарыхтагы кайталангыс личность, атактуу аскер башчысы деп айтуу аздык кылат. Анын табият тартуулаган аскер кишисине гана таандык таланты, шык-жөндөмү, инсандык кулк-мүнөзү, жеке сапаттары, артыкчылыгы даңкталып айтыла берери жөндүү. Наполеон кол алдындагы армиясындагы жоокерлердин атын адаштырбай так билген. Өзүнө ок тийгенде, эч качан жатып дарыланган эмес, душмандарым билип калбасын деп эч кимге айтпаган, денесинин ок тийбеген жери тамтыгы калбаганын сөөгүн жууганда көрүшкөн. Мүнөзү ушунчалык катуу болгондуктан, адъютанты да батынып сурай албаптыр... Өзү согуш инженери болгону үчүн согуштун тактикасын беш манжасындай өздөштүргөн, адеп кол салганда эле душмандарынын чакчелекейин түшүргөн. Курал-жарак жасоонун техникасын, тетиктеринин атын, кызматын ийне-жибине чейин өздөштүргөнү жетпегендей колдо жасалган жаңы куралдарды ойлоп табуучу катары аты чыккан, жоокерлерине курал колдонуунун сырларын үйрөткөн.

Учу-кыйырсыз Россияга бастырып киргенде анын мүдөөсү ишке ашпады. Табияттын катаалдыгынан, тажаалдыгынан чыккан каршылыгы анын стратегиясынан да

ашып түштү, армиясы туруштук бере албады. Ал жеңилүүнүн ачуу ызасын моюнга алып, Вена Конгрессинин чечимине баш ийүүгө аргасыз болду. Ал жерде 56 жашында 5-майда ашказан рагынан каза табат. Анын сөөгүнүн калдыгы көмүлгөн музейдин бийиктиги 107 метр, француздар улуу полководецинин эрдигин сыймык менен эскеришет. Анын жанында көрүнүктүү француз ишмерлеринин түбөлүк жайын коргогон Пантеон чиркөөсү турат. Француз элинин эркиндиги үчүн күрөштө курман болгондордун урматына Эркиндик статуясы орнотулган. Шаардын борборундагы Сите аралчасында эң көрүнүктүү, эң чоң эки атактуу чиркөө бар. Алардын бири Париж Кудай эне (Парижский Богоматери) собору жана экинчиси Ыйык Капелла. Ал эми Нотрдам, Страсбург мунараларынын бийиктиги 162 метр, өзүнчө эле жомок.

Фрагонар – дүйнө жүзүндөгү парфюмерия чыгарган белгилүү фабрика. Франциянын атырлары кайсы жерлерде даңкталбаган да, кимдерди тамшандырбаган?! Кылымдан-кылымга бүтпөс легенда сыяктуу ооздон түшпөй, айрыкча аялзатын сулуулукка, назиктикке, сый-урматка бөлөгөн мындай тартуунун ээлери өздөрүнүн бакытка бөлөнөрүн эч качан жашырышпайт.

Парфюмерликке ичимдик ичпеген, тамеки тартпаган гана кишилер жумушка алынат. Жада калса сыра ичүүгө тыюу салышат. Айткандай, француздардын белгилүү «Парфюмер» кинотасмасы так ушул фабрикада тартылыптыр. Башкы каарман парфюмер-жаш жигиттин жыт алуудагы ыкмасы сулуу кыздардын кимдир-бирөөсүнөн башкача жагымдуу, катардагы адамдар туя албаган, тубаса парфюмер гана сезген жытты искеп калса, артынан кууп, аңдып жүрүп, өзүнүн максатына жетиш үчүн мыкаачылыкка да барышы (кыздарды ар кандай жолдор менен өлтүрүп, денесинен жыт алат). Кудай тарабынан да, мыйзам тарабынан да кечиримсиз экенине карабай, кинотасманын аягында башкы каарман өзү тозоктой кыйынчылык менен чогулткан, тандаган жыттарды кол жоолукка сиңирип, айланага желдей таркатып жиберсе, жазалоо жөнүндөгү буйрук, бийликтегилердин, чиркөөдөгү поптордун эсинен чыгып, баары-баары, эч кимиси

калбай, аял менен эркектин ортосундагы сезимдер дүүлүгүп, жыттын кереметине балкып, бакытка жыргап калышат. Мындай жыргал бир болсо бейиште, болбосо башка эч жерде жок. Албетте, режиссердун мындагы табылгасы дүйнөдөгү керемет, назик, сөз менен жеткире алгыс ажайып жыттар гүлдөрдөн, өсүмдүктөрдөн эмес, адамдардан, басымдуусу аялзатынын денесинде болорун айткысы келгендир... Жыт – бул өзүнчө табийгат тарабынан берилген кудурет нерсе. Жыпар жыттарды алуу француздардын илгертен келаткан технологиясынын артыкчылыгы. Адамдын табияты татаал болгондуктанбы өзгөчө бир жагымдуу жыттарга мас болуп, эйфорияга жетиши илимде далилденген. Бир мезгилдерде жапондор турмушка чыга элек, көчөт кыздардын жуулбаган, табигый жыты кетелек турсийлерин аукционго коюп, дүйнөгө сенсация кылганы эсиңиздедир...

Фабрикага баш бакканыбызда эле бир башкача жыпар жыттар аңкып, сезимди дегдетип, көңүлдү көтөрдү. Жыттар аңкыган сайын анын артынан сая түшүп, кууп бараткансыйсың. №5 Коко Шанель атактуу француз атыры, атагы таш жарган, атагы ааламды тамшандырган кереметтин бири.

Легендарлуу Коконун өмүр тарыхы өзүнчө дастан. Коко (Короз кандай чакырганын билесиз...) анын лакабы, өз аты Габриэль Шанель. Бир кездерде бүтүндөй Европаны атагы дүңгүрөткөн аялды тилинен чаң чыкканча мактап, тили тешилгенче ушактап тынчышпаган. Аял – миф, аял – революционер, аял – тарых деп, эмне деген жарлыктарды тагып, төбөсүнө көтөрүшпөгөн. Өзү андай деле тамакайды так кылган классикалык сулуу болбогону менен кыял-жоругу, баскан-турганы, сүйлөгөнү-күлгөнү жана чагылгандай оттуулугу өзүнчө жомок болуптур. Кудайдан берилген мындай талант, ажар, харизма Габриэлге гана багышталыптыр... Замандаштардын айтуусуна караганда мамлекеттик жана коомдук ишмер Исхак Раззаковдун жагымдуу харизмасы, чечендиги адамдарды өзүнө оттой тартып турчу экен.

Габриэль биринчилерден болуп кара түстү модага киргизген. Кара көйнөктүн ашыкча нерселерин кыркып,

аялдын денесинин сымбатын чыгарган дизайнын ойлоп таап, өзү демонстрациялап кийген. Ал кара көйнөктү эч кимдин оюна келбеген көркөмдүү стилге айландырган.

Жылдардын бир жылында анын жакшы көргөн мырзасы, жандүйнөсүнө жакын адамы, бош убактысын көбүнчө бирге өткөргөн сүйгөнү катуу ооруп, өз колунда бейубак ажалдан жан берет. Кайгынын оор туманында калган Габриэль каңырыгы түтөп, бели майышып, көз жашын тыя албай, сүйгөнүн бооруна басып: «Көрөсүң, бүт дүйнөнүн сулууларын кара кийгизем» – деп ант берген дешет. Муну кандай мааниде айтты экен? Илгертеден ар кайсы диндегилер караны кайгынын белгиси катары түшүнүшкөн. Кийинчерээк кара түстү токтотууга болбой калды. Көркөмдүү, сымбаттуу, нарктуу, салмактуу, кала берсе, салтанаттуулук жана элеганттуулукту да боюна сиңирип алды.

Андан калса Габриэлдин себинген атырлары эч кимде болбоптур. Ал каерге барса, кымбат баадагы кездемеден тигилген кийимдери көргөндү суктандырып, жытынан ээрчип, жытына элирип, жытынан өзүн жоготуп, харизмасы ага кошул-ташыл боло айлана-тегерегиндеги эркектер жабыла тиктеп, шилекейи агып, жактыра табышмактуу касиетине арбалып калышкан. Габриэлге Франциядагы өз мезгилинин «менмин» деген мартабалуу, белгилүү эркектердин баары ашык болуп, ага сезимин билдирген сансыз сүйүү каттарын арнашкан, жазуучулар болсо атайын көркөм романдарын жазышкан.

Ал жөнүндө эмне деген ушактар айтылбаган, акыр аягында алардын көпчүлүгү чындыкка жакын болгону таң калтырган. Франциянын элитасы Кокону ушактабаган, сөз кылбаган күнү курсагы тойбогон. Анын өмүр таржымалы канчалык даңазалуу болбосун, байлыгы ашып-ташып турса да, эмнегедир үй-бүлөлүк коломтосун кура албай, бала эмизип, жытын искебей, энелик бактыдан куржалак өтүп, мыйзамдуу күйөөгө чыкпаган. Атактуу Коко Шанель Францияга чакырараак кара көйнөк менен парфюмерия шедеврлеринин коллекциясын түбөлүк мураска калтырып кеткен.

Көрсө, сезимдей назик, кыялдай учкул, санаадай дирилдек, көзгө көрүнбөс, колго кармалбас жыттарды өз-өзүнчө бөлүп алуу, тагыраак айтканда, өндүрүү технологиясы оңой эмес экен. Батыш Европада, дүйнө жүзүндө кандай гүлдөр өссө: роза, нарцисс, ландыш, жасмин, хризантема, целозия, претрум, гойлардия, гвоздиканын ар түрдүү сортторунан, аты аталбаган сан жеткис гүлдөрдөн индивидуалдуу жыт алынат. Атырларды өндүрүүнүн байыркы технологиясынан тартып, бүгүнкү күндөгү автоматташтырылган технологиясынын үлгүсүн, жабдууларды, механизмдерди көрүп таңданасың. Атыр, самын саткан дүкөндөгү тейлөөнүн өзү искусство. Сиз жактырган жыт сиңирилген ак кагаздын бир бүктөмү катар тизилип турат. Жыттаңыз да, жакканын алыңыз... Тандаган нерсеңизди татына, ак жабуусу бар корзинага саласыз да, наркын төлөө үчүн кассага кезекке турасыз.

Париж – моданын мекени. Модельерлер аялзатын коаздоо, экстраваганттуу, кайталангыс, заманбап көркко бөлөп, сулуулуктун перисине айландырыш үчүн жашашат. Мына ушундай жогорку сапаттагы жыйырма чакты мода үйлөрү Парижде. Аялзатын сезон сайын түрлөп, кийиндирип-чечиндирүүдөн тажабаган профессионалдардын турмушу жөнүндө өзүнчө сөз кылса болот.

Франциядагы эң тез, эң ылдам жүрүүчү лифт – бул Монпорнаста. Космикалык тездик менен дейбизби, көз ачып-жумганча сегиз секундада 196 метрлик мунарага көтөрүлөсүз. Чындыгында, фантастика! Монпорнас – Парнас тоосунун урматына, адам колунун чеберчилигинен жаралган искусство. 1887-жылы 10-августта курула баштаган мунаранын тарыхы өзүнчө. Жыйырмадан ашык адам баткан лифттен төртөө, тынымсыз асманга көтөрүлүп, кайра ылдый түшүрүлөт. Туристтер бықпырдай кайнайт. Мунаранын чокусуна чыкканда дүкөн, сүрөт чыгаруучу жай, кафе, «Париждин асманы» деген ресторны, кино көрүүчү залдары бар. Бул Париждеги эң бийик имараттардын бири, үч жүздөй менчик ээлериники. Бир кездерде так ушул кафеде орустун улуу акындары Марина Цветаева, Анна Ахматова жана башка көрүнүктүү көптөгөн акындар,

орустун чыгармачыл интеллигенциясы отуруп, ыр окушкан, Парижге суктанышкан. Баш-аягы 120 метрлик мунарада дайыма мээлүүн шамал согуп, айрыкча кечкисин, түнкү Париждин ажайып панорамасын кучагыңа жайып таштайт. Бут алдыңызда майда-чоң жылдыздардай куйүп-жанып, оттой дуулдап өрттөнүп-өчүп, жаркыраган түркүн-түс шоолаларга чөмүлгөн Париж жатат!..

Париж – түндөсү чардап, ырдап-бийлеп, куунак өмүр кечирген, күндүзү уктап, эс алганды сүйгөн, сойкудай сонуркаткан шаар.

## Эйфель мунарасы – Франциянын символу

Франциянын борбор шаары Париж экономикалык жана маданий борбор катары дүйнөгө таанылып, анын түндүк бөлүгү борбордук Францияны ээлеп, Иль-де-Франс аймагындагы Сена дарыясынын жээгинен орун алган. Парижди бекеринен: «Дүйнөнүн борбору» – деп аташпайт. Бул жогорку таанымга эмнеси, кандай касиети менен жетишкен деген суроого жооптор оголе көп. Эл аралык маанидеги ЮНЕСКОнун штаб-квартирасы жана ОЭСР менен Эл аралык соода палатасынын ушул жерде жайгашканын эске албаганда деле, француз королдорунун мурунку резиденциясы, «Күн королу» Людовик XIV доорундагы көркөм-архитектуралык ансамбли, дворец-парктардын өзгөчө кооз жайы Версалдын, дүйнө жүзүндөгү эң ири жана атактуу коллекциялардын түп нускасын топтогон, антикалык доордон тартып, XIX кылымдын аягына чейинки этапты чагылдырган, 30 миңден ашуун экспонаттары бар, атактуу, дүйнөдөгү эң чоң Лувр музейин, 250 кайталангыс картинасы менен искусство шедеврлерин даңазалаган Пикассо музейин айталыбы, кечээ жакында, тактап айтканда, 1977-жылдары курулган француздардын азыркы искусствосунун жетишкендигин айгинелеген Жорж Помпиду атындагы маданий борборун же Ле-Аль соода борборун, Бастилия аянтын, Дефанс районун же болбосо орто кылымдагы музей

Клюнини атайбызбы, баары эле биринен бири калышпаган касиеттүү маданий мурастар.

Айткандай, мен бир нерсени унутуп кала жаздапмын. Көрбөсөңүз сиз арманда, жазбасам мен арманда калмакмын. Бул Париждеги «Гарнье операсы» XVIII кылымдын атактуу курулуштарынын бири, архитектор Гарньенин атына коюлган, театрдын жалпы аянты 11237 м$^2$, дүйнөдөгү эң чоң опера театры. Көрсө, жаңы курулушка тендер жарыялоо тээ мурунку кылымдарда эле Батышта башталган экен. Айрыкча Франциянын маданияты гүлдөгөн доордо дворяниндер, аристократтар театрга спектакль көрүү үчүн эмес, ким-ким менен келди, кандай кийинип келди, аялдардын жасалгалары, тагынган алтын-бриллиант, асыл буюмдарынын наркы канча, кайсыл жерден алынган сыяктуу суроолорго жооп изделип, кийимдерин, байлыгын, зоболосун демонстрациялоо үчүн келишкен. Айрыкча, антрактта сылаңкороздонгон мырзалар менен айымдардын күбүр-шыбырынын төркүнү аристократиянын көр дүйнөсүнөн, вещизмден алыстай алган эмес. Улуу композиторлор Бетховен, Моцарт, Бах жана башка француз искусствосунун бир канча муунунун ири өкүлдөрүнүн бедизи түшүрүлгөн театрдын бет маңдайындагы композициянын өзү бүтүндөй бир дүйнөдөн кабар берип турат. Экинчиси, Бастилиядагы Опера театры так ушундай эле атакка ээ. Ал 1889-жылы курулуп, классикалык репертуары менен театр сүйүүчүлөрдүн купулуна толуп келет.

Эйфель мунарасы 1889-жылы бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө карата курулган. XIX кылымдагы ири курулуш катары дүйнөгө атагы чыгып, металлдан жасалган мунара инженер Густав Эйфелдин долбоору боюнча салынган. Жалпы аянты 1,6 га жерди ээлеп, салмагы 9,5 миң тоннаны түзөт, 1793 тепкичи бар мунаранын конструкциясы чындыгында акыл-эсти таң калтырат.

Франция бийлиги Парижде Франция революциясынын 100 жылдык маарекесине карата Бүткүлдүйнөлүк өндүрүштүк көргөзмө уюштурууга даярданат. Мамлекет өзүнүн курулуш тармагынын өнүккөнүн бүт дүйнөгө жар салгысы келет, ошондой мартабалуу тойго таң каларлык бир жаңылык жасашса, жаман болбойт да... Көргөзмөгө

келгендердин көңүлүн бурдуруш үчүн бийиктиги 300 метрден кем болбогон монументтин долбоорун иштеп чыгууга коомчулукка конкурс жарыялайт. Сынакта инженер Густав Эйфелдин долбоору жүздөгөн талапкерлердин ичинен биринчиликти жеңип алат.

Инженер Эйфель Париж бийлиги менен келечектеги мунараны 20 жылга ижарага алуу келишимин түзөт, бир жарым миллион алтын франк өлчөмүндө субсидия алат. Бул болгону курулушка кеткен чыгымдардын төрттөн бир бөлүгүн каптай алмак, ошондуктан Эйфель беш миллион франк өлчөмүндө акционердик коом түзөт. Ошол капиталдын жарымы жеке өзүнө таандык болгон. Мунаранын курулушу 1887-жылы 27-январда башталат да, катуу темпте иш ыргагы жүрөт. Курулушка сарпталган темир-тезектер, бүт бардык зарыл элементтери өтө так өлчөнүп, Эйфелдин өзүнүн заводунда жасалат. Мунара 18 миң элементтен туруп, эки миллиондой кадоолор менен ширетилип, темирдин жалпы салмагы 9,5 миң тоннаны түзгөн. Оор металлдар жогору жакка атайын буу крандарынын жардамы менен чыгарылган.

Курулушта бир эле мезгилде 250 жумушчу иштеген. Күндөп-түндөп чакылдап-тарсылдаган барскандардын соккусунан кулак тунуп, коюу кара түтүндөн көз ачышкан. Куруучулар жайдын аптаптуу ысыгына, кыш чилдесинин ызгаарына карабай, эң жогорку бийиктиктерде иштешкен. Ошол беш жылдын ичинде бир кайгылуу кокустук жүз берген. Жаза тайып, италиялык жумушчу мунарадан учуп өлгөн.

1887-жылдын 7-декабрында 57 метр болгон мунаранын биринчи кабаты, 1888-жылдын 14-августунда 115 метрлик экинчи кабаты курулуп бүткөн. Ал эми 1889 - жылдын 31-мартында чокусу 300 метр бийиктиктеги гигант курулуш аяктаган. Чыгууга оңой, ыңгайлуу болсун үчүн вертикалдык лифттер керектелген. Биринчи-экинчи кабатына тепкичтер аркылуу өз бутуң менен басып чыксаңыз болот, ага карабай ар бири сексендей адам баткан үч эки ярустуу лифт экинчи кабат менен мунаранын ортосун бириктирип каттап турат. Башка бир-эки кабиналуу лифт менен үчүнчү кабатка жана эң чокусуна чыгасыз. Эгерде

кан басымыңыз көтөрүлүп, жүрөк оорусунан жапа тартып жүрсөңүз, бийиктиктин кумарына кызыгып, тобокелге салганга болбойт. Алгач лифттер гидравликанын жардамы менен иштесе, кийинчерээк аларды электр кыймылдаткычтары менен жүргүзүшкөн.

Париждин борбордук бөлүгүндөгү, француздар көкүрөк кере сыймыктанышкан тарыхый эстеликтерге бай аймагындагы күндөн-түндөн тынчыбаган, темпи басаңдабаган курулушка каршы чыккандар да болуптур. Кайдагы бир мунара же болбосо чылк темир түркүктөр ак маралдай керилген кереметтүү Париждин көркүн бузат дешип, улуу жазуучулар, көркөм сөздүн дөө-шаалары Александр Дюма, Ги де Мопассан жана Шарл Гуно баш болгон кырктай маданият кызматкерлери мунарага каршы Петиция («Петиция протеста») жазып, аны басма сөз бетине жарыялашат. Мына ошондой талаш-тартыш, айрымдардын жактырбагандарына карабай улуу архитектуралык монумент курулуп бүтөт.

Эйфель мунарасы 1889-жылы 15-майда расмий түрдө ачылат, ошол мезгилде Бүткүлдүйнөлүк өндүрүштүк көргөзмө өтүп жаткан учурунда мунарага эки миллиондон ашык адам келип кетет. Ошол арада ардактуу кишилер өз пикирин жазчу «Алтын китепке» америкалык белгилүү ойлоп табуучу, кезегинде новатордук эмгектери коомчулукта сенсация жараткан инсан Томас Эдисон өз пикирин толкунданyу менен жазат. Эбегейсиз зор, көркөмдүү мунара туристтердин көңүл ачуучу, сүйгөн жайы гана болбостон, илимге да кызмат кылат. Мунаранын чокусуна метеорологияны байкоочу станция жайгашат. Ал Фуко маятниги баш болгон көптөгөн физикалык байкоолорду жүргүзүүгө да ылайыктуу. Эң жогорку кабатына Эйфель астрономиялык лабораторияны, өзүнө жумушчу бөлмөсүн жана чаканыраак мейманкана да жасаттырган.

Алтымыш жаш курагында Гюстав Эйфель өзүнүн жеке ишкердигин таштап, өзүн бүтүндөй илимий изилдөөгө багыштоону чечет. Ал өзүнүн мунарасы илим үчүн эбегейсиз кызмат өтөөрүн далилдеп бергиси келет. Мунаранын эң жогорку бөлүгүндө ал Томас Эдисон менен жолугушуп, ой-пикирин бөлүшөт. XX кылымдын башында авиация пайда

боло баштаганда Эйфель аэродинамика боюнча изилдөөлөрдү жүргүзөт. Мунаранын башында туруп, өзү жасаган ар түрдүү формадагы приборлор менен абанын тоскоолдук күчтөрүн аныктаган. Ошол аныктамаларды учуучу машиналарды жасагандар кеңири колдонушкан.

Мунара радионун өнүгүшүнө да чоң салым кошкон. Так ушерде француз инженери Эжен Дюкрете аба толкунунда биринчи радиобайланыштар сеансын ишке ашырган. 1906-жылы туруктуу радиостанция негизделген. Биринчи дүйнөлүк согушта Эйфель мунарасынан душмандардын радиоберүүлөрүн кармап, маанилүү маалыматтарды алып турушкан.

Атактуу Гюстав Эйфель 1923-жылы дүйнөдөн өтөт. Анын тилеги өзү көз жумгандан эки жылдан кийин ишке ашып, мунарадан телекөрсөтүүлөрдү жиберүүнүн алгачкы аракеттери жүргүзүлөт. Арадан он жыл өткөндөн соң, 1935-жылдан тартып, Эйфель мунарасынан үзгүлтүксүз телекөрсөтүүлөр бериле баштайт.

Дагы бир кызыгы, мунаранын адамды өзүнө магниттей тарткан касиети бар, жылына алты миллиондой адам келип кетет. Шамдагай, эр жүрөк спортсмендерди абдан кызыктырып, арбайт. 1901-жылы Сантос Дюмон биринчи жолу мунаранын үстүнөн дирижабль менен өтсө, арадан тогуз жылдан кийин граф Ламбер аэропланы менен учуп өтүшкөн. Парашюттагы сыноолор үчүн да ыңгайлуу. 1912-жылы бычмачы Франсуа Рейхельт секирген, бирок анын плащ парашютунун конструкциясында мүчүлүштүк болгондуктан, анын рекорду ойдогудай болбой, өзү урунуп өлгөн. Ушундай кайгылуу окуя экинчи жолу 1928-жылы парашютчу Марсел Гэйе тарабынан кайталангандыгы өкүндүрөт. Кийинки мезгилдерде мындан жакшы сабак алган парашютчулар ката кетирбей, бийиктиктерди ийгиликтүү багындырып келатышат.

Ал эми адабият, маданият жана искусство ишмерлери үчүн Эйфель түгөнбөгөн руханий гүлазык, илхам берип, талант-шыгын курчуткан, ой-чабытын кеңейткен, руханият кенчинин бири жана көрүнүктүү эмгектердин жаралышына түрткү берерин айтпасам да жакшы билесиз.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №........472946

Ал Франциядагы эң бийик мунара гана болбостон, Франциянын символу болуп калган. Аны көрүү үчүн жылдын төрт мезгилинде төгөрөктүн төрт бурчунан агылып, бүткүл континенттерден адамзат агымы үзүлбөйт. Аны көрүп гана тим болбостон, лифт менен же жөө басып чокусуна чыгып, бийиктиктин айтып жеткире алгыс кумарына батышат. Улам бийиктикке көтөрүлгөн сайын жандүйнөң жагалданып, жагымдуу сезимдерден канат байлагансып, жашагың келет, ырдагың келет... Жөн эле жашап эмес, бирдемени жаратып, артыңдан из калтырып кеткиң келет.

Баса, түнкү кубулжуган Эйфелди көргөнү барып, кайтаарда мейманканага кантип барууну билбей, адашып калдык. Париж болсо күндүзгүдөй жапжарык... Метрону көздөй басып баратып, бир кыз менен жигит сүйлөшүп олтурушкан экен. Кызым Элнура, анын досу Дамира тигилерден немец тилинде багытыбызды сурады. Тилекке каршы, алар немец тилин анча билишпейт окшойт, биз французча такыр түшүнүгүбүз жок, бир оoз сөз билбейбиз. Чала-була англисче жаңсап сүйлөп, бири-бирин түшүнүүгө аракеттенип жатышты. Ой, ошондо тил билбөө дудуктан айырмасы жок экени жаныма батып турду...

– Колуңарда карта барбы? – деди, жигит. Биздин турист экенибизди дароо түшүнүп.

– Жок, жок...

Унутуп калганыбызды эстеп, бири-бирибизди карадык. Түнкү саат экиге чукулдап калды.

Жигит менен кыз метрополитенден шаардын багыттары көрсөтүлгөн картадан мейманкананын атын таап, аялдамадан аялдамага которуларыбызды кайра-кайра жаңсай түшүндүрө метрого билет да алып беришти. Француздардын кичи пейилдигине, маанайы жарык, жылуу мамилесине ыраазы болдук. Тоң пейилине салып, унчукпай басып кетсе эмне кылмакпыз?

Чынын айтсам, нукура француз виносунун даамын алгач татканымданбы, хрусталь чөйчөктөрдө сымаптай мөлтүрөгөнү, жеңил, жумшак, көңүл эргите жандүйнөңө жагым тартуулаган ширеси алигиче оозумда...

Бул мунарага барып, эстетикалык рахат алып, ал тууралуу узун-жомок кеп кылгандар болбоду беле? Мен

эмнесин жазып отурам деген ойлор кетпей кобойт. Бирок, бул түбөлүк, адамзаттын акылын айран-таң калтырган ажайып көркөм мунараны ар бир барган киши, ар бир муун кайрадан, жаңыдан ачып, анын кызыгына батаары чын. Мен да өз таасиримди замандаштарыма өзүмчө айтып бергим келди.

## Алтын чүмбөттүү Версаль

Версаль Парижден 20 км алыстыкта жайгашкан. XVI кылымга чейин ал кичинекей көрүмсүз кыштак болот. Анын токоюнда королдор аңчылык кылып, уучулуктун кумарына батып сейилдешет.

Король Людовик XIV жаш кезинде өзүнүн финансы министри Николя Фукенин дворецин көрүп, аябай суктанат да, өзүнө өзү: «Мындан жүз эсе сулуу дворец курдурам» – деп сөз берет. 1661-жылы дворецтин курулушу башталат. Дворецтин долбоорун ошол кездеги атактуу архитектор Луи Левого тапшырат. Ал королдун тапшырмасын жан дилинен кабылдап, өзүнүн оюн бербеген өжөр, бир эсе чырлуу королдун оюна төп келген курулуштун долбооруна, архитектуралык артыкчылыгына өзгөчө көңүл коёт. Имараттардын корпусу аябагандай чоң, аянттары кеңири, көркөм террасалар аркылуу паркка чыкчу галерея, фонтандарды, чакан-чакан дворецтер менен бакты да отургузууну ойлойт. Ал эми дворецтин паркынын ландшафттын Андре Ленотра жасайт. Андагы идеалдуу газондор, симметриялык жолчолор, жандуу жапжашыл тосмолор, көз кубулткан клумба жана жаркырак көбүк чачкан фонтандардын эскизин жасап, башкы дворецтин көркүн ого бетер ашырат. Ал эми дворецтин имараттарынын ички жасалгасы, шаан-шөкөттүү интерьер Шарле Лебренге таандык. Андагы король менен королеванын жеке аппартаменттери башкы корпустун биринчи кабатынан орун алган.

Уникалдуу дворецти курууга аябагандай чоң күч-аракет жумшалат. Людовик XIV өзү баш болуп, курулуш-

тун ар бир деталына маани берет. Ошол кездеги кол күчү жетишпей, кыштактын дыйкандары да куруучу болууга аргасыз болушат. Версалдын курулушун тездетүү үчүн король шаардын башка жактарындагы бүт курулуштарды токтотуп, эмгек күчү жетишпегендиктен Нормандия жана Фландириядан жумушчу күчтөрүн алдырат. Бардык буюртмалар тендер аркылуу өтүп, көптөгөн чыгымдар башында коюлган нарктардын акысы төлөнбөй калат. Ал гана эмес, акысыз эмгек күчү катары курулушка аскерлер да тартылат. Ошол кездеги каржы министри Жан-Батист-Кольбер өтө үнөмчүлдүгү, сарамжалдуулугу жана тыкандыгы менен тарыхта калат. Ошол эле мезгилде арадан алты жыл өткөндө Чоң канал казылып, дворецтин канализациясы, ички инфраструктурасынын жабдуулары да коюлат. Чыдамсыз королдун өзгөрүлмө пейилине, шашма мүнөзүнө, оомал-төкмөл кыялына араң чыдаган, шаштырып чамынганына түткөн жаңы курулуш он беш жылдын ичинде бүткөрүлөт. 1682-жылы Людовик XIV өзүнүн жубайы Мария Тереза менен Версалдын алтын жалатылган короосунда жаңы конушун жууп, ак сөөктөргө бал өткөрүп, чардашат. Дворецтин курулушуна кеткен каражаттардын ийне-жибине чейин эсептелип, бүгүнкү күндө да музейде сакталып турганын гид айтты.

Эбегейсиз чоң дворецти курууга кеткен чыгымдардын жалпы суммасы 25725836 ливр (1 ливр 409 грамм күмүштү түзгөн) салмагына карап эсептегенде, 10 тонна 500 кг күмүш иштетилген экен. Ал эми бүгүнкү Франциянын акча бирдигине чакканда, 259,56 миллиард еврону түзөт.

Король Версалдын тез арада өсүп-өнүгүп, өзүнчө көрк-келбетке ээ болушу үчүн кам көргөн, анын айланатегерегине калктын отурукташуусуна шарт түзүп, ар кандай жеңилдиктерди берген. Көп өтпөй эле мурунку кыштактын ордуна көз жоосун алган дворецтердин фонундагы кооз шаар пайда болгон. Кезегинде 100 миңден ашуун калк отурукташкан.

Келиңиз эми, бүткүл адамзатты кайдыгер калтырбаган француз королдорунун резиденциясына баш багып көрөлү...

## Күзгү галереясы

Версалдагы дворецтин бүткүл фасадына көрк берген, акыл-эсти таңдантып, ой-чабытын түйшөлтүп тамшандырган, өзүнүн көркөмү аздык кылгандай, күзгүдөн чагылыштырган Күзгү галереясын Людовик XIV залы деп коюшат. Жетимиш метрлик дубалдан карама-каршысындагы ар бир терезеге он жетиден чоң-чоң күзгүлөрдү илип, таң каларлык залдагы кооздуктун чагылышынан көз тайгылат. Андагы чылк күмүш, алтын жалатылган шыбынын жасалгасы, картиналар, чыгармалардын композициялык боңгу, хрусталь люстралар, түркүн түстүү гобелендер, статуялар королдун кандай доордо жашап, эмнелерге кызыкканын айгинелейт. Ал ортоңку флигелдеги бактын чар-тарабын ичине камтып, плафондору, сүрөттөрү, колонналары жана плестрамдары бири-бирине айкалыша, мазмун менен идеяны ширелткен, чебер иштетилген мраморлору менен тамшандырат. Андан кем калышпаган согуш талаасындагы ар бир кыймылдын ийне-жибине чейин таасын тарткан, согуштун согуштай каарын, аёосуз мыкаачылыгын деталдаштырган Согуш галереясы, француз маданиятынын, французлардын жандүйнөсүнүн кылдарын кыңгыраткан Дворец капелласы менен Дворец театры эмне деген кооздук! Версалдын бардык залы олимпиалык кудайлардын аты менен аталган. Өзгөчө көрүнүктүүсү – Венера залы, так ошол залда бир нече түстүү мрамордон жасалган Людовик XIV статуясы турат. Король менен королеванын аппартаменти жөнүндө алар өздөрү үчүн эмес, келечекти тамшандырыш үчүн жасаткандай таасир калтырат.

Наполеондун залы анын өмүрүндөгү бүткүл этаптарды кенен чагылдырган. Анын артынан кимдир бирөө ээрчип, өмүр издерин эринбей чогултуп алгандай таасир калтырат. Менимче, Версалдагы экспонаттары эң көп, чоң залдардын бири болсо керек. Анын ар бирине кенен токтолбосок, тарых дайыма эле тартуулай бербеген, Жараткан-

дын кудурети, кең пейилдиги менен чанда жаралган феноменге, уникалдуу личносттун жеке өзүнө таандык фактылар толук болбой калышы ыктымал. Эгерде бул гений Наполеон болбосо, ким болмок? Бешенесине жазылган тагдыр ташынанбы же тагдырына себепкер болгон Наполеондун өзүнөнбү?

Наполеон көп убакыт бою Генуэз республикасынын башкаруусунда турган Корсика аралындагы Яччодо майда аристократтын үй-бүлөсүндө туулган. 1755-жылкы төңкөрүштөн кийин Корсика генуэздик башкаруудан чыгып, өз алдынча мамлекет катары жергиликтүү бийлик ээси Паскуале Паолинин жетекчилигинде турган. Анын катчысы Наполеондун атасы эле. 1768-жылы Генуэз республикасы Корсикага болгон укугун француз королу Людовик XVге сатып жиберет. 1769-жылы май айында Понтенуоводогу салгылашууда корсикалыктарды француз армиясы талкалайт да, Паолини Англияга эмиграциялап жиберет. Салгылашта Паоли таң каларлыктай эрдик көрсөтөт. Бирок баскынчыларды жек көргөн корсикалыктардын сан жагынан аздыгы, куралсыздыгы жеңилүүгө дуушар болот. Ушул окуядан үч ай өткөндөн кийин Наполеон туулат. Балалыгында, куйма кулак кезинде ата-энесинен Паолинин эрдиктерин көп укканынанбы, анын элесин жүрөгүнө түнөтүп, 1790-жылдарга чейин өзүнүн кумирим деп эсептейт.

Атасы Карло Бонапарт, апасы Летиция Рамолино он үч балалуу болушат, бешөө ымыркайында набыт болуп, Наполеон тун баласынан кийинки экинчи уулу. Атасы өткөн тарыхта Корсика (Генуэзия республикасы) Конституциясын негиздөөчүлөрдүн бири болгонуна карабай, француздук жогорку бийликтегилерге баш ийген жана Францияда балдарына жогорку билим берүүгө мүмкүнчүлүгү жетишкен. Алгач анын балдары Аяччодогу шаардык мектептен билим алышат, кийинчерээк Наполеон жана анын ини-карындаштары математика менен жазуудан абатта окушат. Наполеондун кичинесинен эле шыктуулугу математика менен баллистикада байкалат.

Карло француздар менен кызматташуусунун натыйжасында чоң балдары Жозеф менен Наполеон (анын беш

уулу, үч кызы болгон) королдун стипендиясын алууга жетишет. Бул мезгилде Жозеф чиркөө кызматкери болууга даярданып жаткан. Ал эми Наполеонду бала кезинен аскер карьерасы кызыктырган. 1778-жылы ага-ини өспүрүмдөр аралды таштап, Отёнедеги колледжге француз тилин үйрөнүү максатында келишет. Ошого карабай, Наполеон өмүр бою француз тилин күчтүү акцент менен сүйлөгөн. Кийинки жылы ал Бриеннедеги кадет мектебине тапшырат. Колледжде ал өзүнө жакын дос таба алган эмес, анткени өтө эле бай үй-бүлөдөн болбогондуктан, байдын балдары менен мамилелешип кете албаган. Анын үстүнө патриотизмге сугарылган духтагы туулуп-өскөн аралын абдан сүйгөн, француздарды корсиканецтерге бийлик жүргүзгөнү үчүн жек көргөн улан эле. Так ушерде, Бриеннеде анын корсикалыкча айтылган аты-жөнү Наполеоне Буонапарте, француздук манерада Наполеон Бонапарт деп аталып калган. Окуп жүргөн мезгилинде да, балалыгы өткөн аралды сагынып, кусаланган. Математикадан өзгөчө ийгиликтерге жетишкенине карабай, гуманитардык илимдерди кыйынчылык менен өздөштүргөн. Айрыкча латын тилинен начар окуган, мугалимдери сынакка киргизбей коюшкан. Жазууда болсо көптөгөн грамматикалык каталарды кетирген. Бирок адабияттарды көп окугандыктан, көркөм ой жүгүртүүсү, көркөм ойлоосу жана көркөм стили тез калыптанган. Өзгөчө Александр Великий менен Юлий Цезардын персонаждары кызыктырып, сүйгөн каармандары болгон. Жаштайынан көп эмгектенген, билимдин ар түрдүү тармагындагы: саясат, география, тарых, стратегия, тактика, артиллериялык иш, философия боюнча китептерди казып окуган. «Королеванын шурусу» деген конкурста жеңип (өзү да таң калган), Париждеги королдун кадет мектебине кабыл алынат. Аерде гидростатика, жогорку математика жана мамлекеттик укук боюнча билим алат. Бала кезиндеги кумири Паолини эсинен чыгарбай, элестүү эрдигине шыктанып, жандүйнөсүндө ага окшошуп, Францияга болгон жектөөсү өзгөрбөй окутуучуларын эс-учунан тандырган. Бой көтөрүп, тийишкендер менен мушташа кетип, өзүнө санаалаш дос таба алган эмес. Кадет мектебинде адатынча өтө көп окуган, кең-кесири конспектилерди жазган. Баягы эле тил маселеси аны

кыйнаган. Немец тилин таптакыр өздөштүрүп, үйрөнө албай койгон. Канчалык аракеттенбесин тил үйрөнүүдө чайналып, кыйналып, сөз жаттай албай, кийинчерээк атагы таш жарган мезгилинде: «Ушу немецче бир сөздү кантип жаттоого болсун?» – деп, аны жактырбагандай, таң калып айткан.

1785-жылы 14-февралда атасы Карло дүйнөдөн кайтат, ал үй-бүлөнү башкарууну өз колуна алат. Салт боюнча чоң агасы алыш керек эле. Анын жүүнү бошураак, жоош, инисиндей бийликке умтулбайт. Апасына жардам бериш үчүн он бир жаштагы иниси Луини өз тарбиясына алат. Ошол жылдары ал мөөнөтүнөн мурда окуусун бүтүп, профессионалдык карьерасын Валанседе лейтенант чининде баштаган. 1788-жылы Осонго которулат, аерде өтө оор турмушта жашайт. Иниси менен күнүнө эки жолу сүт жана нан менен тамактанышат. Бирок ал өзүнүн көйгөйлүү турмушун, ачкалыгын эч кимге билдирбеген. Тишинин кирин соруп жүрсө да, сырттагыларга күлүпжайнап, бардар кишидей, ток пейил көрүнгөн.

Ал китеп окуганды, жазганды өтө жакшы көргөн. Көп убактысын түрдүү пландагы адабияттарды окууга жумшаган, көркөм романдардан тартып, окуу китептерине чейин үзүлүп түшкөн. Платондун эмгектеринен баштап, Вольтер, Пьера Корнеля, Лафатердин китептерин окуган. Жан Жак Руссо менен Гильям Райнал сүйүктүү авторлорунан болгон. Анын окууга, эмгекке болгон сүйүүсү жана жөндөмдүүлүгү замандаштарын таң калтырган.

## «Мага Пруссия королу капитан чинин берет» – деп кыйкырат

Анын аскер карьерасы жеңил болгон эмес. Хронологиядан оңой-олтоңдой туюлганы, окулганы менен Наполеондун жандүйнөсүнөн өткөргөндөрүн сезе алабызбы? Кеп ушунда.

Париж аскер мектебинен поручик чинин алып чыккан жаш жигит он жылдын аралыгында ошол кездеги Франция армиясынын чин өндүрүшүндөгү иерархиянын бүт

тепкичтерин басып өтүп, аскерий чиндердин баарын алууга жетишкен.

1788-жылы жаштык жигери кайнаган Наполеон орус армиясында кызмат кылууну каалайт, бирок кабыл алууну жүргүзгөн волонтёрлор анын сунушун четке кагышат. Анткени Туркиянын орус армиясы менен болгон согушун генерал-поручик Заборовский жетектеген. Көшөргөн Наполеондун орус армиясына кабыл алуу жөнүндө арыз берген мезгилден бир ай өтпөй эле, башка жактагылар кызматка алынса, чини төмөндөтүлөт деген буйрук чыгат. Буга ал макул болбойт, жаалы кайнаган жаш жигит тегерегиндегилерди көзгө илбей: «Мага Пруссиянын королу капитан чинин берет!» – деп кыйкырып, Пруссия королуна кызмат кыларын жар салат.

Анын биринчи аскердик тажрыйбасы Сардиния экспедициясына катышууда башталган. Анчалык чоң эмес артиллериялык батареянын командири подполковник Бонапарт башкалардан айырмаланып, максаттуу жумшалса да, ок, курал-жарактарды сактоого максимум күч-аракетин жумшайт.

1789-жылы ал дем алуу өргүүсүнө чыгып, өзү туулуп-өскөн Корсика аралына келет. Ошол мезгилде Француз революциясы жеңет, аны кош колдоп кубаттайт. 1793 - жылы Паскуале Паоло: «Корсиканы Франциядан көз карандысыз» – деп жарыялайт, бирок иш жүзүндө андай болбойт, муну Наполеон Улуу Француз революциясынын Паолонун идеясын бурмалаган чыккынчылыгы катары баалайт. Ал Корсиканын бийлик саясатына ачыктан-ачык каршы чыгат, натыйжада ага саясий куугунтук башталат. Ал сүйүктүү аралын таштап, Францияга кайтып келет.

1793-жылы Тулондо батальондун командири (майор чини менен тең) кызматына жетет. Акырында армиядагы регулярдуу артиллериянын башчысы болуп дайындалганда, Тулонду англичаниндерден бошотууда эң мыкты, эң жогорку тактикадагы аскер операциясын көрсөтөт. Тулондогу чоң жеңишти багындырат. Жыйырма төрт жашында (полковник менен генерал-майордун ортоңку чини) бригаданын генералына татыктуу болгон.

1794-жылы термидориандык төңкөрүштөн кийин Огюстен Робеспьер менен жеке байланышынын айынан эки жумадай абакта отурат. Командованиедеги конфликттен отставкага чыгат. Бир жылдан соң, 1795-жылы коомдук куткаруу Комитетинин топографиялык бөлүмүнөн кызмат алат. Термидориандыктар үчүн опурталдуу убакта, Париждеги жогорку бийлик чиниңдегилердин (Королдун да) кабак-кашына карабай дивизиянын генералынын чининде турган жана тылдагы аскерлердин жетекчиси болуп дайындалган.

Бир жыл өткөндөн кийин, тактап айтканда, 1796-жылдын 9-мартында Бонапарт якобиндик террордо өлтүрүлгөн генерал, граф Богарненин жесири, ошол кездеги Францияны башкаруучулардын бири Баррастын көңүлдөшү Жозефинага үйлөнөт. Баррас марттык кылыппы же «кантээр экен» деп, сынагысы келдиби, айтор, жаш генералга үйлөнүү үлпөтүнүн белеги катарында Италия армиясынын командири-башчысы кызматын берет. Бирок бул кызматка Бонапарт Карнону сунуштайт. Башка салса, айла барбы? Тагдырдын буйругуна баш ийген генерал кенебеген Австрия жана Сардиниялык аскерлердин эсинен кеткис сокку уруп, талкалап, Республиканын эң мыкты полководецтеринин катарында аты легендага айланат.

Наполеон менен Жозефинанын сүйүүсү жөнүндө замандаштары, тарыхчылар ар кандай пикирде. Бирок алардын бири-бирине жазышкан сүйүү каттары бүткөн бир көркөм чыгарма! Болгондо да аскер кишисинде кантип ушундай сөз байлыгы болсун дейсиң. Таңыркайсың, сонуркайсың, жандүйнөнүн дүрбөлөңүн мынчалык деңгээлде таланттуу жазуучулар гана бере алат дейсиң...

Наполеон менен Жозефинанын каттарын окуган адам экөөнүн ортосундагы кылдай назик, каакым гүлүндөй үлбүрөк, канаттуу, чар-тараптуу сезимдин чабытын, ойкырларын башынан өткөргөндө, жүрөгүн аңтар-теңтер аралаганда гана сүйүүнүн балын да, уусун да татып көргөндө ушундай деңгээлдеги кат жазышат деп көшөрүшөт. Андагы көркөм сөздүн кереметы, ойдун учкулдугу, жандүйнөнүн жаркыраган жазы менен кар ызгыткан бороошосу кадимкидей териңе тиет. Бул жөнүндө катардагы окур-

мандан тартып, поэзиянын жана прозанын көркөм сөз чеберлери, «менмин» деген мыкчыгерлери суктанышкан.

## «Жаңы аскерий жана саясий жылдыз» же жыйырма жылдык Наполеондук согуштар...

Ошентип, континенттин тарыхында жаңы эпоха, вулкандай атырылган кубаттуу ысымдын жаңырыгы ушундайча башталган... 1799-жылы Париждеги бийликтин кризиси өз апогейине жетет, ал мезгилде Бонапарт өз армиясы менен Египетте болот. Коррупциялашкан Директория революциянын жеңиштерин камсыздоого жөндөмсүз болчу. Италияда генерал-фельдмаршал А.В. Суворовдун жетекчилигиндеги орус-австриялык аскерлер Наполеон жасагандарды жок кылып, ал гана эмес Францияны басып алуу коркунучу чыккан. Ушундай кырдаалда Египеттен кайтып келген генерал ишеничтүү Жозеф Фушенин жардамы менен Директорияны жана бийлик өкүлчүлүгүн таркатып, 1799-жылдын 9-ноябрында консулдук режимин кийирет. Жаңы Конституцияга ылайык, Мыйзам чыгаруу бийлиги Мамлекеттик Кеңеш, Трибунат, Мыйзам чыгаруу корпусу жана Сенаттын ортосунда бөлүнүп, эч жардамчысыз, өзгөртүүгө болбогон ахыбалга келет. Аткаруу бийлиги бир муштумга бириккендей, биринчи консулга, тагыраак айтканда, Наполеон Бонапартка баш ийдирилет. Экинчи жана үчүнчү консулдар бар болгону кеңеш берүү добушуна ээ болушкан. Конституция плебисцитеде эл тарабынан жактырылган, колдоого алынган. Кийинчерээк Наполеон өмүрүнүн акырына чейинки ыйгарым укуктарын (полномочий) жөнүндөгү декретти Сенат аркылуу өткөргөн. 1804-жылы ал өзүн французтардын императору деп жар салган. Наполеон Францияда бийликке келген мезгилде өлкөнүн Австрия жана Англия менен согуш оту туталып калган мезгил эле. Ал өзүнүн биринчи италиялык жүрүшүн эске салат да, кебелбеген Альпы тоолорунан өтүп, Түндүк Италияда капилет пайда болот, жергиликтүү калк менен жолугуп, 1800-жылы Маренгодогу согушта күтүлбөгөн

жеңишке жетишет. Ошондон кийин Франциянын чегарасындагы коркунуч тыйылат.

Толук кандуу диктатор болуу менен ал өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшүн түп-тамырынан өзгөрткөн. Ал эми ички саясатында өзүнүн жеке бийлигин чыңдоо менен революциянын натыйжаларын сактоого, мисалы, жарандык укук, дыйкандардын жерге болгон укугун (1804-жылы Жарандык кодекс кабыл алынган, ал тарыхка Наполеондук кодекс катары кирген) жана революция учурунда чиркөөнүн, конфискацияга алынган эмиграннттардын жерлерин кимдер сатып алган болсо, кыскасы, улуттук байлыктарды коргогон. Ошону менен бирге административдик реформаны жүргүзгөн, шаарда жана айылдарда мэрлер дайындалган. Алтындын запасын жана кагаз акчанын эмиссиясын сактоо үчүн мамлекеттик Француз банкы негизделген. Эң кызыгы, 1936-жылга чейин Француз банкындагы башкаруу тармагы эч өзгөрбөгөн, олуттуу өзгөртүүлөр киргизилбеген, башкаруучусун жана орун басарын Өкмөт дайындаган. Өзү кабыл алгандагы өлкөнүн оор, кейиштүү каржылык абалынан улам император бардык тармакка катуу үнөмдөөнү, сарамжалдуулукту кийирген. Каржы министри бюджетке (казынага) түшкөн каржылык төлөмдөргө жооп берсе, казначей министри канча каражат, кайда жумшалгандыгы тууралуу отчет берген, анын ишмердүүлүгүн Эсеп палатасы өзүнүн жүздөй кызматкерлери менен такай көзөмөлдөгөн. Кыскасын айтканда, Наполеондун административдик жана укуктук жаңы киришүүлөрү азыркы Франция мамлекетинин түптөлүшүнө негиз болгон, алардын көпчүлүгү бүгүнкү күнгө чейин өзүн өзү актап келатат. Ал эми ошол мезгилде түзүлгөн билим берүү тармагы, орто мектептер, лицей жана жогорку билим берүү жайлары – Нормалдуу жана Политехникалык мектептер, азыркыга чейин Францияда престиждүүлүгүн жоготподу. Император коомдук пикирдин коомчулукка кандай таасир этерин жакшы түшүнүп, Париждеги жетимиш үч басылманын алтымышын жаап, калганын өкмөттүн көзөмөлүнө өткөргөн. Анын күч түзүмдөрүндөгү, дин эркиндиги жөнүндөгү мыйзамдары өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

## Европанын жүзү өзгөргөнү менен...

1796–1815-жылдардагы Наполеондук согуштар Европанын жүзүн өзгөрткөнү менен бир канча карама-каршылыктарды да пайда кылды дешет тарыхчылар, Наполеонду изилдөөчүлөр. Биринчиден, Француз аскерлери өзүлөрүнүн штыктары менен Европа элине эркиндик идеясын алып келишкени, чындыгында, Европадагы феодалдык түзүлүштөгү, айрыкча, Австрия менен Пруссия сыяктуу улуу державаларга биротоло чекит коюшкан. Ошону менен бирге, ошол элдин алдында Наполеон өзүн «деспот» катары көрсөтүп, канчалаган кубаттуу улуттук-боштондук кыймылына (Германия жана Испанияда) жол ачкан. Экинчиден, анын Европа мамлекеттеринде өзүнүн согушун баштап, бүткүл Европага Францияга бийлигин орнотууга умтулушу, континенттердеги күчтөрдүн тең салмактуулугун бузууга алып келген. Үчүнчүдөн, мындан аркы «кан салыгы» элдер үчүн чыдай алгыс, токтотууга мүмкүн болбогон деңгээлге жетиши улуу империянын кыйрашына түрткү берген.

## Империянын кризиси

Наполеон башкарган биринчи жылдары анын саясатын калктын калың катмары, жер ээлери гана эмес, жумушчу жана кедей-кембагалдар да колдошкон. Экономикадагы өсүштөр эмгек акынын көбөйүшүнө алып келген, ал туруктуу аскерге алуу менен коштолгон. Наполеондун жеңиши улуттук духту көтөрүп, сыймыкка бөлөп, улуттук жандануусун пайда кылган. Өзү революциянын кишиси болгону үчүн анын тегерегиндеги атактуу маршалдар, мыкты аскер башчыларынын көпчүлүгү төмөнкү катмардан чыккандар эле. Бирок Франциянын жалпы эли жыйырма жылга созулган согуштан чарчап, тажашкан. Аскерге алууда наразычылыктар көбөйгөн, ага

1810-жылдагы экономикалык кризис кошул-ташыл болгон. Буржуазия экономикалык жактан бүткүл Европаны баш ийдирүүгө мүмкүн эмес экендигин түшүнгөн, аймактардагы согуш өз мазмунун жоготуп, ага кеткен каражаттар, чыгымдар аларды кыжырланткан. Франциянын коопсуздугу эч коркунуч туудурбаганы менен сырткы саясатта императордун өз бийлигин жайылтууга умтулушу, династиянын кызыкчылыгын камсыздоодо чоң роль ойногон. Мына ушунун айынан ал биринчи аялы Жозефина менен ажырашып (андан бала көрбөгөн), Австриянын императорунун кызы Мария - Луизага үйлөнөт. Андан Наполеон II Бонапарт (1811–1832) аттуу уулу болгон.

Ал Жозефинанын мурунку күйөөсүнөн балдарын багып алган. Лейхтенбергдин герцогу Евгений де Богарне (1781–1824) жана Гортензия де Богарне (1783–1837), герцогиня де Сен-Ле, Голландиянын королевасы Жозефина де Багорненин биринчи күйөөсүнөн эки аталаш жээни Стефания де Багорне (1789–1860) Бадендин улуу герцогиниясы болушкан.

Наполеондун никесиз байланыштары да көп болгон. Элеонора Денюель де Ла Пленье, Мария Лончинская, Александра Валевская жана Альбина де Васоль, Жозефина Наполеоне де Монтолондор менен өмүр жолунда жашыруун кездешип, кайсы бир деңгээлде алар да издерин калтырган.

Наполеондун союздаштары континенталдык блоканы өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн кабыл алышканына карабай, аны катуу сактоого умтулушпаган. Алар менен Франциянын ортосунда ич күптүүлүк күч алган. Айрыкча, Россия менен Франциянын карама-каршылыгы күчөгөн. Ошол эле мезгилде патриоттук кыймылдар Германияда, Испанияда от алган. Император падыша Александр I менен мамилесин үзүп, Россияга согуш ачат. Ар кандай уруулардан турган эбегейсиз армиянын мурункудай революциялык духу жок эле. Россиянын талаасында барган сайын алдан тайып бараткан... 1812-жылдагы дүйнөлүк биринчи согушта орус армиясы улуу Империянын ойрондолушуна чекит коёт.

## «Амир Темирдин темир торунан да жаман...»

Жеңилүүгө дуушар болгон Наполеондун ички кайгысын айтып бүтүүгө болбостур... 1814-жылдын 12-апрелинен 13нө караган түнү ал өзүнүн бир канча кызматкерлери, дарыгери жана генерал Коленкур менен калат. Ал жалгыз калганда өзүн өзү өлтүрүүнү чечет... Малаярославскийдин алдындагы согуштан кийин дайыма жанына уу алып жүрөт. Ал уу ичет... Бирок көпкө сакталган уу таасирин жоготот да, Наполеон тирүү калат. Союздаштары монархиянын чечими менен аны Жер ортолук деңиздеги кичинекей арал Эльбага сүргүнгө айдашат.

Жарашуу, элдешүү жарыяланат. Францияга Бурбондор, эмигранттар кайтып келишип, өздөрүнүн мал-мүлкүн, кызматын кайтарууга киришет. Бул француз коомчулугунда жана армияда нааразычылык жана коркунуч туудурган.

Күзөттөн эптеп жашырынып, Наполеон 1815-жылы 26-февралда Эльбадан качат. Улуу полководецти француздар кубанычтуу кыйкырык-сүрөөн менен тосуп алышат. Ал Франциядан кетүүгө аргасыз болот да, Великобритания өкмөтүнүн кең пейилдигине ишенип, мурунку душманы англичандардан саясий башпаанек алууга ниеттенип өз каалоосу менен Плимута портундагы Англиянын согуш корабли «Беллерофонго» келет. Бирок англичандар министрлер кабинети башкача чечет. Аны Атлантикалык океандагы Ыйык Елена аралына алып барышат... Аердеги Лонгвуд поселкасында өмүрүнүн акыркы алты жылын өткөрөт. Ушул чечимди укканда, Наполеон Бонапарт каңыры түтөп: «Бул Тамерландын темир торунан да жаман! Эгер менин эркиме коюшса, Бурбондорго беришсе жакшы болоор эле... Мен силердин мыйзамыңарга баш иет болчумун. Өкмөт алардын ыйык каадасалтын жокко чыгарып жатат. Бул өлүм жазасына кол койгон менен барабар!» – дейт. Англичандар атайын

Ыйык Еленаны тандашат, анткени анын Европадан алыстыгы майдай жагып, император кайрадан качып кетпесин деп чочулашат.

Наполеонго узатып жүрүүчү офицерлерди тандоого уруксат беришет. Ыйык Еленада аны үч миңдей солдат кайтарган. Анын ар бир кыймыл-аракети тыкан көзөмөлдөнгөн. Аралдын жагымсыз климатынан анын ден соолугу күндөн-күнгө начарлай берген... Буттары шишип, оң бөйрөгүнүн оорусу күчөгөн. Кара мүртөз өлүм каңшаары жакындап келатканын өзү туйган. Аманатын айтып калууга үлгүргөн. Аны жан чыдагыс курч жана кыйноонун тозоктой оорусу канын соруп, жанын алып тынган...

Наполеон Бонапарттын өздүк буюмдары, жактырган нерселери ар кайсы согуштардан эпизоддор, улуу полководецтин бүткүл өмүрүнөн баян кылган тарыхый эстеликтер эмне деген байлык. Согуш өзүнчө искусство, анын тактикасын шахмат талаасындагы фигуралардай өздөштүрбөсөң, жеңиш менен жеңилүүнүн санатындай санаа жоктур бул дүйнөдө дегенсийт...

Эми, король жөнүндө эки ооз сөз айта кетейин. Людовик XIV 1643-жылы атасы Людовик XIII көз жумганда, беш жашында такка отурат. Франциянын тарыхында эң узак өмүр сүргөн, жетимиш эки жыл мамлекетин башкарган, өмүр таржымалы легендага айланып, ал жөнүндө көптөгөн көркөм чыгармалар жазылган. Анын «ит кыялына» чыдаган монархия, өмүрүнүн акыркы мезгилинде «качан көзү жумулат» деп аңдыганы, бийликтин кумары балдарын, неберелерин тынчытпаганы тарыхтан белгилүү. Король карыганда: «Аны алжып калды» – деп, ар кандай айлакерлик менен тактан кетирүүгө аракеттенген интригалар, саясий оюндар, королдук престолдун кымбатка түшкөнүн тарыхчылар көп айтышат. Мегежиндей тырышкан королду «акылдан азды» деген кепти төгүнгө чыгарткан, бет чүмбөтүн канчалык түрлөшпөсүн, ошончолук оюну ойрон болгон спектаклдер канча...

Версаль дворецинде король Людовик XIVтүн үй-бүлөсүнүн кийинки мууну жарык дүйнөгө келген. Филип V (Испаниянын королу), Людовик XV, Людовик XVI, Людовик XVIII туулган. 1715-жылы Людовик XIV жа-

рыкчылык менен коштошкондо, француздук престол анын небереси Людовик XVке өтөт, ал 1774-жылга чейин Францияны башкарат.

Король өзүнүн резиденциясын абдан жакшы көргөн экен. Жеке багында жалгыз сейилдегенди жактырган. Король келатканда чый-пыйы чыккан кызматкерлери багындагы кымындай чөп-чарды жаткырбай, күзгүдөй жаркыратып кармашчу экен. Король басып жүргөндө, сансыз фонтандардын кайсы биринен суу чыкпай калса, мүчүлүштүктү билдирбеске баш жагындагысын же аягындагысын өчүрө коюп, бардыгы «Окей!» дегендей түр көрсөтүшкөн. Азыркыга чейин королдун жеке багына эч ким кирбейт, эч кимге уруксат берилбейт. Өйдөдөгү кырдан туруп көз салганга болот.

Версаль Франциянын административдик жана саясий борбору катарында эбегейсиз мааниси бар. Ал гана эмес, Версаль двореци немецтик-француз тарыхында өзгөчө роль ойногон. 1870–1871-жылдары Франко-пруссиялык согушта Франция жеңилип калат. Күзгү галереясын өзүнүн штаб-квартирасына айланткан Германия империясы, анын кайзери Вильгелм I атайын француздарды кемсинтиш үчүн так ошол галереяда отуруп, тынчтык келишимине кол коёт. Бөтөн бирөө сенин төрүңдү ээлеп, каалаганын жасагандай кеп эмеспи. Ал эми биринчи дүйнөлүк согушта жеңилген Германия империясын шылдыңдаган француздар тарыхый жактан жооп кайтаргансып, Версаль келишимине ошол эле жерде кол коюшат. Ал эми экинчи дүйнөлүк согушта Версаль немецтик-француздук жараштыруунун орду катары кызмат кылат. Елисей келишимин эстеңиз...

Европадагы дворецтердин көпчүлүгү Версалдын таасири менен курулганын айтпасак болбойт. Версалды түздөн-түз көчүрүп алган эч ким болгон эмес. Ал канчалаган доордогу европалык монарх, аристократ, дворяниндердин көзүн күйгүзүп, шилекейин агыздырбаган, ошентсе да өзүнө таандык керемети менен XXI кылымды да тамшандырып келет. Россиянын падышасы Петр I да Версалды көргөндөн кийин Петербургда (азыркы Санкт-Петербург) Эрмитажды курдурган. Мындан башка Потс-

дамдагы Сан-Суси, Венадагы Шенбрунн, Гатчиндеги жана Петергофедеги Чоң дворец, андан башка Германия, Австрия, Италиядагы көз жоосун алган архитектуралык ансамбл-дворецтер салынган.

Версаль – коздуктун, сулуулуктун кайталангыс үлгүсү. Андагы көркөм-архитектуралык ансамблдер, дворец-парктардын уникалдуу ландшафты абсолютизм идеясында чагылдырылып, бүткүл Франциянын тарых-таржымалын айгинелеген жандуу эстелик. Версаль – франциялык классицизмдин гүлдөгөн доорунун эң сонун мезгили.

## Моно Лиза – Луврда

Музейге кирип бараткаңыбызда: «Мындагы экспонаттардын, шедеврлердин жана классикалык эмгектердин түп нускасын Эрмитраждан да көргөнбүз деп жүрбөгүлө. Экинчи дүйнөлүк согушта фашисттик Германия Францияны басып алганда, немецтер музейдеги көптөгөн байлыктарды талап-тоноп, өз мекенине алып кетишкен. Фашизм жеңилгенден кийин чылк алтынга тете эмгектерди ал жерден орус солдаттары Россияга ташышкан. Ушундай капсаландуу тагдырга кабылган шедеврлердин анча-мынчасы жоголуп да кеткен.

Согуштан кийин Франция бийлиги изилдеп-иликтеп, бир-экиден чогултуп, көпчүлүгүн кайра өз ордуна алып келишкен. Эсиңиздерде болсун, адамзаттын баалуу мурастарынын түп нускалары биздин гана музейде сакталуу» – деп айтты гид аял.

Лувр музейи дүйнөдө эң чоң, ири музейлердин бири. Жертөлөсүн кошо эсептегенде үч кабаттуу. Ар бир кабатында Франциянын биздин эрага чейинки мезгилинен тартып, XXI кылымга чейинки улуу тарыхы жатат.

Музейде улуу императордун доору кандайча башталып, кандайча аяктаганын баяндаган өзүнчө бир доор жатат...

Ошол кездеги галлдардын мекени азыркы Франция аймагы болгон. Алардын ынтымаксыз, уруу-уруктарга

бөлүнүшү сырткы душмандарынын чырагына май тамызган. Галлиянын түштүгү да римдиктерге караган, ошол галлдардын өлкөсүн басып алуу максатында Юлий Цезарь аларга каршы согуш баштайт. Римдиктер токойлуу, саздак жерде согушуудан абдан кыйналышат. Алар басып алуучуларга каршы канчалык аракеттенишпесин, согушта такшалган Цезардын легионерлерине туруштук бере албай жеңилүүгө аргасыз болот. Галлиядагы согуш сегиз жылга созулат, мына ошол кандуу кармаштар Юлий Цезардын мыкты уюштургуч аскер башчы экенин, анын жоокердик өнөрүнүн көп кырдуулугун, талантын көрсөтөт. Галлиядагы жүз миңдеген туткундарды колго түшүрүп, аларды кулдукка сатышат. Галлдардын кудайларга багыштаган алтындары сакталган касиеттүү жайларын талап-тоношот. Цезардын жоокерлеринин маянасы басып алган олжолордун эсебинен эки эсе көбөйтүлөт. Римде анын атынан кедейлерге бекер эгин таркатылып берилет. Жоокерлерине болсо жер берем деп убада кылат.

Галлияны багындыргандан кийин Юлий Цезарь Римди көздөй жол тартат. Анын максаты Республикага каршы козголоң баштоо эле. Ал өзүнүн эбегейсиз байлыгына, түмөндөгөн аскерлерине таянып, жогорку бийликти ээлеп, сенатты багындырып алгысы келген. Рубрикон дарыясы аркылуу өтүп баратып, бир азга аярлап, терең ойлонот. Анткени анын алдында эки нерсе: чексиз бийлик жүргүзүү максаты жана маскара өлүм күтүп турганын өжөр аскер башчысы жакшы түшүнгөн. Арабасын токтотуп, көпкө түйшөлгөн соң, көкүрөгүнө тынчтык бербеген, бийлик кумарынын азгырыгынан чыга албай: «Тагдырга салганын көрөм, бар тобокел...» – деп алдыга аттанат.

Сенаттын аскерлери ар кайсы провинцияларда чачыранды жайгашкандыктан, сенат дайындаган аскер башчысы Помпей Цезардын жел жорткондой жүрүшүнөн чочулап, шашкалактап даярданууга жетише албай калат. Жада калса коргонууну уюштура албаган Помпей жашырынып, Римден качып кетүүгө мажбур болот.

Көптөн бери даңазасы таш жарган Цезарды жергиликтүү эл, кул ээлөөчүлөр менен «Цезарь биздин турмуш абалыбызды оңдойт» деген үмүттөгү кедейлердин бир

бөлүгү жакшы тосуп алышат да, анын тарабына өтүшөт. Цезардын шамдагай, эр жүрөк армиясы эч кандай тосқоолдуксуз эле Римди, анын соңунан бүткүл Италияны ээлеп алышат.

Өч алууну эңсеген Помпей Балкан жарым аралында чоң армия курай баштайт. Аны билип калган Цезарь өз легиондорун ал жакка шашылыш жөнөтөт. Согушуп жатканда Цезарь Помпейдин планын илгерилетпей түшүнөт да, буктурма уюштуруп, душманынын таш-талканын чыгарат, аман калгандары өздөрү келип, колго түшүп берет.

Мурун-кийин болуп көрбөгөндөй жеңишке жеткен Цезарь чоң салтанат менен Римге кайтып келет. Жолдо келатып, Клеопатра менен болгон ысык мамилесин эстеп, анын элеси сыйкырлагандай, ошол сыйкырдын күчү жан-дүйнөсүнө жагып, эрксиз тартыла кайра көрүүгө дегдеткенинен эмнегедир шашылып да жатты... Билимдүү ханыша өз мезгилинде сегиз тил билген, сулуу болбогону менен ажары жанып, көргөн кишиси табышмактуу тартылаары өзүнө да, өзгөгө да сезилбеген акылдуу айым Птолемеевдер династиясынын биринчи фараону Клеопатранын айжаркын элеси Египетке кайрадан чакыргансыйт.

Албетте, экөөнүн махабат таржымалы жөнүндө тарыхчылардын, изилдөөчү окумуштуулардын (алар тарыхый фактыга негизденишет) кырды бычак талаш - тартышын жаратып келет. Бул биздин заманга чейинки качанкы доордогу окуялардын кагаз бетинде калбаганы, илимий негизде такталбаганынан (канча деген согуш - кыйроолордун кесепетинен жок болгон), ал эми археологиялык казуулардан Клеопатранын баалуу ташка чегилген башынын статуясынан түспөлү эркекке окшош, сулуу деп айтууга болбогон ханышанын эстелиги калды. Канткен менен акылдуулугу, көрө билгичтиги жана даанышмандыгы менен бир туугандар ортосундагы бийликке болгон күрөштө, тымызын так талашында кандай жол менен болсо да мөрөйдү өзүнө ыйгарган амалдуулугун, айлакерлигин жана эч нерседен кайра баш тартпаган көк жалдыгын моюнга алган оң. Ошол аялдык көк жалдыгына (бекеринен Египеттин ханышасы болбогон да) бийликке кумарпоздугу

жуурулушуп, анын назик, келишимдүү турпатынан, тилинен бал тамызган сөзмөрлүгүнөн бүткүл Римди «кыңк» эттирбей багындырган титан Юлий Цезардын жүрөгүнөн түнөк таап, сүйгөнүнө айткан-дегендерин, өз кызыкчылыгы үчүн «лам» дедиртпей аткартпадыбы.

Мындай нерселер тарыхта кайталанбайт деп эч ким айта албайт, кепилдик да бербейт. Биздин тунгуч Президентибиздин доорунда биринчи канайым күйөөсүн «той генералындай» такка отургузуп коюп, өлкөнү башкарууну, айрыкча кадрларды кызмат коюу, тандоо миссиясын өз колуна алышы акыр түбү ал жакшылыкка алып келбегенин кыргыздар жакшы билебиз.

Илгерки кексе карылар, дааныпман аксакалдар жакындарынан чоң кызматка барса, «А» тамгасынан аттуудан этият бол деп кеңеш беришкен. Амал (кызмат), Акча жана Аялдан алысыраак болсоң, түз жүрүп, түз иштесең, эл ишенимине ээсиң, эл уулу болосуң. Ушул үчөөнө жакын болсоң, алыс-жакындагы душманыңдан эмес, колуңдагы, койнуңдагы жана колтугуңдагы ушулар түбүңө жетип тынат деп акыл айтышкан. Бул турмушта далилденген, алмустактан бери айтылып келген чындык.

Анын кадыр-баркы ансайын көтөрүлүп, жогорку даражадагы сенат менен консулдар анын буйругун кыйшаюусуз аткарып турушат. Юлий Цезарь «император» деген наамга ээ болот, бул латынча «бийлөөчү, өкүмдар» деген маанини түшүндүргөн.

Кудурети күчтүү императорго падыша катары урмат менен мамиле кылышат. Ал тургай анын сүрөтү монеталарга чегерилет, анын статуясын Олимпиялык кудайлардын статуялары менен катар коюшат. Мына ушундай кудуреттүү жана даңазалуу императордун түбүнө так ошол сенаттагы анын бийлигин көрө албаган, саясатын жактырбаган, өзүлөрүнүн амбициясы ашынып, Римде аристократиялык республиканы сактап, бийликти өздөрүнүн колуна кармап тургусу келишкен сенаторлордун кутуму жетет. Жашыруун кутумду уюштуруучулардын башында Цезардын «жакын досум» деп эсептеген Брут аттуу адам турган.

Биздин заманга чейинки 44-жылы сенаттын кезектеги отуруму өтүп жатканда, Цезарь тыныгуудан кийин кирип бараткан жеринен сенаторлор курчап алып, коюндарына катылуу шамшар менен жыйырма үч жерине сайып өлтүрөт.

Улуу өкүмдардын өмүрүн баяндаган дал ошол тарыхый көз ирмемдердин, баяндардын катарында мурасчылары Антоний менен өзүнүн тууганы Октавиан Августтун республикачыларга каршы күрөшүп, алардын жазасын колуна берип, жалпы макулдашуунун негизинде бийликти сенатка жана Римдин элине өткөргөн, республиканы кандайча калыбына келтиргени көз алдыга тартылат.

Ал жерде биздин эрага чейин Юлий Цезарь жетектеген Галлдагы согуштун натыйжасында Рим империясына Галлия провинциясы катары кошулуп, 486-жылы Франция мамлекети түзүлгөнү, канчалаган өлкөлөр менен болгон согушу, айрыкча Англия менен жүздөгөн жылдардагы согушунан тартып, император Наполеондун мезгили, Улуу Француз Революциясы, II, III, IV Республикалар кандайча калыптанганы, бүгүнкү V Республиканын басып өткөн жолу бар.

Адам баласынын сабатын ачып, алгачкы илимдин, риторика, диалектика, арифметиканы үйрөткөн эстеликпанолор XVI кылымдагы белгилүү сүрөтчү Сандро Ботичеллонун эмгегинен башталат.

С.Ботичеллону (Ренесанс) Баштапкы Кайра Жаралуу доорунун карлыгачы деп атаса жарашат. Анын «Веналанын төрөлүшү» («Рождение Венеры») деген белгилүү эмгеги сүрөт искусствосуна төңкөрүш жасап, турмуштан көчүргөндөй элестүүлүгү, сүйлөп жиберчүдөй жандуулугу, нагыз ынанымдуулугу менен айырмаланып, өз доорунун үнүн, мүнөзүн, боёгун дал өзүндөй көчүрүп бергендей туюлат. Катар тизилген эмгектердин кайсынысын караба, кандайдыр бир сыйкыры менен өзүнө арбап, тушап турушкансыйт...

Ал эми Жогорку Кайра Жаралуу доорунун титандары Леонардо до Винчинин «Жакондо» («Джакондо»), Рафаэлдин «Сикстиндик мадонна» («Сикстинская мадонна»), Микеланджелонун «Айбаттуу сот» («Страшный суд»)

деген эмгектерин деминди ичиңе катып көрөсүң, көзүң тойбойт. Деңиздеги айбаттуу толкундардай, өз мезгилинин чыгаан акындары Франческонун поэзиясы, Петрарканын «Ыр китеби» («Книга песен»), Джованни Боккачонун «Декамерон» новеллалары китепте эмес, өзүлөрүнүн элеси чегерилген сүрөттөрүндө ырдап беришкенсийт…

Ошол мезгилдеги төбөгө жаңгак чаккан диндин (католик) сесинен, ур-токмогунан коркпой, антикалык салтты өөрчүтүп-өркүндөтүп, жаңыртып, жылаңач адамдын, ургаачы менен эркектин денесинин сулуулугун даңазалаган белгилүү скульпторлор Донателло, архитектор Филипп Брунеллеский, «маньеризм» агымынын негиздөөчүлөрү портретисттер Якоп Понтормо, Анджело Бронзино, живописчилер Паоло Веронезе, Якоп Тинторенттонун эмгектери көркөм дүйнөнүн баалуулугун, мартабасын ого бетер көтөрүшкөнсүйт. Буюрса, көркөм сүрөт өнөрүнүн биринчи сабында турган өкүлдөрдүн бири, өмүр жолу табышмактуу, нарксыз мурастары кайталангыс Рембранд Харменс Ван Рейн жөнүндө өзүнчө сөз айтабыз. Ошентип, сүрөт искусствосунун улуу корифейлери Леонардо до Винчи, Рембрандттан тартып, Француздук Кайра жаралуунун гүлдөгөн мезгилиндеги өкүлдөрүнүн баа жеткис эмгектерин көрөсүз.

Атактуу Моно Лизанын (Жаконда) түп нускасы өзүнчө бир залды ээлеп, туристтерди магниттей тартып турат. Кайсыл жагынан караба, Моно Лизанын сүзүлгөн көз карегинен от учкундагансып, сени арбайт да, жылдырбай тушайт. Эмнегедир бул эмгекти түбөлүктүү, касиеттүү табышмак десе болчудай. Моно Лиза тартылгандан бери адамзаттын башы катып, анын сырларын иликтеп-изилдеп түгөтө албай келет. Канчалык табышмагын жандырып, боёкторун термелеп, түстөрүн түрлөп, микроскоптон анализдеп кылма-кыл ажыратышпасын, эмне менен тартылганын, кандай сыйкыры бардыгын биле албай келет. Эң кызыгы, XVI кылымда жаралган эмгектин сыры технология өнүккөн XXI кылымда да чечилбей келет… Ал жөнүндөгү эмгектердин саны жоктур. Анын сырларын ачмакка кандай гана адистиктеги кесипкөйлөр, өнөр ээлери, кыл калемгерлер жана технарлар тартыл-

бады. Канчалык тереңдеп казган сайын, ошончолук ажарланып, ансайын купуяланып, табышмагы ажырыктап, жандырылбай келет. Бир гана жолу калды, эгерде колдон келсе, Леонардо до Винчини тирилтип, өзүнөн сурайт окшойбуз?.. Анткени ушул залга кимдер кирбесин, жашкары, улуу-кичүү дебей, бир-эки сааттай ордунан кыймылдабай, жата калып, тура калып, тизелеп, полго кынтая калып карап туруудан тажабаганын өз көзүм менен көрдүм.

Байыркы грек академиясы маданияттын туу чокусу экени талашсыз. Анда адамзааданын даанышмандары, ойчулдар Платон, Сократ, Аристотелдер билим алышкан. Байыркы Грецияда улуу окумуштуу Архимеддин окуусу өз жемишин берип, ал руханий азыктан бүткүл жер жүзүндөгү адам баласы азыктанган. Мына ушундай ой Олимпиялык кудайлар турган залга киргениңизде мээге «кылт» этет. Көрсө, байыркы гректер көп нерсеге баш оорутушкан экен. Алар табияттан тышкары ар кандай сыйкырдуу күчтөрдүн бар экенине бөркүндөй ишенишкен. Ал гана эмес, суу-таштын, жер-токойдун, тоонун, булактардын колдоочусу (ээси) бар деп ишенишкен. Гректердин ою боюнча башкы Кудайлар Олимп тоосунда жашайт. Ошондуктан аларды Олимпиялык кудайлар деп аташкан. Алар бул жөнүндө оозеки айтып тим болушпастан, акылэстин, көркөм ойлоонун, фантазиянын, ой чабытынын жана кол өнөрчүлүгүнүн күчү менен кудайлардын элесин асыл таштарга чегерип, статуяларын жасашкан.

Залдан залга өтөөрүң менен биринен бири мазмунмааниси, турган турпаты менен айырмаланган статуякудайлар заңкаят. Мифология боюнча адегенде дүйнөнү **Гея** (Жер) жана **Уран** (Асман) кудайы башкарган. Адам күнөө кылган болсо, ыйманын жеп, карасанатайлыгын карматса **Зевс** (чагылганды жана күндү күркүрөткөн кудай) жазалайт деп ишенишкен.

Ааламды алаканына кармап турушкан Кудайлардын баш сабында Олимпия кудайы **Апполон** турат. Өтө даңазалуу улуу баатыр **Гераклга** сөз жок деңизчи. Жер жүзүн эки нерсе сактайт, ал сулуулук менен сүйүү кудайы **Афродита**. Жаратылышта ашыкча эч нерсе жок, ууга чыккан-

да туш келгенди окко тосо берүү жарабайт, аңчылык кудайы **Артемида**. Мен жер бетиндеги жан бүткөндүн баарына тегизмин дейт күн кудайы **Гелиос**. Сүйүүнүн тамыры чексиз, сүйүүсүз жашоо жок дейт сүйүү кудайы **Эрот**.

Ааламдагы эң күчтүү, эң акылдуу жана эң коркунучтуу, эң табышмактуу жан – бул эки буттуу, жумуру баштуу Адамды жеңүү кыйын, ак ниет, адал жана адилет жеңиштин салтанатын жактаган **Ника** – Жеңиш кудайы пендесинин алдынан айланчыктап эч чыкпайт. Күн болгон үчүн түн болот, күнсүз-түнсүз жашоо огунан ажырайт, экөөнү жуурулуштуруп кармаган **Селена** – Айдын кудайы дайыма бар болсун. Жер бетинин үчтөн бир бөлүгү кургакчылык, калганын суу ээлесе, анын ээси **Посейдон** –деңиздин кудайы теңчиликти жактырат. Айбаттуу да, сүрдүү да, даңктуу-даңазалуу Олимпиялык кудайлар «руханияттын өзөгүбүз» дешкенсип кебелбейт, алар сага энергия тартуулап тургансыйт.

Франциядан кайтып келатып, түпсүз ойго чөмүлдүм. Бүткүл адамзаттын тарыхый баалуу мурасын байытуу, алтын казынасын толтуруу үчүн Европа мамлекеттериндей маданий объектилер: театр, музей, эс алуу жайы болобу же гигант курулуштарында улутка таандык мүнөз-белги, дүйнө тааным, көз караш, улуттук колорит сыяктуу эч кимге окшобогон артыкчылыкка ээ болгондо гана кылымдар кыйырында көөнөрбөй жашайт тура. Ал эми биздин өлкөдөгү курулушта кыргыз улутуна таандык өзүнүн архитектурасы али көз ача элек. Улуттук кийимдерибиздеги дизайндерди эске албаганда, курулуштун түпкүлүктүү элге таандык дизайны иштелип чыкпады. А биздеги кайсы тарыхый жайларыбызды оңдоп-түзөп, мурунку калыбына кайра келтиргенибизде гана сыймык менен өзүбүздүкү экенин далилдей алабызбы? Бурана менен Өзгөн мунарасынбы же Кошой-Коргон менен Саймалуу-Таштыбы? Же болбосо теңдешсиз руханий байлыгыбыздын туу чокусу «Манас» эпосубузду дүйнө жүзүнө белгилүү Чыңгыз хандай таанытыш үчүн эмнелерди жасоо керек?

Кичине элбиз, чакан мамлекетпиз деп, башка салганды көрөбүз таризинде жүрө бербей, аракеттенсек, изде-

нип, эмгектенсек мүмкүн дүйнөлүк цивилизация чордонуна алып барчу өзүбүздүн жолду таап аларбыз?..

Кечээ, айталы, союз мезгилинде сен үчүн кимдир бирөөлөр курушса, жашоо-турмушубузга нааразылана, эмоциябызды кармана албай талкаласак (Кыргызстандагы төңкөрүштөрдө канча мамлекеттик мекемелер жана менчик үйлөр талкаланды, өрттөлдү), кайсы жолду тандаган боо-буз? Кылымдар кыйырын басып келген көөнө улуттун намысына тийген нерселер элибиз үчүн жат, көчмөн элдин урпактарына, келечек муундарына мурасталган күрөшчүл, эр көкүрөк, мекенчил мүнөзүнөн азырынча жана элек. Үмүт шооласы бүлбүлдөп, чоң жолго чакырат.

## Тартип менен тазалык өкүмүн бербеген Германия

Бишкек–Москва–Франкфурт-на-Майне рейси аркылуу Франкфуртка конгондо, немецтердин убактысы боюнча түнкү он бирге чамалап, караңгыдан көз байланып калган эле. «Франкфурт», «Домодедова» аэропортторунун жанында «Манас» аэропорту кичирейгенден кичирейип көрүнөт. Европа континентиндеги чоңдугу боюнча Англиянын Хитроусунан кийинки экинчи орунда турган аябай чоң аэропорт Франкфурт-на-Майненики. Андан дүйнөнүн түгөл бурчуна күн-түн дебей, аба каттамдары учуп-конуп турат. Ар бир багыт боюнча жайгашкан эки кабаттуу имараттын (жертөлөсүндө менчик автомобилдер, автобустар коюлат) ичиндеги терминалдар аркылуу каттоодон өтүп, тез-тез өзгөрүлүп турган терминалдын каерде жайгашканы жарыяланып турат.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Германия мамлекети болуп көрбөгөндөй өсүп-өнүккөн. Франкфурт-на-Майнеде 1,5 миллиондон ашык калк жашайт. Калкынын саны жагынан Гессендеги ири федералдык жер, Берлин, Гамбург, Мюнхен жана Кёлндан кийинки бешинчи орунда турган шаар. Ал Майне дарыясынын эки жээгинен орун алып, Германиянын Түштүк борбору катары эсептелинет. Майн белгилүү Рейн дарыясынын оң куймасы, узундугу 524 км, 27,3 миң км аянтты ээлеген, бүткүл мамлекетти аралап аккан Германиядагы эң узун дарыя. Анын коп канатында Байройт, Кульмба, Вюрцбург, Франкфурт-на-Майне шаарлары жайгашкан. Алыстан эле куполасын күнгө жаркыратып, ай-нурга бөлөнгөн көрүнүшү, көркөмү, бийиктиги менен айырмаланган дарыянын аркы

өйүзү менен берки өйүзүндөгү Ыйык Варфоломея собору менен ыйык Павел чиркөөсү көзгө түшөт.

Франкфуртта асман тиреген архитектуралык өзгөчөлүгү биринен бири кооз, заманбап стилде жасалгаланган, уникалдуу дизайны менен ат салышкан имараттар бар. Ал Европадагы ири финансылык жана транспорттук борбор болгондуктан, имараттардын негизги бөлүгү банктар, экономика жана финансы корпорациясы, концерндер, мейманканаларга таандык. Бекеринен шаарды эки аты менен «Банкфурт» жана «Майнхэттен» деп аташпайт, анткени мындагы банк кызматкерлеринин жогорку концентрациясы менен байланыштырылган. Европадагы ири Коммерцбанктын штаб-квартирасы (Европадагы эң бийик имарат титулуна ээ), Дрезденбанк ж.б. бир катар банктардын офистери менен бир нече банктардын ири филиалдары бар. Так ошол Франкфурттун биржасында DAX жалпы немецтик биржа индекси аныкталат. Ошондой эле ушул шаарда темир жол дирекциясынын бир бөлүгү жайгашкан. Жапжаңы, күн нурунан кулпурган түсмө-түс автомобилдерди жүктөгөн поезддер рельсадан чыгып кетчүдөй учуп-күйүп, тынымсыз өтүп, көргөндү «ушунун бири меники болуп калса кана...» дегендей тамшандырат. Германияда айрыкча автомобиль куруу, станок куруу, ишканалар үчүн жабдууларды жасоо жана эсептөө техникасы, электротехникасы жогорку деңгээлде өнүккөн. Автомобиль чыгаруучу заводдордун негизги борбору – Фальфсбург, Ганновер, Рурский, Штутгарт, Мюнхен, Мангейм, Нюрнберг ж.б. шаарлары. Франкфуртта жылына эки жолу масштабдуу китеп жана автомобилдердин көргөзмөсү өткөрүлөт. Автомобилдердин жаңы маркасын, тибин, технологиясын ойлоп чыгаруу боюнча дүйнөгө аты белгилүү болгон «Фольксваген», «Ауди», «Опель», «Мерседес-Бенц», «БМВ» фирмалары учурдагы дүйнөлүк экономикалык кризиске карабай, автомобилдердин өтүмдүү маркаларын чыгаруунун деңгээлин анчалык деле түшүрүшпөптүр. Себеби «темир тулпарга» болгон талап, муктаждык, хобби жана сүйүү али күнчө азайбаптыр... Жаңы автомобилдердин наркы өтө эле кымбат деп баш чайкашат немецтер. Эгерде кайсы

бир тетиги бузулса же мөөнөтүнө жетсе, аны пайдаланышпайт, дароо заводго же фирмаларга тапшырып, жалпы эсебинин кандайдыр бир суммасын алышат. Бизге жөнөтүлгөндөрдүн дээрлик көпчүлүгү так ошолор, атайын лицензиясы бар фирмалар аркылуу Россияга, Орто Азияга, Чыгышка экспорттолот. Аялдар үчүн автомобилдерди абдан ийкемдүү, комфортабелдүү, эффективдүү артыкчылыгы менен чыгарышат. Салонунда компьютер, телевизор, балдар үчүн манеж же коляскага ылайык орундуктар бар. Айдоочулар жолдо баратканда светофорго өтө көңүл бурушат, шашылыш баратышса да жөө жүргүнчүлөрдү урматтап өткөрүп жиберишкенин көп жолу жолуктурдум. Бизге окшоп бири-биринен жол талашып, чымын-куюн боло жандалбастап ашыккан, бирин бири сөгүп-кагып кыйкырышкандарын көрө албадым. Полицейлерди, жол күзөтүндөгүлөрдү чанда эле кезиктирбесең, кадам сайын биздегидей «бутка чалына» бербейт. Жолдорунда автобус, трамвай, электричка, велосипед жүрө турган линиялар өз-өзүнчө. Калктын дээрлик басымдуу бөлүгү метрополитендин кызматынан пайдалангандыктан, шаардын сыртында адамдар сейрек учурайт. Айткандай, немецтерде престиждүү, тактап айтканда, жогорку маяналуу кызматка алаарда сөзсүз түрдө автомашинасынын бар же жоктугун карайт. Жок болсо, жылмайып коштошуп коюшат. Кайсы жерде же округда жашаганына карабай, жумушка кечикпейт деген ишеним бар. Ар бир үйдөн бир-экиден, айрымдарынын үчтөн автоунаасын көрдүм.

Таң калаарлык бир нерсе, Майн дарыясынын мерчемдүү аралыгына сантиметрине чейин өлчөп-ченеп койгондой ар кыл формадагы, ар түрдүү дизайндеги архитектуралык фасады бир бирине окшобогон автомобилдер, жөө жүргүнчүлөр, велосипеддер үчүн ылайыкташкан көпүрөлөр, уникалдуу мосттордун канча экени кызык... Дарыянын жээгиндеги жапжашыл бакта, тептегиз газондордо шаар тургундары эс алып, пароход, теплоход, кораблдерге көз салып, ырдап-бийлеп отурушат. Суунун агымында калкып, кечки пароходдогу ресторандарда тамактанганды жактырышат немецтер.

## Асман тиреген жарыктын силуэти

Германия Федеративдүү Республикасынын он алты жеринин (земля) бири, чоңдугу боюнча өлкөдөгү Берлинден кийинки экинчи шаар, Европалык союздагы жетинчи шаар – бул Гамбург шаары мамлекет катары белгилүү. Анда эки миллионго жакын калк жашайт. Өтө кооз, өтө бай шаар. Анын официалдуу Герби, Желеги гана болбостон, ганзейлик шаар мамлекет катары өзүнүн мамлекеттик Гимни да бар.

Гамбургдун борбордук автовокзалынан жерге түшөөрүң менен асман менен тирелишкен, көктөн энергия алып кебелбеген, түнкү жарыкта миң кубулуп түрлөнгөн имараттардын көптүгүнөн башың адашат. Күндүзгү шаар (менменсине заңкайып) менен түнкү шаар (жаркырап жайдары) эки түстө, кош түспөлдө көктүн көркү менен сынашкандай сезилет. Төгүн жерден шаардын Герби менен Желегинде шаардык чептин дарбазасы тартылбаптыр, Гамбургду ошон үчүн «дүйнөнүн дарбазасы» деп бекеринен аташпайт.

Шаар байыртадан бери темир жол жана шоссе жолдорунун ири транспорттук түйүнү гана болбостон, деңиз менен дарыянын (Эльба) порту катары дүйнөгө таанылган. Тээ, канча кылымдардан бери порт аркылуу дүйнөнүн төрт бурчунан жүк ташылып, шаардын кирешелүү тармагына айланган. Гамбург – машина куруу, жеңил жана полиграфиялык өндүрүштүн борбору. Шаарда «Шпигель» жана «Штерн» деген атактуу басмаканалар, музейлер, опера жана балет, драмтеатрлары, ири китепканалар, университеттердин имараты жайгашкан. Көз жоосун алган сулуулукту айтып бүтүрбөгөн фонтандардын (Бах, Моцарт, Бетховендин чыгармалары) темпи менен сыбызгыган көбүктөрү музыканын ыргагында образ жаратышат. Турмуштун дал өзүндөй, жашоонун табигый стихиясындай суунун толкуну жандүйнөңдү аралап өтөт.

Темир жол вокзалына жакын ботаникалык бакта чанда кезиккен субтропикалык өсүмдүктөр, пальма, банан, жарык менен жылуулукту, көлөкөнү сүйгөн чөпчардын кылы кактустун эки миңге жакын түрү менен таанышасың. Жер кыртышын тандабай, ташта-кумда, чөлдө-нымда өскөн тикенектүү өсүмдүктүн галереясын көргөндөй болосуң. Жасалма көлмөлөрдөгү фиалкалар назик үлпүлдөк сымбаты менен тыңсынат. Шаар ушунчалык таза, кагаз, бөтөлкө, тамак-аш калдыгы өз-өзүнчө салынган таштандылар челеги ар жерге коюлганынан эле тазалык биринчи орунда тураары байкалат.

Биз Гамбургда сенаттар отурган «Ак үйгө» кирдик. Имаратынын тазалыгы менен иреттүүлүгүнө сөз жок. Биздегидей күзөттөгү милиция деген болбойт. Келген кишилерге эшиги ачык. Конгресс залына гана кире албадык, калгандарынын баарын кыдырып көрдүк. Алардын ишмердиги менен кенен таанышсаң болот. Биздикилердей зыңкыйып кийинип, кымбат нарктагы автоунааларда чиренип, элден бөлүнбөйт. Кадыресе, катардагы кишилердей жупуну, тыкан, жарашыктуу кийинишет.

Ак үйдүн эки тарабындагы имараттардын ортосунда курулган фонтандардын кооздугун айтпа. Гамбургда Франкфуртка караганда жай мезгили салкын жана мээлүүнүрөөк, а жай саратанда көккө сапырылган суу тамчысынын жан сергиткен жыргалын элестетиңиз...


Эльба Европадагы зор дарыялардын бири. Гамбург Чехиядан өзөк алган Түндүк деңиздин бассейниндеги дарыя. Негизинен Германиянын аймагынан агып өтөт. Эльбанын жака-белинде турмуш образы бири-бирине таптакыр окшобогон, кайсы бир өзгөчөлүгү, артыкчылыгы менен таанылган чакан шаарчалар бар. Биздин түшүнүктө кичирайондор сыяктуу. Мисалы, Бланкейз районунда ак сөөктөр, өтө бай адамдар, миллионерлер жашайт. Алар ири компания, фирма, концерндин ээлери, бизнесмен, искусство адамдары, эстрада жана теле жылдыздары жана башкалар. Алар салдырган үйлөр кудум жомоктогудай кооз, аянтынын кеңдиги, фасадынын көркөмү менен көз жазгырып, вилла, отелдеринин архитектурасынын укмуштуулугу, материалдарынын кымбат

наркы жана сапаттуулугу менен бааланат. Ал жерде жашаш эмес, карап отуруунун өзү ырахаттай сезилет. Фишмарк – балык көргөзмөсү менен таанылган. Балыктын түрү, сорту, ассортименти, чоң-кичинесинен тартып, жырткычпы, сөөктүү-сөөксүзбү, кайсы деңизден кармалганын билсе болот. Өзү да балык жыттангансып турат. Сан-Пауле күндүзү мемиреп уктап, түнкү ызы-чуудан, шаан-шөкөттөн тажабаган, асыресе туристтердин көңүлүнө төп келген, англо-африкалыктарды өзүнө имерип, кымкуут турмушуна канааттангандай түр көрсөтөт. Түнү менен уйкусуз чардаган турмушка ал жердин тургундары да кынык алгандай, көнүп калышкан.

Любек – курорттук зона. Түндүк деңиздин «Тимондроф штрасс» деген жеринде сууга түшүп, эс алдык. Жай мезгили салтанаттап турганынанбы, эс алуучулар бүт эле деңизди көздөй агылышат. Түндүк деңизи чалкайгандан чалкаят, жээгинде туруп карасаң, учу-кыйырсыз жап-жашыл чөлкөмдүн баш-аягы билинбейт. Деңиз суусу туздуу, балырлары калкыйт, түсү киргилт, бирок айбатынанбы, сүрүнөнбү же жээкке урунуп-берилген толкундардын шарынан, көз көргөн кереметтен денең бошонот.

Немецтер баары күнгө кактанганда саатын көп карашат. Саатка көнгөн калк өз убагында эс алууга келип-кетип, отурган жеринде бир ууч же кыпындай таштанды калтырбай, өздөрү менен чогуу ала кетишет. Китеп окуганды жакшы көрүшөөрү байкалды, эс алууда, поездде бератканда, метрополитенде жада калса сейилдеп, басып баратып окугандарды көп кездештирдим.

Дилинбургдун балмуздагы жөнүндө айтпасам болчудай эмес. Союз мезгилинде эң таттуу, ширелүүсүн, жагымдуусун Москвадан жедим деп сүйүнгөм. Көрсө, балмуздакта эгерде, анын технологиялык эрежеси, минералдык-натуралдык курамы сакталса, даамы оозуңа түшкөндө эрип, табитиңиздин арааныn ачып таштайт тура. Ал жерде атайын балмуздак саткан кафелер иштейт. Тейлөө сервизинде кынтык жок. Хрусталь жайык фужерлерде ичиндеги карагат, малина, өрүк, алчасы (каалаганыңызга жараша түрлөрү бар), дапдаана, муздай мөлтүрөп, алдыңызга келгендечи...



*Париждеги Кудай эне собору.*



*Франциянын королу Людовик XIVтун өздук багы.*



*Ал король багында жалгыз сейилдегенди абдан жакшы көрчү.*




*Сена дарыясынан кораблге отуруп, Эйфелдин жанынан өттүк.*



*Версалдын бет маңдайындагы фонтандар*



*Лувр музейинин алдындагы пирамидалар.*



*Версалдагы Кузгу галереясы.*




*Лувр музейинин ички көрүнүшү.*



*Кайра жаралуу доорунун бардык этабын чагылдырган картиналар галереясы.*



***Олимпия кудайы – Апполон.***



*Ника – Жеңиш кудайынын статуясы.*



*Версаль – коздуктун, сулуулуктун кайталангыс үлгүсү.*



*Версаль дворецинин жанындагы бир нече фонтандар көккө атырылат.*



*Франкфурттагы эң бийик банктын имараты.*



*Германиянын борбордук көчөлөрүнүн бириндe.*



*Голландиянын борбордук көчөсүндөгү жаңы транспорт.*



*Голландиянын деңизиндеги корабль.*



*Гүлдөрдүн композициясы.*



*Голландияны жоогазындардын мекени дешет.*



*Амстел дарыясындагы кемеге отуруп, шаарды кыдыруу ырахат.*



*Рембрандттын «Автопортрет с Саскией на коленях» картинасы.*



*Люксембургдагы «Алтын аял» айкели.*



*Люксембургдун Улуу Герцогствосу.*



*Рейн дарыясындагы көпүрөдөн Франкфурттун көрүнүшү.*



*Брюсселдеги «Заара ушаткан баланын» статуясы.*

## Эмоцияга берилген немецтер

Германиянын бүткүл аймагынын жетимиш пайыздан ашыгын токойлор ээлейт. Немец калкы жердин рельефи кандай болсо, кол тийгизбей, тиш салдырбай (кетмен, күрөк) табигый калыбында өздөштүрөт, үй курганда же имарат салганда кыртышка өтө этият, сарамжал кам көрүшөт. Бизге окшоп үйдү тегерете коргондоо деген түшүнүк жок. Бир чарчы метр да пайдаланылбаган жер калбайт, татына гүлдөрдү балконго, короосуна, көчөсүнө өстүргөндү жакшы көрүшөт. Биз болгон Любек, Дилинбург, Зинн, Зиген деген жерлердин табияты Кыргызстандыкындай. Чар-тарабы токойлор, шиберлүү жайыттар, жапжашыл чалкыган өрөөндөр биздин жерге окшошот. Жолдору тептегиз, жылма асфальтта учуп бараткансыйсың. Немецтин жек көргөнү – уурулук, калп айтуу жана так эместик. Кийингендери жупуну, таза, пахта, жибек, жүн сыяктуу натуралдык кездемелерден тигилген кийим-кечелерди кийинишет. Саат-сааты, минут-минутасына төп келген убакытка өтө сараң, убакыттан утуп жашаган калк. Эмгекчилдигин, ойлоп табуу жөндөмүнүн артыкчылыгын, эсепке тактыгын, турмушка реалдуу көз карашын башкалар да баалашат.

Союздун нанын жеген жердештерибиздин бири бул жерге келип, эч каерден иш таппайт (биздин дипломдор таанылбайт эмеспи), араң айдоочулукка алышат. Жүк тартып келатып, тобокелге салат, «ушунча тонналаган унду эсептеп отурмак беле» деген кыялда өзүнө катып коюп, үйүнө алып кетет. Эртеси ишканасынын жетекчиси бир кап ундун кем чыкканын кыйытып айтат. Биздин эргул көрбөдүм-билбедим деп актанат, жолдо түшүп калса керек дейт...

Эртеси күнү машинасын айдап өтчү жолунда бир кап ун жатат. Эч ким тийбейт. Анын эртеси да кыймылдабайт... Ошентип арадан бир жума өтсө да, бир киши жанагы унду албайт. Муну атайын жасашканбы же сабак болсун дешкенби, ким билсин? Муну күнүгө көрүп жүргөн айдоочунун кетпеген жеринен тер кетет...

Бизде мамлекеттин майда-барат нерсесин, кеңсенин буюм-тайымдарын өөнөмөй, кымтымай уурулук деп эсептелбейт, кадимкидегидей көнүмүш адат. Жыл сайын айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү, жашылдандыруу өнөктүгүндө тал-теректердин, декоративдик өсүмдүктөрдүн сан миңдеген көчөттөрүн отургузабыз. Кышында үшүп, айлабыз кеткенде, жетилген-жетилбегенине карабай кыйып, отунга жагабыз. Айрыкча айыл жеринде талаатүздөгүсү калбай, токойго чабуул койгондору канча... Бул мүнөз адатка айланып отуруп, мамлекеттин, элдин мүлкүнө, б.а., миллиондогон сомдорго кол салганга чейин жетпейт деп ким кепилдик бермек? Өзүн өзү алдамай айлампасы менен алыска барбашыбызды сезсек-туйсак деле, көз жумуп келатабыз...

Поездге отурсаң эч ким деле текшербейт, бирок жергиликтүү калк билетсиз чыкпайт. Айрым мезгилде текшерүүчүлөр көбүнчө чет өлкөлүктөрдүн «уурулугун» кармап калат да, жазаны он эсе төлөттүрөт. Аты-жөнүн, дарегин компьютерге түшүрүп коюшат. Экинчи ирет кармалса, айтпай-дебей депортация кылып, полиция аэропортко жеткирип, самолетко салдырып коёт. Он алты жашка чейинки өспүрүмдөргө эч кайсы дүкөндөн ичкилик сатылбайт. Рецептсиз дарыны дарыканалардан ала албайсың. Бир жыныстагылар көчө-көйдө кол кармашып, өбүшүп жытташса, «алигилер-гемосексуал, лезбиянкабы» дегендей, жактырбагандай карашат. Коомдук жерлерде тартип бузуу, мас абалында жүрүү, кыйкырып сүйлөп, өзүнө көңүл бургузуу алар үчүн жат. Ичинде ит өлүп баратса да, сага жылмайып сүйлөп жайдары мамиледе болушат. Жата калып бирөөнү мактап, жерге салып тебелеп жамандамай сапаттан оолак, ар ким өзү менен өзү. Германияда адамдын өзүнө караганда кагазга көбүрөөк ишенет. Бюрократизм жок дегени менен «ак кагаздын бюрократиясы «өз өкүмүн жүргүзүп турат. Компьютер-интернет немецтердин күндөлүк турмушунда аба менен суудай эле зарыл. Биз кыргыздарды, Кыргызстанды немецтер билет десек, калп айткан болобуз, сыртыбыздан япониялык, кореялыкпы дегендей боолгошот. Ош окуясынан кийин анча-мынча таанылганыбызды моюнга алган оң.

## Сезим таңкыстыгы...

Бир кемпирдин эки кызы бар. Карыганда жалгызсырап, боор этинен жаралгандардын карааныңа зар болгону менен алардын энесине барганга убактысы жок. Бир туугандар, ата-энеси да баласынын үйүнө барыш үчүн телефондон кабыл алганга убактысы бар-жок экенин сурашат. Бизге окшоп, түз эле эшик тээп, кирип бармай жок.

Кемпирдин чоң кызынын бир эле баласы бар, ал кызы энесинин туулган күнүндө гана келет, бир-эки сааттай кобурашып, жумушуна шашылат. Экинчисинин баласы жок, он беш жылдан бери келбейт, күйөөсү экөө гана жашайт беш-алтыдай иттерин багып, аларды жаш баладай бапестеп, энесинен кабар алганга убактысы жетпейт, телефондон кээ-кээде сурап коёт. Эми эле келейин деп камынса, итинин бирөөсүнүн тамакка табити тартпай же катуураак чүчкүрүп, ээсин коркутуп калат. Итинин камы менен жүрүп, жалгыздык жанына баткан энеси эсинен чыгат. Кез-кезде иттери тамак жебей, режими бузулуп калса, бардык ишин таштап, олуттуу катастрофа болгонсуп, алардын кашынан чыкпайт. Апасынан артык көргөн иттеринин тамак ичкени, кыял-жоругу, баскан-турганы, шумдугуң кургур, бардык кыймыл-аракетин тамшанып, маашырлана сөз кылганды жактырат. Адамга төгүлө турган мээримдин иттин энчисине ыйгарылганына эмне деп айтууга болот. Ушундай алдан-күчтөн тайып, үйүндө соксоюп жалгыз калган адамдарды социалдык кызматкерлер карашат. Үй-жайын жыйнап, тамагын бышырган үй кызматкери башка, ал эми кемпир менен сүйлөшүп, сейилдетип, бир жакка чыкса кошо баргандар башкалар. Алар көбүнчө студент кыздар же болбосо башка жактан келгендер болсо, тил билген жаш кыздарды тандашат. Кыргызстандан барып, келишим менен үй-бүлөнүн баласын багып, алты саат иштеп, окуп, тил үйрөнгөн студент кыргыз кыздарынын рейтинги өтө жогору экенин айтышты. Башка орус, украин, белорусь, латыш жана башка

улуттун кыздарына караганда кыргыз кыздарынын ыймандуулугун, адептүүлүгүн жана тарбиясын жогору баалашат. Биздин кыздар тил үйрөнүү максатында «менин ата-энем Германияга кандай үмүт менен жөнөттү» деген жоопкерчиликти биринчи катарга коюп, гасмама менен гаспапасына каяша айтпайт, терсаяктана өзүм билемдикке, жаман жолго түшпөйт, башка улуттун кыздарындай гаспапасы менен мамилелешип, жеңил-желпи турмуш образына барышпаганы үчүн гасмамалар атайын кыргызстандык болсун деп суранышат.

Бир өтө бай үй-бүлөнүн ээлери, эки жашар баласын каратуу үчүн Интернеттен алайлык кызды жактырышат. Керектүү документтерин даярдап, Кыргызстандагы Германиянын элчилигинен эки-үч жолу тесттен өткөндөн кийин барат. Бир жыл бою баягы кыз гаспапасынын алдында ийменип, эркинче күлүп-жайнап, каалагандай басып-туруп, көзүнчө тамак да ичпейт. Баргандан көп өтпөй эле кыялы чатагыраак, тамагын алдап-соолап араң ичирген, кийим кийгенде үйдү үч көтөргөн чаар баш уулун тыпыйтып тез эле эпке көндүрүп коёт. Кыз үй-бүлөгө абдан жагып, экинчи жылга да калгын деп суранышат. Кайсы бир күнү гасмамасы менен кыргыздардын кызга берген калыңы, кийит-матасы, күйөөгө узатуу салт-санаасы жана кыз тойдун жөрөлгө-ырасмиси жөнүндө сүйлөшкөнүн угуп калганбы, аэропортко узатып келатканда, гаспапасы тамашалап-чындаппы жанагы алайлык кызга мындай: «Эгерде мен бойдок болгонумда, бир эмес, эки кыл куйрук, ача туяктуулардан канча мал-кой, эчки сурашса, ошончо калың төлөп, сендей кызга үйлөнөт элем» – дептир.

Биздин кыздардын немец тилин үйрөнүп, жогорку окуу жайларында билим алып, башка адистиктер боюнча иштеп, бизнесин өнүктүрүп, ошол жакта бөлөк улуттагыларга турмушка чыгып жатышы өөн учурабай, заманасына жараша деген көз караштын эки тарабы, жакшы-жаман, айтылып-айтылбаган жагы эне катары ичимди тыз эттирет...

Германияда тил маселеси мыйзамдуу корголгон жана жогорку деңгээлде кам көрүлгөн. Жергиликтүүлөрдүн

көпчүлүгү бир нече тилдерди билишсе да, англисче түш жорушса да, өз мекенинде бизчилеп аралаштырып, чала-була чалып сүйлөшпөйт. Тээ мурунтан барып калышкан германиялык түрктөрдү жана башка улуттагыларды расмий кызматка алаарда өзүлөрүнүн стандартына туура келген диплому болсо, жазуу жана оозеки түрүндө сынак алып, канчалаган тесттерден өткөндөн кийин (немец тилинин грамматикасынын татаалдыгын немецтер өздөрү моюнга алышат), машакаттын машакатын жеңгенде гана кызматка алышат.

Алардагы социалдык катмардын теңчилиги (жарды-жалчылар такыр жок дегенден алысмын), адамды кызмат орду, даражасы жана социалдык абалынан эмес, ишинин сапатынан, адамдык касиетинен баалашканы, каерге барбагын, бизчилеп тааныш-билиш издебей, мыйзам чегинде иш бүтүргөнү жагат. Концернде же жакшы маяналуу кызматта иштеген адам менен гүл саткан же кайсы бир тармактагы ишкердин айлыгы, жашоо деңгээли, байлыгы бирдей. Босс деле өз кесибинин мыктысы, гүл саткан чарбакер деле ишинин устаты, эмгегине жараша баалаганы үчүн алар кызматын жоготуудан аябай чочушат. Каерге барба, ким менен сүйлөшпө, кызмат жоопкерчилиги биринчи орунда, иштен бир мүнөт эрте же кеч келүү деген түшүнө да кирбейт. Түшкү тыныгууда бульдозерчу краны асманда илинип калса деле саатына карап, мүнөт-секундасында тамагын ичкени кетет.

Бул мамлекетте жумушсуздук маселеси курч болбогону мыйзамы жарандары үчүн кызмат кылганынанбы, айтор, жумушсуздар категориясына мамлекет тарабынан камкордуктар башка мамлекеттерде барбы-жокпу? Кеп ушунда. Көчөдө калган селсаякка (бомж) мамлекет күнүнө тамеки, сыра жана башка керектөөсүнө он евродон төлөйт, эки маал тамагын кайсыл жерде жашаса, ошерге социалдык кызматкерлер алып барып беришет. Ал эми студент кыздар окуу процесси маалында бала төрөсө, ымыркайдын кем-карчына, жалаягына чейин жетишерлик жөлөк пул төлөйт, баланы багышкан кишиге акысын кошо берет. Студенттер үчүн музейге, кинотеатрга, учактарга берилген жеңилдиктерди айтпай эле коёлу.

Немецтердин балага болгон мамилеси бир топ өзгөчөлүктүү. Баласынтып бизде алдап же кагып койгон учурларыбыз көп. «Апа, мени кантип тууганcың?» – деп сураса, чынын айткандан уялымыш этип, «ичимден чыккансың же кусуп алгам» дейбиз. Алар ийне-жибине чейин турмуштагыдай, болгонун болгондой түшүндүрүшөт. Ата-энеси баланы бир саат да жалгыз калтырышпайт. Эмне ичип-жеп, эмнеге кызыгат баарына маани берет. Психикасында кичине эле өзгөрүү болсо, мисалы, «Бүгүн мектепте тамак жедиңби?» – деп сураса: «Ооба» – деп калп айтса, дароо психологго кайрылышат. Бир айлык иштин ыраатты-жадыбалы бир-эки жума мурда түзүлөт, аны бузуу өлүмгө тете. Кайгылуу бир нерсе же кокустук жүз берип кетпесе эле бузулбаса, такыр бузулбайт.

Гамбургда бир мекеме бар дешти. Бир күнгө он евро төлөсөң, өз көзүң менен көрүп, жүрөгүңдөн өткөрүп чыксаң болот. Адам өзү кызык да, татаал да дүйнө...

Баары үй-жай, кызмат, материалдык байлык жетишип турса да, жандүйнөңө бирдеме жетишпей, мээримсиздик, сезим деген нерсенин таңкыс болуп бараткына кимди күнөөлөш керек? Замандыбы, техниканыбы же адамдын өзүнбү?.. Адамдан мээрим качканда сезимсиз болуп калабы же «өзүм үчүн жашасам болду» деген принциптин кедергисиби, айтор, «темир технологиясы» адамды роботко айландырып таштабаса экен деген коркунуч төгүндөн эмес.

Ата-энелер балдарга, балдар ата-энеге эч нерседен милдеттүү эмес. Он алты же он сегиз жашка чыккандан кийин үй-бүлөсүнөн бөлүнүп иштеп же окуп өз арбайын өзү тартуу вазыйпасы милдеткер. А биз мусулмандар окутуп, үйлөп-жайлап, ага да алымсынбай колунан келгени чоңураак кызматка отургузуп, баласына чейин багышыбыз керек. Балаңдын баласын багасың, небереңден өлүп кутуласың дешет эмеспи. Мунун айласын немецтер таап коюптур, ошол сезимди ойготуш үчүн сокурдун бир күндүк өмүрү менен кошо жашап көрөсүң. Сокурдун өзү менен эмес, өзүң сокур болуп, жылчыксыз караңгылыкта уктап туруп, жуунуп-таранып, тамак жеп, бирдемени жасап, иштеп, ажаткананы таап барып дегендей,

көзүң туруп көрбөй, эки көзү азиз адамдын сезимдерин баштан кечиресиң... Бирдеме башыңа урулгандай «селт» этет экенсиң, демек, сезимиң биротоло өчүп-катып, сенек болуп кала элек... «Жашоону сүй, адамча жаша, айлана-тегерегиндегилерге жакшылык кыл, күрөшүп максатыңа жет!» – деген чакырык колуңдан жетелейт.

Бул маселе менен немецтер ата-энесин карабай, карыганда таштап кетсе, ата менен бала, эне менен кыз келишпей соттошкондо, жырткычтык инстинкт үстөмдүк кылып өз канынан жаралганга кол салганда жана башка ушул сыяктуу жагдайларда адамга кадыресе тубаса сезимдер жетишпей, руханий азыгы жоголуп, мерездик, карөзгөйлүк, карасанатайлык күчөгөндө, ошолорго каршы күрөшүүнү чечишсе керек.

Канча айтпа, бай, кубаттуу жана өнүккөн Германия өзү тандаган жолдо ишенимдүү баратат.

Менимче, немецтер башка элде жок тактыгы, тазалыгы, иреттүү жана тыкан жашоо образы, кумурскадай тынчыбаган эмгекчилдиги жагынан эч кимди алдыга чыгара элек. Кимдин болбосун жакшы жагын үйрөнүп, өзүбүзгө сиңире алсак, эмнеси жаман? Ооз жүзүндө тил эмизип, иш жүзүндө «айттым, койдум» деген «кыргызчылыктан», өзүнө өзү корстондуктан, өзүн өзү алдамай, өзүн өзү тономой, өзүнө өзү сызга отургузмай айлампасынан бизчелик тажап, ата-бабаларыбыздын мүнөзүнө жат, терс адаттардан жыргаганды көрбөдүм. Кыргыздын мындай накыл сөзү «Өзүңдү жаттай сыйласаң, жат жанынан түңүлсүн» дегени немецтерге окшоп, өзүңдү сыйлап-бааласаң гана өзгөлөр сенин кадыр-баркыңа жетет, сени менен эсептешет дешкен.

# Гүлдөн таажы кийген Голландия

Бул өлкөнүн Нидерландия жана Голландия деген эки аталышынын статусу бирдей. «Холланд» «холостой» деген сөздөн алынган. «Холостой мужчина» – «пустая земля», «бош жер» дегенди түшүндүрөт. Бир мезгилдердеги затына ылайык ушундайча аталып, азыркы күндө дүркүрөп өнүккөн Батыш Европадагы капиталисттик өлкөлөрдүн бири. Нидерландия королевствосу канча мезгилдер бийлигин жүргүзүп, сырткы душмандарынан жеңилип-жеңип, согуш апаатынан колония катары биреөнүн карамагында калганы, күнкор болгону, буларга да эгемендүүлүк оңой колго тийбегендигин маалымдайт.

Мындан сансыз кылымдар мурда, римдик тарыхчы Нидерландиянын таштак, киберсиген, бопбоз талааларын, суусуз какшыган түздүктөрүн көрүп: «Бул эмне болгон жер, бул жерде эл кантип жашасын?» – деп таңыркап, баш чайкаган экен. Ошол замандар өтүп, кылымдар кыйырында алардын ата-бабалары дамбаларды куруп, жел тегирмендери менен суу чыгарып, какыраган талаатүздөргө жан киргизишкен. Чет жерликтердин бирине экинчиси атаандашып, удаа-удаа бастырып кирип, айрыкча, испаниялыктар менен болгон согуштар аларды жердей катуу мүнөзгө, ойлоп табуучулук касиетке, күрөшчүл, алдыга умтулуу менен жашоо адатына калыптандырган. XVIII кылымда дүйнө жүзүндө биринчи жолу сууда эң тез ылдамдыкта жүрө турган кораблдерди жасаган компаниялардын судонолору, тактап айтканда, Голландиялык судонолор деңиз турмушуна жаңылык киргизген. Анын күчтүү, тайманбас деңизде сүзүүчүлөрү эли-жерин коргоодо, чет элдик баскынчылар менен согуштарда таң калаарлык эрдиктерди көрсөткөнү тарых таржымалында көп айтылат.

«Амстердам» – Нидерландиянын борбору жана ири шаар. Ал Түндүк Голландия провинциясынан орун алып, Амстел жана Эйсселмер дарыясынын босогосунда өлкөнүн батыш бөлүгү жайгашкан. Амстердам өзүнүн сансыз каналдары аркылуу Түндүк деңиз менен жалгашат. Шаардын аталышы «Амстел» жана «дам» деген эки сөздөн турат. Амстел шаар турган дарыянын аты, дам «дамба» дегенди түшүндүрөт. XII кылымда бул шаар балыкчылардын анча чоң эмес кыштагы болуптур. Доорлор алкагында улам өсүп-өнүккөн Нидерландия Алтын кылымга жетип, көрүмсүз кыштакчаны такыр элестете албаган, дүйнөдөгү белгилүү ири порттордун жана соода борбору Амстердамга айланган. Анда дүйнөлүк ири компаниялардын беш жүзгө жакыны жайгашып, борборунда тарыхый мааниси жагынан басым жасалган дүйнөдөгү эң эски фонд биржасы бар. Шаардагы дагы бир белгилей кетчү өзгөчөлүк 177 улуттун өкүлдөрү жашайт, тактап айтканда, ар түрдүү улуттун, расанын жана түркүн маданияттын концентрациясын кармап турат.

Сексен жылга созулган катаал кармаштарда айрыкча, 1585-жылы Испания менен болгон согушта ири Амстердамдын атаандашы Антверпен портун испаниялыктар басып алып, кесепетинде массалык миграцияга алып келет да, кол өнөрчүлөр, соодагерлер, басымдуу көпчүлүк еврейлер испаниялык инквизициядан сүрүлүп кетишет. XIV–XV кылымдарда соода борбору гүлдөп өнүгөт. Ал эми XVI кылымда Антверпенден еврей соодагерлери Амстердамга алмаз иштетүүнүн техникасын алып келишет. Ошондуктан бүгүнкү Амстердам дүйнөдөгү эң ири порттордун бири, Нидерландиянын маданий жана финансылык борбору болуп саналат.

«Кайсыл жерден Голландиянын чек арасы башталса, ошол жердин уйлары аялдарга караганда сулуураак» деген ылакап айтылат. Көрсө, жапжашыл, шиберлүү талаада таргыл, ала-була, семиз, көзгө толумдуу уйлар байдын субайындай суйкалып басып, оттоп жүрүшөт. Голландия сыры деп таңдайыбыз так болгончо бар. Сүт азыктарынын асылдуулугун арттыруу малдын тилине гана байланышпай, генине, породасына жана багып-

асыроонун биологиялык-технологиялык артыкчылыгына жараша турбайбы. Мал чарбасы, өсүмдүктөр дүйнөсү жана гүл чарбасын өнүктүрүү боюнча атагы дүйнөгө чыгып, индустриясы оожалган, электроника, химия, газ жана банк тармагы гүлдөгөн мамлекет. Андан да асыл таштардын бири алмазды өндүрүү боюнча лидерлердин бири. Ротордамский порт дүйнө жүзүндөгү чоң порттордон. Амстердамга бараткан жолдо Масс дарыясы мелмилдеп, кораблдердин ушунчалык көптүгүнөн алардын тибин, түрүн айрый албай, дуб, жаңгак, карагай же башка кайсы кара жыгачтан жасалганын билбей башың катат. Деңиз суусуна канатын жайып таштаган өлкөнүн жаз-жайы, күз-кышынын боёгу биздегидей даана байкалбайт. Өздөрү туризм тармагы өлкөгө көп пайда келтирээрин жашырышпайт. Жылдын кайсыл мезгили экенине карабай, туристтер агылып келип турат. Кышындасы кар жаабаганы менен $0^0$Сга кээде эле түшөт, көкмөк чөптөр сеңселип, бир жылда отуз беш күн гана күндүн көзүн көрүп, нуруна ырахаттанышат. Жай мезгилинде күн катуу дале ысыбайт, жылуу эле болот.

## Көз жоосун алган жоогазындар

Голландияны гүлдөрдүн мекени деп коюшат. Амстердамдын бүт көчөлөрүнөн көз жазгырып, эрксиз караткан гүл базарын көрөсүз. Андагы гүлдөрдүн сортунун бирөөсүн да биздин жерден көрө албадым. Гүлгө ушунчалык куштарлык, берилүү, чексиз сүйүү, гүл өстүрүүгө болгон ынтызарлык неликтен жогору десеңиз, ажайып чоң акча таап, андан бизнес жасалат. Гүл майрамында бир жылда 16 млн. евро мамлекеттин казынасына түшөт. Айрыкча жоогазындын кызыл, сары, ак, көгүш, мала кызыл, күмүш түспөл, чымкый кыпкызыл дагы-дагы башка түрлөрүн карап отура бересиң, ал эми кара түстүү жоогазын менен көгүш розаларды көргөндө олуттуу ой басат. Көрсө, орто кылымдарда жоогазындын наркы бир жылкынын, кийинчерээк бир нече батирдин баасына барабар келчү

экен. Ошондонбу Амстердамда жашагандардын көпчүлүгү бай, оокаттуу адамдар болгондуктан өзүнө ошончолук көрктүү, жогорку нарктагы татына гүлдөрдөн белектерди ыраа көрүшөт.

«Корольевский тюльпан» бизче айтканда, Король жоогазынын мекени Голландия деп таанышат. А чындыгында жапайы жоогазындын мекени Кавказ тоолору эмеспи. Ал гана эмес, Памир биздин Тянь-Шандын аркайган аскаларында муздан сеңселип, баш көтөргөн ак, кара, көк ж.б. түркүн түстүү жоогазынды көргөндөр альпинисттер да. Кытайда, Монголияда, Алтайда, Сыр-Дарыя менен Амур-Дарыясынын өрөөндөрүндө көп. Анткени өткөн кылымдар кыйырында жапайы жоогазындын «саякат-жортуулу» Кара-Деңиз аркылуу Балканга жана Крымга, андан Греция, Болгария, Румыния, Югославия, Австрияга өтүптүр. Так ошол континенттерден Италия, Португалия, Египет, Алжир, Мароккого жеткен. XV кылымдын орто ченинде Түркиянын Константинополдогу багында жоогазындарды агротехникалык эреженин негизинде айдап себүү башталган. Ошол бактагы гүлдөрдөн жасалган уникалдуу букеттердин атагы ааламга тез тараган. Европалык элчи-окумуштуулар, саякатчылар, соодагерлер мындай баасыз сулуулуктун, жандуу казынанын тамыр-ордун өз өлкөлөрүнө ташып жеткирүүгө жан талашышкан. Бизде мурда пахта аянттары кандай эгилсе, так ошондой гектар-гектар плантацияларда жоогазын, нарцисс, ландыш, жасмин, бергамот, фрезия, лилия, лаванда, герань, ирис, мимоза сыяктуу миң түркүн гүлдөрдүн сорттору эгилет. Кызыл-тазыл, көк-жашыл катар-катар тилкелерден бир тал отоо чөп таппайсың, ар түрдүү гүлдөрдүн сортунун картасын самолетто учуп баратканда же автобустун терезесинен карасаң, ар кыл түстөрдүн гаммасынан жүрөгүң опкоолжуйт, толуп-толкуйсуң.

Албетте, гүлдөргө мынча маани берүүнүн башка бир сыры мындайча экен. Биз гүлдү ойлонбой, баш катырбай эле туруп, белекке бере салабыз. Чет элдиктер гүл берген кишисинин психологиясына, мүнөзүнө, кыял-жоругуна, кызматына, астрологиялык белгисине, кызыгуу-хобби-

сине, түстөргө кандай мамилесине жараша тандашат. Кандай шартта, кандай кырдаалга байланышкан (мааракe, салтанат, даталуу күндөр ж.б.) себептин аки-чүкүсүнө ылайык тартуулашат. Бул өзүнчө философия да. Гүлдүн биологиялык-географиялык мүнөзүн иликтөөнүн өзү искусство. Андан да гүлороо, байлоо, тандоо сервиси абдан өнүккөн. Биздегидей жылтырак кагаздарга бантик тагып орогон гүлдөрдү жолуктурганым жок. Ал үчүн атайын курстардан окуу керектиги, өзүнчө адистик экендиги билинди.

Деңиз деңгээлинен эки метрге төмөн жайланышкан борбордук бөлүгү суу каптоо коркунучунан урбанизацияга учурап, баш калаа Амстердамдын табигый ландшафты жана рельефинин формасы жоголгон, калк өтө жыш отурукташкан шаар. Сансыз каналдардын тарам-тарам дамбаларынан улам бул өлкөнү суудан баш көтөрө албай чөгүп бараткан кораблге окшоштурасың же деңиздеги чөк түшкөн төө сымалданган кургактыктын бир үзүмүндөй таасир калтырат. Бир карасаң шаарды бүт велосипедчендер ээлеп алышкандай сезилет. Чоң трассаларда да велосипед үчүн атайын жолчолор ажыратылган. Велосипед бул турмуш образы, голландиялыктардын эки дөңгөлөктүү досу.

## Күнү-түнү билинбеген кофешоптор

Алар тамеки тартканды жакшы көрүшөт. Европалыктарга караганда бою узун, кыймылды жакшы көргөн, өтө динамикалуу, «өзүң да жаша, бирөөнүн жашоосуна тоскоол болбо» деген принципти карманышат. Негизинен, алар узак өмүр сүрүүчүлөр болушат. XVI кылымда бул мамлекетке еврейлер сүрүлүп келишкен. Нидерландиянын дээрлик бардык аймагында отурукташып, алмаз өндүрүү чеберчилигин, судно жасоону, философия, эстетика, музыка, искусствону жайылтышкан. Антисемитизм болбогонуна карабай, эмнегедир алар коңшусу немецтерди жактыра беришпейт.

Голландия мамлекетинин түпкүлүктүү атуулдарында: «Ким каяктан келбесин, кайсы өлкөнүн жараны болгонуна карабай, жашаган өлкөсүнүн мыйзамдарын сыйлап жашасын, сыйлабаса, өзү келген жакка кете берсин» деген көз караш бар. Биз коомчулуктун коркунучтуу эпидемиясы катары караган маселелер, гомосексуализм, сойкулук, баңги затына мамиле, көз карашы да башкачараак. Ачыгын айтканда, гомосексуалдар көчө-көйдө, транспортто, коомдук жайларда өздөрүн эркин алып жүрүшөт. Кааласа жетелешип, бири-бирине желимдей чыпташып алгандан тартынбайт. Ал эми сойкулукту кесип, жумуш катары карашат, бир гана уурулукту жана кайырчылыкты жек көрүшөт. Андагы «Кызыл фонарлар» («Красных фонарей») кварталдары биздегидей жашыруун, тымызын эмес, ачык, коркпой-үркпөй, күнүтүнү иштешет. Көп кабаттуу имараттардын кууш көчөлөрүнүн (аралыгы 1 же 1,5–2 метр) эки жагында бирибирине жакын эшиктердин бөлмөлөрүнөн кезектеги кардарын күтүп турган ургаачылар менен эркектерин көрөсүң. Эгерде буюртмасы ээленген болсо же кардары келсе, айнек пардасы тартылып, жок болсо пардасы ачык, кимди-ким күтүп турганы дароо эле билинет. Блондинка, брюнетка, шатенка, кааласа мулат кызы жагабы, эркектери дале ошол таризде табитиңизге жараша чөнтөгүңүздөн тиешелүүсүн берип чыгасыз. Эң кызыгы ошол кварталдагы отелдер, барделдер, кафелер бүт сүйлөшүп алгандай, кыскасы, атаандашкандай биринен бири өтүп, жарнак-көрнөгүн чоктой кызыл тасмаларга жаздырган, жада калса тамганын шрифттери да кызыл. Эл батпайт, тыкыс, тар көчөлөрдө издегениңдин баары бар. Биринэкин эмес, Амстердамда ушундай кварталдар чекеден табылат. Шаар абдан кир, чоң көчөлөрдү шампунь менен жууганына карабай, туристтер ой келди булгашат. Жергиликтүү тургундардын наалыганына, арызданганына карабай, опур-топурдан, шаан-шөкөттөн, көчө ырчычоорчуларынан, туристтерден, келгиндерден жана селсаяктардан бошоно албаган көчө-тротуарлар тебеленип-тепселгенине кайылдай... Эски буюм-тайымдарды, кийимкечелерди саткан кварталдар жыт, ис, аурасы мындан

да ашып түшөт. Марихуана, наша жыттанган, териси кара, чачтары тармал, алаканы менен тиши агарып көрүнгөн африкалыктарды кадам сайын учуратасың. Аянтта кадимки плита, брусчатка, таш бастырылган аянттарда олтуруп алып, улутуна, расасына карабай, ак-кара дебей, планеталар жакындашкандай немец, негр, фин, англис, араб, америкалык жаштар эки-экиден сүйлөшүп олтурганын көп көрдүм.

Айткандай, голландиялык ырчы, скрипач, флейтист же эстрада ышкыбоздору ал кайсы континенттен келип, жашап, эмгектенип калганына карабай, көрарманы-угарманы жана сынчысы эң ириде публикасы көчөдөгү элдер. Элдин сахнасынан биринчи тушоосун кесишет. Ар кайсыл, эл көп чогулган аянттарда концерт коюп, ырдап-бийлеп, элдин сынагынан өтөт. Өзүнүн көрарманын, угарманын табат. Биздегидей аземдүү кийим-кечек тиктирип, имиджмейкер жана продюсер менен иштешип, алар менен келишим түзүп сыналгыдан тааныш таап, клиптерин үзгүлтүксүз кетирүү деген жок (анткени телекөрсөтүүсүнүн жарнагынын минут, секундунун наркы өтө кымбат). Көчө ырчы-чоорчу жана эстрада сүйүүчүлөрүнүн музыканын башка көптөгөн түрү аткаруучулар, атактуу режиссер, продюсерлердин көзүнө түшүп калса, бактысы ачылганы ошол. Кайсы бир тасманын башкы ролуна же дебют аткарууга чакырылат да, чыгармачыл даңгыр жолу башталат. Кыскасы, көчөдөн табылган кесип-бактысы алардын энчисине кандай тагдырды туш кыларын өздөрү да билбейт.

Голландияда баңги заттарына толеранттуулук күчтүү. Жеңил баңги заттарын легалдаштыруу Голландияда өткөн кылымдын 70-жылдарында башталган. Кошуналары Франция менен Бельгия Голландия бийлигинин мындай мамилесине көңүлү иренжип, алардын чек арасынан тонналаган марихуана өткөнүнө көз жумуп коё албай, канчалаган ультиматумдарды биринин артынан бирин жөнөткөнү натыйжасыз болуп, чечилбеген көйгөйгө айланган.

Дароо эле Амстердамда «Россия» деп аталган биринчи кофешоп ачылган. Ал жерде кофеге же чайга индиянын

кара куурайын кошуп беришкен. Бүгүнкү күндө кофешоптордун саны жети жүзгө жеткен. Көп өтпөй айласы куруган Бельгия да Индиянын кара куурайын легалдаштыруу жөнүндө мыйзам кабыл алган. Ичкилик менен канчалык күрөшпөйлү аны жеңилдетүүгө, кыскартууга болоорун, бирок жеңүүгө мүмкүн эмес экендиги айдан ачык болгондой, аларда жумшак баңги заттары: марихуана, гашишти кофешопто колдонууга уруксат берилгенине карабай, аны жаштар каалаган мезгилде, каалаган жеринде чегет, «өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем» дегендей, полиция көрсө да көрмөксөнгө салып коёт. Туристтердин айрым категориясына мындай мамиле майдай жагып, тартиби катуу, тыюу салынган мамлекеттердин жарандары атайын кумардан канып келиш үчүн Голландияга келишерин айтышты. Бир гана нерсе өлкөнүн чегинен сырткары алып чыгууга болбойт. Оор түрү кокаин, героинди сатууга тыюу салынган, жумшагын ким болсо да отуз граммга чейин жанында алып жүрүүгө болот. Ал эми аларды саткандар мамлекетке тиешелүү салыгын төгүп турушат.

Дагы бир мыйзам жүзүндө адамдын колу тийген өлүмгө, эфтаназияга уруксат берилгени азыр эч кимди таң калтырбай калды. Эгерде адам баласы айыктырууга мүмкүн болбогон оорулар менен кыйналса, рак (злокачественный) болсо, комада эс учун билбей көп жатса, ооруга чыдамы калбаганда, өзүнүн макулдугу, (күн мурунтан макулдашылат) каалоосу менен дарыгердин ийнеси аркылуу жанын жай алдырууга уруксат. Светский өлкө болгону үчүнбү, демократиянын принциби дешеби, айтор, бул мамлекеттин башкалардан өзгөчөлүгү бул эле эмес. Планетада биринчи жолу ушундай жол табышканы адамзаадынын гумандуулугунанбы же ырайымсыздыгынанбы мен ажырата албадым...

Амстел дарыясынан кораблге же кемеге олтурсаңыз, шаардын борбордук бөлүгүн бүт кыдырып чыгасыз. Каналдын суусу ушунчалык кир, акыр-чикирге толгон, жыл сайын бузулган велосипеддерин сууга ыргыта беришип, кекиртегине жеткиришкен. Кой-ай деген жан болбойт. Эң кызыгы суудагы сүзүп жүргөн үйлөрдү көрүп

таңыркайсың. «Уикэнд-Хоумс» деп коюшат өздөрү. Аларды бирөөгө ижарага берүүгө болбойт, үйдүн ээлери гана жашаганга уруксат. Мындай өзгөчөлөнүп жашаганы үчүн да мамлекетке салык төлөшөт. Кадимки фин үйлөрү сыяктуу жээктин эки четинде пайдубалынан сууга матап же чынжырлап кагып койгон үйлөрдө жашоонун ырахаты башкача болсо керек.

Баш калаанын борбордук көчөлөрүнүн бири – Дамрак. Анда маданий борборлор, кафелер, кол өнөрчүлөрдүн өнөрканасы жана музейлер орун алган. Дамрактын Рокин көчөсү менен кесилишинде тарыхый аянт Дам жайгашкан. Ошол аянттын батыш бөлүгүндө көзгө басар, өтө кооз, өтө табышмактуу 200 жылдан бери нидерландык монахтардын резиденциясы Королдордун двореци көзгө чакчаят. Ошол аралыкта ага жакыныраак Тюссо айымдын (Мадам Тюссо) музейи чакыргансыйт. Уруксат этсеңиз, Тюссо айымдын музейине кирүүдөн мурда улуу художник, өз мезгилинде атагы таш жарган менен жеке өзү сүйүктүү да, айрымдарга жек көрүндү, түшүнүксүз болгон Голландиянын живопись өнөрүнө биринчи революция жасаган гений жөнүндө айткым келип турат.

## Өмүрү-өлүмү табышмактуу гений

Амстердамдагы Схрейерсторен жана Монтелбансторен деп аталган орто кылымдагы эки мунаранын имараты ушул кезге чейин чекеси чертилбегендей зыңкыйып, мыкты абалында турат. Ал жердеги имараттардын дубалынын дээрлик баары кызыл, ак сызыкчасы бар же кара кыштар менен тургузулган. Так ошол борбордук бөлүгүндө 1614-жылдагы Рембрандттын үй музейин көрүп, имериле тушалып калгансыдым…

Рембрандт Харменс Ван Рейн 1606-жылы 15-июлда Рейн дарыясына жакын Лейденде туулган. Атасы тегирменчи болгон. Тогуз балалуу, оокаттуу үй-бүлөнүн атаэнеси сегизинчи уулуна жакшы билим берүүнү тилек кылып, 1620-жылы Лейден университетине киргизет. Өз

кезегинде аталган окуу жайы европалык билим берүүнүн очогу катарында анын жогорку мектеби ошол кездеги бүткүл цивилизациялуу өлкөлөрдө даңкталган. Университеттеги укук жана теологияга такыр кызыкчылыгы жок өспүрүмдү сүрөт менен живопись өзүнө тартып туруп алгандыктан, ата-энеси аны окуудан чыгарып алууга аргасыз болушат да, сүрөтчүгө өз алдынча окууга беришет. Анын биринчи мугалими Якоб ван Сваненбюрхудан үч жыл таалим алып, искусствонун алиппесин үйрөнүп чыгат.

Рембрандт олуттуу маани берип, бүйүрүн кызытып окуткан мугалими Амстердамдагы Питер Ластмандын сүрөт өнөрканасы болот. Ал жерден венеция, рим, неополитен жана испаниялык живопись менен таанышат. Ластманда жарым жыл окугандан кийин он алты жашында Лейденге кайтып келет. Ошол кездеги таанымал гуманисттер Петрус Скривериуса жана Гаспар Барлеусанын демөөрчүлүгүндө Веддестеегеде өнөрканасын ачат. Так ошол Скривериуса Рембрандтка 1625-жылы «Ыйык Стефанды таш бараңга алуу» («Избиение Святого Стефана») деген, кудай жалгап, сакталып калган биринчи полотносун тартканга буюртма берет. Адистердин айтымында ушул темада каардуу ал гана эмес, провокациялык мүнөздөгү композицияны чагылдырып (ошол кезде чиркөө чокуга чыккан убак эле), жеңил-желпи, үстүртөн иштелген стилден качкандыгы байкалат. Так ушул полотно Рембрандттын биринчи жолу академиялык стилге каршы, жаңы ойго, жаңыча көз карашка умтулган, өз почеркин табуудагы көз карандысыз кыл калемгер катары таанытат. Жакшы көргөн окутуучусу Ластманды туурап, Ластманга жакын манерада иштегени анын «Валаам», «Говий жана периште», «Давид жана Голиаф» аттуу эмгектеринен көрүнөт. Кийинки эмгектеринен дагы бир окутуучусу Пейнастын таасири сезилет, анткени полотносунда күрөң түстөрдүн гармониясы жуурулушуп, жарык берүүнүн сырдуу эффекти даана байкалат. Ал эми «Египетке качуу» («Бегство в Египет»), «Самсон жана Далила» дегендери адамдын эмоциясын, сезимин абдан мыкты иштелгени менен тартат. 1630-жылдагы эмгекте-

ринин туу чокусу деп «Эммауседеги Христосту» («Христос в Эммаусе») көрсөтүшөт. Өз замандаштары кыл калемгердин анын техникасындагы виртуоздукту, жандуу турмушту, психологизм менен реалисттик маанайды белгилейт. Ал гана эмес, сүрөтчү гравировка менен иштеп, өзүнүн апасынын элесин «Мать Рембрандтта под черной вуалью» деген сүрөтүндө түбөлүккө калтырган.

Лейдендеги мезгилинде Рембрандт лейдендик жаш живописчи Ливенса менен бир өнөрканада маңдай-тескей иштешет. Ливенсанын манерасы да ага абдан жакын болгондуктан экөөнү ажыратуу кыйын эле, кимиси кимисине таасир бергенин билишпеген. Анткени эки сүрөтчү тең Ластмандын окуучулары болгон.

1631-жылы ийгиликтин артынан түшкөн сүрөтчү Амстердамга келип жашайт. XVII кылымда Голландиянын борбору дүйнөлүк коммерциянын борборуна айланат. Анын үстүнө эски шаар өзгөчө көрктүү, живопистүү болчу. Сүрөтчүгө шык берген көрүнүштөр; кооз пейзаж, опур-топур кыймыл, мээнеткеч адамдар, түркүк кыялдагы мүнөздөр, образ менен ойдун ар кылдуулугу жана башкалар күндөн-күнгө ийгилик, мээнеткеч сүрөтчүгө кучагын жайып, жылмаят. Буюртмачыларын такыр күттүрбөйт. Анын картиналары, гравюраларына болгон талап өз мекенинде эле эмес, чет өлкөлөрдөн да табылат. Аз мезгилдин ичинде көр-тириликтин кем-карчын бүтөп, иштеген акчасына шаан-шөкөттүү, кымбат буюмдарды сатып алат. Бюргердик чөйрөдө аны популярдуу портретист катары таанышат. Анын элүүгө жакын картинасы жалаң портреттер жана этюддар. Алардын арасында ушул тапта Маурицхейсинде сакталып турган белгилүү картинасы «Доктор Н.Тюльпанын анатомия сабагы» – бир канча адамдар кунт коюп берилип доктордун дарсын угушууда.

Амстердамда Рембрандт Лейденде баштаган ишин улантып, тарыхый живопистерди тартууга үзүлүп түшөт. «Окумуштуу», «Чумадан жабыркаган Оссия королу» («Король Оссия, пораженный чумой») деген эмгектери бети-башы бырышып-тырышып, карылыкка моюн сунган чал-кемпирлердин («Старик в колпаке») портретте-

рин андан ары тереңдеткен. Сүрөтчү өтө бай соодагер Эйленбюрх менен таанышкандан кийин аксессуарлары кооз, шаңдуу моделдери живопистин көркүн ачкан ашкере «салтанаттуулугу» менен адамды магниттей тарткан оригиналдуу, бир гана Рембрандттын почеркине таандык, кайталангыс искусство чыгармалары жаралган. Канчалаган окуучулары, шакирттери, сүрөт ышкыбоздору аны туураймын деп окшоштура албай, убара чегишкен.

Көп өтпөй Рембрандттын өнөрканасы Амстердамдын көркөм дүйнөсүнүн борборуна айланат. Бай адамдар ат тезегин кургатпай буюртмаларга акчасын алдын-ала берип эле койбостон суранычын аткарышы үчүн да кошумча акча төлөшкөн. Гравюралары Голландиядан сырткаркы жактарда да өтө даңкталган, сатуучулар, соодагерлер андан пайдаланып калуу үчүн аты анчалык таанылбаган сүрөтчүлөрдүн эмгектерине Рембрандттын мөөрүн чапташкан. Борбордогу эң бай, кадыр-барктуу үй-бүлөлөрдүн балдары окуу акысы өтө жогору болгонуна карабай, анын окуучусу болууну сыймык көрүп, тайпаларга жазылыш үчүн топурап келишкен. Бирок сүрөтчү, чыныгы педагог Рембрандт шакирт тандоодо өтө катуу позиция карманган.

## «Биринчи сорттогу апенди»

Ал өзүнүн алтынга тете убактысын бошко кетирген эмес. Окуучуларынан да олуттуу мамилени талап кылган. Сабакты калтыргандар менен келише албаган. Окуучуларынын индивидуалдуу жүзүн сакташ үчүн бирин бири карап туурабасын деп өнөрканасынын жанына чакан-чакан бөлмөлөрдү жасап, ортосун жука торчолор менен бөлдүрүп таштаган. Алардын кимдир бирөөсү сабак учурунда натурщиктер менен катуураак тамашалашып же шатыра-шатман күлүп койсо, бүт өнөрканаы солкулдатып жиберген балканын үнүнөн тып басылган. Ал тыным дегенди, аёо дегенди билбей иштеткен. Жат бирөөнү киргизбей, өнөрканасын чыныгы эмгек майданына

айландырган. Аны канчалык бай адамдар тегеректеп турганына карабастан, алардын чөйрөсүнө кошулбаган. Ван Рейн эч качан убактысын көңүлдүү достору, шаан-шөкөттүү той, майрамдарда өткөргөн эмес. Убакытка ушунчалык сараңдыгынан италиялык Бальдинуччи мындай деп эскерген: «Ал биринчи сорттогу апенди болгон, оюн бөлгөн, тоскоол болгондун баарын жек көргөн. Эгер иштеп жаткан болсо, дүйнөнүн биринчи монархын тосуп алууга макулдугун бербес эле...»

XVII кылымдагы илимдин борбору Амстердамдын интеллигенциясынын «каймактары» Рембрандттын өнөрканасына барууну сыймык катары көрүшкөн. Мамлекеттик ишмерлер, акын-жазуучулар, каллиграфтар анын туруктуу меймандары болушкан. Ошол кезде атагы таш жарган акын Иеремия Деккер, живописчи Экгоут, чириген бай соодагер Ян Зоммерс ж.б. андан башка анын картиналарынын коллекциясын топтогон достору конокко келишкен. Көңүлдүү отуруштун «душасы», шайыры Харменс Ван болгон, ал байкатпай кимдир бирөөнүн жестин, мимикасын, кебете-кешпириндеги «бырс» эттирген күлкүлүү учурун чиймелеп, штрихтер менен тарта койгон эскиздеринин көпчүлүгү карикатуралык мүнөздө болгондуктан, боору эзилгенче кыйрап күлүшкөн. Тамашалашкан сүрөттөрдүн артында эч кандай жаман ой болбогондуктан, сүрөтчүгө достору таарынган эмес.

1634-жылы Харменс Ван бургаомистрдин кенже кызы Саския ван Эйленбюрхка үйлөнөт. Саския тоголок жетим кыз эле, анын атасы ак сөөктөрдөн болуп, кезегинде Фрисландия кеңешинин мүчөсү катарында таанылат. Анын эки агасы юрист, туугандарынын ичинде окумуштуулар, мамлекеттик чиновниктер көп болот. Харменс Саскияны жан дили менен берилип сүйөт. Аялы анын жалгызсыраган, эмгектен баш көтөрбөгөн жупуну турмушуна бакыт кушун кошо ала келгенсийт... Сүрөтчүнүн үйүн чанда кезикчү баалуу буюмдар менен толтуруп, табиттүү жасалгалап, кадимки музейге айландырат. Харменс да аялынын оюн айттырбай туюп, көпчүлүк убактысын эски-уску саткан лавкада, аукциондо, наркы төмөндөтүлгөн жайма базарларда өткөрүп, эски кар-

тиналарды, эстамп, статуя, эски курал-жарак, фарфор, хрусталь буюмдарды сатып алат. Көрсө, ошол кооз предметтер, баалуу буюмдар ал тарткан чыгармаларга эң сонун фон болуп берген экен. Түстөрдүн бири-бирине жуурулушу, айтайын деген ойдун «жарк» этип бөлүнүп турушу кыл калемгерди ого бетер шыктандырып, көркөм ой жүгүртүүсүн байыткан, фантазиясын чабыттаткан.

Ал аялынан эч нерсени аяган эмес. Саскияга кымбат нарктагы баркут, солкулдаган жибек, парчанын кездемелерине ошол кезде модага айланган алтын жана бриллиант жалатылган жибектер менен саймалатып, көз нурун алган седептери чагылышып кубулжуган көйнөк, бешмант ж.б. кийим-кечесин атайын тикмечилерге тиктирип кийиндирген. Колуна кооз шакек, сөйкө, кыскасы, аялдын жандүйнөсүнө жакын буюм-тайымдарга, назик иштелген шуру-мончокторго бөлөп таштаган. Кооз, көркөм, көңүлдү көтөргөн жасалгалардан, шаан-шөкөттүү пардаздануудан аялынын назик, кубакай, татынакай жүзү, алтын түспөл сары чачтары кандай көрүнөөрүнө кызыккан, түстөрдүн кубулушунан боёкторду тапкан, андан чыгармасына идея алган. Супсулуу Саския сүрөтчүгө жакын жан жолдош, эң сонун модельер гана эмес, анын талантын ташкындаткан, көңүлүн көтөргөн илхам кушу, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөгү болгон. Дрездендеги (Берлин) картина галереясында сакталып турган «Саския гүлдөр менен» («Флора») деген картинадан башына саман шляпа, колуна гүл кармап, мыйыгынан жылмая күлгөн Саскиянын гүлдөгөн курагынын бир көз ирмемин көрөсүз. Ал эми «Автопортрет с Саскией на коленях» деген чыгармасында күч-кубаты толгон, үй-бүлөлүк бактына чексиз ыраазы, колуна чоң бокал кармаган өзүнүн автопортрети, тизесине бакытка балкыган Саскияны отургузуп тарткан сүрөт эки жаштын бал айынын бактылуу учурунан кабар берет.

1642-жылы Харменстин бактылуу очогун кара туман чулгап, төрт жолу боюна бүтүп, ыңаалап жарыкчылыкка келгени менен ымыркайында чарчап калган эки кыз, бир уулунун күйүтү, кургак учук оорусу Саскиянын түбүнө

жетет. Тогуз айында эне сүтүнө тойбой калган бир эле уулу Титус Ван Рейн эптеп чоңоёт.

Көз алдында аялынын өңдөн азып, күндөн-күнгө шалдайып, көз нурунун өчүп бараткандын көрүп, жүрөгү канап, сүйүү менен кайгынын жаралышына бүткүл жан-дүйнөсүн берип тарткан мастердин шедеврлеринин бири: «Ночной дозор» – деп аталат.

Бир рота аткычтар корпорациясы өздөрүнүн жаңы штаб-квартирасын жасалгалоо, көргөнгө таасир калтырыш үчүн Рембрандтка бир тайпанын портреттерин тартууга буюртма беришет. Он алты адамдан турган тайпадагылардын сүрөтүн алты художник бөлүп алып, ишке киришет. Канчалаган маңдай тер, мээнет менен бүткөн сүрөттөр өнөрканадан уурдалып кетет. Бул окуя ансыз дале сүрөтчүнүн урап бараткан үй-бүлөлүк бактысын кошо алып кеткенсийт...

Рембрандт Титусту баккан аял Гертье Диркс менен мамиле түзүүгө аргасыз болот. Бирок алты жылдан кийин аял карөзгөйлүгүн карматып, сүрөтчүгө каршы «согуш» ачып, никелик милдеттенмесин бузду деген жалган жалааны жаап кетет. Андан кийин художниктин тагдыры Амстердамга иш издеп келген, жыйырма жаштагы Хендрихье Стоффелге туш кылат. Хендрихьенин гүлгүндөй жаш курагы, сүрөтчүгө болгон ышкы сезимдеринин дүбүрттүү мезгили, балыктай былкылдаган супсулуу денеси «Жаткан аял» («Женщине в постели») деген эмгегинде калат.

1647-жылы Ван Рейн жашаган үйү үчүн өз убагында акы төлөй албай калат. Анын материалдык абалы жылдан-жылга начарлай берет. Өлкөдө финансылык кризис башталат. 1652–1654-жылдардагы биринчи англо-голландиялык деңиз согушунун кесепетинен өлкөнүн казынасы бөксөрөт. Амстердамда, деңизге жакын шаарларда банкрот башталат, коммерциялык товар жүгүртүүчүлөр кескин кыскарат. Мунун таасири көркөм чыгармаларга да тиет. Мурда Рембрандттын ар бир портрети үчүн 600 флорин төлөшсө, кийин 60 флоринди да төлөгүсү келбей калышат. Бир мезгилдердеги атагы таш жарган сүрөтчүнүн чыгармаларына болгон талап жоголуп, сүрөт искусствосундагы жеңил-желпи, моданын артынан кууп

кетүүнүн айынан чыныгы реалисттик маанайда, күчтүү духта, оригиналдуу колоритте тартылган шедеврлердин бетин чаң басып калат...

Сүрөтчүнүн достору базар наркына ылайыктап, кардалы тез табыла турган «сырты жылтырак» сүрөттөрдү тарткын деп сунуштайт. Бирок ал макул болбойт, материалдык абалы оорлошкон сайын көгөрүп, көздөгөнүнөн кайтпайт. Рембрандт болуп туулуп, Рембрандт бойдон калышты каалайт. Жокчулук канчалык айласын кетирбесин эч кимден жардам сурабайт. Атак-даңкы дүркүрөп турган маалдагы бай, кадырман досторунун бири келип кабар албайт, жардам колун сунбайт. Портреттерин бекер тартып берип, картиналарын акысыз тартуу кылгандарынын эч кимиси алын сурабайт. Анын өткүр көздөрү, бекем кымтылган эриндериндеги мыскыл жылмаюусу менен өз доoруна, замандаштарына тике карап, жандүйнөсүндөгү добулдуу дүрбөлөңдү таасын чагылдырган өмүрүнүн соңку жылдарындагы эки автопортрети (1657-жыл, 1660-жыл) деңизге чөгүп бараткан «Титаниктей» таасир калтырат. Адамдардын жылкы мүнөз мамилесинен көңүлү биротоло калса да, пендечиликтин оомал-төкмөлүгүнөн жабыр тарткан сүрөтчү тубаса көктүгү, кайтпас көкжалдыгына салып, жокчулуктун торуна чырмалып калганына карабастан: «Мени сындырганыңар менен, менин эркимди сындыра албайсыңар! Карагылачы, чагылган чаап өтсө да, сынбаган дубдай катуумун, кебелбесмин...» – деп тургансыйт.

## Генийди теңине албаган тентимиш өлүм

1657-жылы Рембрандт үйүндөгү бүт мүлктү кредиторлорго берип, бир жылдан кийин үйүн аукциондон саттырууга аргасыз болот. Розеграхт көчөсүндөгү кол өнөрчүлөрдүн Иордаан кварталына көчүп келет. Күнүтүнү иштеп, үй-оокатынын кем-карчына канчалык үнөмдүү, сарамжалдуу болушпасын, турмушу оңолбойт. Чынчыл, ак ниет атасынын атына так түшүргөн кедейчиликтен, карыздардан кутулуу максатында уулу Титус Хен-

дрихье менен бирге искусство чыгармаларын сатуу боюнча компания түзүшөт. Бул аракет дале майнапсыз болот.

Тилдүү, ичи тар замандаштары жектеп, көралбастык менен сөз кылышкандарына карабай, өмүрүнүн акыркы жылдарында аны модадан калган, унутулган кыл калемгер дедиртпей, Амстердамдын мэриясы абдан чоң буюртма берет. Узун-туурасы 5х5 метрлик, гигант картина «Клавдия Цивилисага кутум» («Заговор Клавдия Цивилиса») деп аталат. Болгондо да борбордук көчөлөрдүн бирине тартылып, шаарга жаңы башкача бир түс, маанай тартуулайт. Италиянын декоративдүү живописинин үлгүсүндө тартылган бул эмгек Рембрандттын эң сонун талантын, кайталангыс кол тамгасын жана оригиналдуу чеберчилигин күбөлөйт. 1663-жылы кырк жашында жакын жолдошу Хендрихье оо дүйнө салат. Мунусу аз келгенсип, көп өтпөй, уулу Титус ван Рейн үйлөнгөндөн кийин жети айдан соң, ымыркай небересин жетим калтырып, көз жумат. Турмуштун удаа-удаа ачуу соккусуна кабылган Рембрандт оор кайгыдан тентип, ичкиликке баш-оту менен берилип, жандүйнөсү эч нерсени кабылдабай каңгып калат. Сүрөт да, кудай берешендик менен берген таланты да анын кайгысына ортоктош боло албайт. Эртели-кеч өзүн алаксытмакка ызы-чуулуу шаарда темселеп, башы ооган жакка басып кетет...

Рембрандттын үй музейин көргөндө эмнегедир улуттук театр жана кино өнөрүнүн башатында туруп, эки багытта тең кайталангыс шедевр-образдарды жараткан кыргыздын улуу актрисасы, зор инсан, бир келген талант Бакен Кыдыкеева эсиме түштү. Бакен Кыдыкеева да өмүрүнүн акырында кайдыгер мекендештеринин, интриган коллегаларынын айынан театрдан чыгарылып, тентип-тербип калат. Бир кезде «Бакен» деген аттан жарылып, көрүүчүлөрүнөн жаркып турчу өмүрлөш, коюндаш театрына кире албай, имараттын сыртында, скамейкага барып отуруп, кусасын таратып кетчү экен. Акыркы жылдары ар кимдикине түнөп, иши жок жүргөнүн билген, ошондогу мамлекеттик жаштар жана өспүрүмдөр театрынын директору, режиссер, маркум Алмаз Сарлыкбеков театрга актриса катары жумушка алат...

Областтык акимчиликтин биринчи кабатында кимдир бирөөгө кирмекке келген экен. Жүдөй түшүптүр... кийингендери жупуну, көкүрөгүн бушайман кылган санаадан чачылып-чарпылгандай түрү бар... Мени таанына да, билбесе да жанына басып барып, салам бердим. Тааныштардай учураштык. Үнү карыбаган экен... коңур, кубаттуу, не деген уккулуктуу, жагымдуу үн. Бүткүл турган турпатынын, жандүйнө кубатынын керемети ошол үнүндө болчу. Көп өтпөй улуу актрисанын дарексиз жоголгону, мүрдөсү өлүкканадан табылганы жөнүндө сөз тарады. Жакшы жүрмөк бар да, жаман өлмөк табышмакпы? Өлүмдү эч ким күтпөйт, тилеп да албайт, анын жакшы-жамандыгына жеткирген биз адамдарбыз...

1669-жылы улуу мастер тентимиш өлүмдүн торуна чалынып, арактын айынан адам кейпинен айрылып, жүрөгү сокпой калат. Ың-жыңсыз кеткен улуу генийдин сөөгү ардакталбайт, көчөдө тентип өлгөндөр менен кошулуп, каерге, качан көмүлгөнү белгисиз бойдон калат. Көк асмандын, чексиз мейкиндиктин соңку шооласы сиңген кара, өткүр көздөрү жумулбай калат... ал көзүнүн тирүү кезинде өзү жараткан эмгектердин баасын билген да эмес, элестете да албаган. Учурда бүткүл дүйнөдөгү чоң-чоң музей, галереяларда анын чыгармалары адамзатты таң калтырып, суктандырып, өлбөс-өчпөс казына, алтын уютулган кенчтей, түгөнбөс байлык болуп калды. Жоголуп, уурдалгандан кийин табылган Рембрандттын 60 портрети, 300 гравюра, 1000ден ашык картиналары дүйнөлүк руханий байлык катары аздектелет.

## Суу, от жана чума

Амстердамдын аймагында эки чоң жогорку окуу жай: Амстердам университети жана Эркин («Свободный») университеттери жайгашкан. Амстердам университети 1632-жылы Агартуу лицейи катары негизделип, эки: экономика жана философия факультеттери болгон. 1877-жылы университет деген наам ыйгарылган. Анда сегиз

факультет: гуманитардык, коомдук, табигый илимдер, экономика жана бизнес, юридикалык, медициналык жана тиш дарыгерлик факультеттери бар. Европадагы эң престиждүү, кадыр-барктуу, алдыңкы окуу жайы болгондуктан, аны бүтүргөндөр ишсиз калбайт жана аларга болгон талап жогору. Окуу процесси оор, билим алууда биздегидей «өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» деген мамиле түштөрүнө да кирбейт. Ал эми Эркин университети протестанттар коомчулугунун каражатына 1880-жылы негизделет. XX кылымдын 60-жылдарына чейин өңчөй протестанттык диндегилер билим алышкан. Бүгүнкү күндө анын он үч факультети бар жана дүйнөдөгү ири он бир илимий изилдөө институттары менен таанылган.

Шаардын борбордук бөлүгүндө мейманкана, отелдер, банктын имараттары оголе көп. Кино жана телевидения академиясы, искусство институтунун имараттары бөлүнүп турат. Мындан башка бир канча ар кандай даражадагы орто окуу жайлары, мектептер, жаштар аудиториясына арналган «Немо» ири илимий борбору жайгашкан. Билет сатып алып, баш мээни түйшөлтпөй эле химия, физиканын закондорун оюн формасында окуп-үйрөнсө болот. Акыл-эстин өнүккөн формасыбы же илимдин жетишкендигиби, баш ооруткан формулалар жеңил, жетик формада түшүндүрүлөт.

Эми сиз менен Тюссо айымдын музейине кирели. Так ошол борбордук көчөнүн көп кабаттуу кварталында орун алган бөлүмдөрү үч кабатына жайгашкан музейдин уникалдуу жасалгасы, мом шамдан тургузулган, тирүүдөй таасир калтырган кейипкерлери менен дүйнөнү өзүнө көңүл бурдурат. Биринчи кабатына киреериң менен жылмая күлүп «Ассалому аллейкум» дегендей, Американын Президенти Барак Обама тосуп алат. Бою, турган турпаты, кебете-кешпиринен, жест-мимикасынан, кала берсе, кийген кийиминен кынтык таппайсың.

Б.Обама менен кол алышып, колтукташып, же сүйүп, же сүйлөшүп эле сүрөткө түшкөн туристтерди көрөсүң.

Тюссо айым сегиз жашынан эле атактуу адамдардын куурчагын жасап, кейипкерлерди дал өзүндөй окшоштура алгандыгы, кулк-мүнөз белгилерин билгичтик менен тап-

кандыгы жагынан атагы чыккан. Он алты жашында бүткүл Голландияга, ал эмес Батыш Европага таанылып, белгилүүлөрдүн барктуу каарманына айланат. Кем кезиккен талант ээси өзүнүн таң каларлык талантын дүйнөгө таанытмакка, жер жүзүндөгү атактуулардын кейпин жасап, өзүнчө музей ачат.

Экинчи кабатка көтөрүлсөңүз, байыркы Голландиянын көрүнүшүнө, жашоо образына, ошол мезгилдин кишилерине жолугасыз. Албетте, азыркы Нидерландияны суусуз, каналсыз, кораблсыз элестетүүгө такыр мүмкүн эмес. Эски заманда дале ошол атрибуттар өзөгүн жоготкон эмес. Ар кайсы социалдык катмардан чыккан калктын өкүлдөрүнүн кейипкерлери: жүдөгөн кедейчиликтин кээрин тарткан чал-кемпирлер, курсагы салаңдап, семиздиктен баса албай кыйналган монарх, чиркөөнүн попу, капсалаңдуу тагдыр кечирген протестанттар жана башка көрүнүштөр эми эле сүйлөп жиберчүдөй, жандуудай элесин көрүп, кадимки тирүүлөрдөй кабылдайсың. «Восковый фигур» деген сөздүн маанисин биз «мом шамдан жасалган келбет» – деп котордук, тагыраак айтканда, түшүндүк. Айрыкча Амстердам баатырдын кейпи-келбетин өтө эле окшоштурган, узунтуурасы 3–4 метрдей жан киргизилген адам өзү жөнүндө, өз өлкөсү жөнүндө өз оозу менен баяндап берет. Менимче, балдар үчүн таасирдүүлүгү эч талашсыз. Күңүрт жарыктан тарых таржымалынын ар кайсы мезгилин элестеткен көрүнүштөрдүн парады биринин артынан бири чубап өтөт. Кадимки эле биз колдонуп жүргөн шамдан (свеча) жасалган кейипкерлер, элестүү айтканда, сендей экинчи адамың (двойник), сенин өзүң музейде турат дейли. Андыктан төгөрөктүн төрт бурчундагы көзү тирүү атактуулар өзүн өзү көрүп, таасирленүүсү, атагын дагы арттырыш үчүн агылып келишет экен. Баарынын атын атап отурбай эле, тарыхтын дөңгөлөгүн чарк айландырган жалпыга тааныш личносттор: СССРди курган, КПССтин жол башчысы В.И.Ленин, СССРди жок кылган, союзду тараткан, КПССтин акыркы боссу М.С.Горбачев, Кытайдын, Индиянын мамлекет башчылары: М.Ганди, Ху Дзинь Тау жана башка

дүйнөлүк аренадагы XIX–XX кылымдарда жашап өткөн көрүнүктүү инсандар, акын-жазуучулар, композиторлор, сүрөтчүлөр, илимпоздор, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, ырчы-бийчилер, эстрада жылдыздарын көргөндөн кийин, жалпы планетанын сүймөнчүлүгүнө айланган англиялык ханзаада Диананы, «темир канайым» М.Тетчерди кезиктиресиң. Албетте, музей өтө кызыктуу, ааламды аты, даңкы менен дүңгүрөткөн адамдардын тирүүдөй кейпи тургандыгы үчүн эмес, атак-даңктын артындагы эмгекти көкөлөтүп, жер жүзүн бириктирген үч нерсенин өлбөстүгүн, эмгек, талант жана акылдын бийиктигин даңазалаганы менен баалуу.

Амстердамдын Герби жана Желегиндеги шаардын үч артыкчылыгы: кайратмандык, туруктуулук жана боорукерликти символдоштурган белгини элдик көз караш менен алганда үч крестке – от, суу жана эпидемия менен байланыштырышат. Анткени кызыл түс – оттуу, ак түс – сууну, кара түс – чуманы билдирет. Өткөн доорлордун бир мезгилинде өлкөнү дээрлик чума каптап, чалгы чапкандай оорудан тура албаган голландиялыктар шейит кетип, жарыкчылык менен кош айтышкан. Коркунучтуу, айласыз апаат өз тагын ушинтип баскан. Ошондой эле мамлекеттик Гербинде Австрия императорунун коронасы да бар. XVII кылымда ал Рудольф II коронасы менен алмашылган. Ал эми XVI кылымда Нидерландия өз алдынча Республика болгондо, эр жүрөктүүлүктүн, тажаалдыктын жана тайманбастыктын символу катары Арстан пайда болгон.

Европадагы бир гана мамлекетте жаз-жайкысын түркүн-түс ажайып гүлдөрдөн таажы тагынган, күз-кышы деле жапжашыл, мындай сыйкырдуу пейзажы бар өлкө бул – Голландия!

# Люксембург – улуу герцогдордун резиденциясы

Люксембург, Бельгия жана Нидерландия үчөө тең монарх өлкөлөр, басып өткөн тарыхы, территориясы, тили жана кызыкчылыгы ар башка болгону менен үч манжаны бириктиргендей, Батыш Европада Бенилюкс союзун түзүүнүн өзүнчө мааниси бар. Бири-бирине жакын үч мамлекетти аралап аккан Рейн, Түндүк Батышынан Масс жана Шельда өңдүү ири дарыялар географиялык бир бүтүндүктү алаканга салгансып турат.

Шаардын борборуна алып барчу магистралдын эки тарабы калың, жапжашыл капчыгайга оронуп, кол менен эгип койгондой карагай, кайың өскөн токойдон бараткканда суурулуп чыккандай сезесиң өзүңдү. Люксембургдун чет жакасынан канча кылым карытканы белгисиз, ушул кезге чейин сакталган дуб жана бамбук токойлорун кезиктиресиң. Биздин улуттук адабиятыбыздын корифейи, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов Кыргызстандын Бенилюкс мамлекеттериндеги атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеп жүргөндө: «Люксембургдун абасы Кыргызстандыкына окшош, кээде өзүмдү Кыргызстанда жүргөндөй сезем» деген маегин радиодон кулагым чалган эле. Бараарыбыз менен кыргызды жер жүзүнө тааныткан, руханий-көркөм дөөлөттөрү менен адамзааданы таңшандырган атактуу жердешибиздин ушул шаарда жашап-иштеп кеткенин эстегенде, Люксембург бир боорубуздай жакын сезилип кетти. Анын үстүнө дипломатиялык кызматты аркалап жүрүп эки мамлекеттин бир гана экономикалык, саясый багытын гана эмес, маданий, руханий жакындашуусуна өбөлгө түзгөнүн эстөө кандай жагымдуу эле. Улуу жазуучу акыркы «Тоолор кулаганда» романын жазып жатканда, Кыргызстанга

болгон кусасы, сагынычы, алп тоолору, Ысык-Көлүн көз алдына туткандыр...

Өлкөнүн чек арасынан өтүп, борборуна кире бериште чылк болоттон куюлган бийиктиги 4–5 метрдей болот бюсту – бул мамлекеттин бир артыкчылыгын даңазалап турат. Экономикасынын ыргаалдуу өнүгүүсүнүн бир булагы жогорку сапаттагы болот өндүрүү боюнча дүйнө жүзүндө алдыңкы орунда турат жана жүз отуздай банктары бар. Люксембургда планетадагы эң бай адамдар жашайт. Дубай, Эмираттагы миллионерлердей алтын, күмүшкө чулганган шаан-шөкөттүү отель, вилла өңдүү, кирсең чыккыс мейманканалары болбосо да тыкандыгы, архитектуралык баалуулугу, комфортабелдүүлүгү менен азгырып, өзүнө тарткан дворецтери менен мактанса жарашчудай. Люксембург – эски, тарыхый шаар деп аталганы менен борбору модернизацияланып, жаш теректерди отургузуп, жаңы имараттарды куруп жатышканына караганда жашарып баратканы байкалат.

Шаар деңиз деңгээлинен 334 метр бийиктикте жайгашкан, андагы Петрус жана Альзет деген анча чоң эмес эки дарыя борборду жогорку жана төмөнкү шаар делген эки бөлүккө бөлүп турат. Аларды бири-бири менен өз ара байланыштырып, жекече долбоор менен курулган, уникалдуу чоң көпүрөлөр «Адольф» жана «Улуу герцогиня Шарлотта» деп аталат. Бул көпүрөлөр жөнүндө бир-эки ооз сөз айтып кетпесем болбостур. «Адольф» көпүрөсү 1900–1903-жылдарда архитектор Поле Сежурненин планы боюнча курулган. Анын астыңкы бөлүгүндө бакдарагы жайкалган, гүлдөр жайнаган, пейзаждуу кеңири жер тилкеси менен көркөмдүү, кооз парктар созулуп жатат. Муну Петруссе өрөөнү дешет. Өтө кооз болгондуктан, баш жагы илгерки трактордун көрүнүшүн элестеткен эки-үч вагону чиркелген атайын Петруссе экспресстерине отуруп алып, шаарды тамаша кылсаңыз болот. Ал эми «Кызыл көпүрө» дешкен Улуу герцогиня Шарлоттанын урматына курулган, чымкый кызыл түстө сырдалган, болоттон курулган көпүрөнүн узундугу 355 метр, туурасы 25 метр, 4800 тоннаны көтөрүп турат. Ал Альцет өрөөнүн

шаардын борборундагы Европалык Союздун административдик имараттары жайгашкан Киркберг аянты менен байланыштырат. Мындай гигант курулуш 1962–1966-жылдары бүткөрүлгөн.

Биздин сапар көбүрөөк шаардын жогорку бөлүгүн кыдыруу менен өттү. Тарыхый жайлар сизге элестүүрөөк болсун үчүн кылым кыйырын көөнөртүп, эски доордун жандуу элесиндей таасир калтырган таржымалынан анчамынча кошумчалап кетейин. Альцет өрөөнү аркылуу өткөн «Бок» деп аталган (крепость) чепти 963-жылы граф Сижетруа шагыл-таштуу, аскалуу аянтка курдурат. Чептин дубалдары ушунчалык бекем болгондуктан, бир нече кылымдар бою шаарга кирүүгө такыр мүмкүн болбогон. 1443-жылы Бургундулук герцог аны басып алгандан кийин төрт жүз жыл бою чет элдик княздар башкарып келген. Бургунду, Испания, Франция, Австрия жана Германия союзунун башкаруучулары шаарды бекем курчалган урабас, кебелбес, түнөргөн түнт чепке айландырышкан. Шаардын үч тарабына чычкан өтө алгыс дубал куруп, 24 форт жана 16 блокгауздарды орнотуп, жер астынан 23 км.ге созулган галерея курушкан. Мындагы фортификациялык коргонго миңдеген жоокерлер минген аты жана амунициясы, ошону менен бирге устаканасы, ашкана, нан бышырчу жайы да баткан. Чет элдик баскынчы бийлик ээлери шаардын тарыхына так ушундай кетпес так калтырышкан. XIX кылымдын башталышында улуу герцогство демилитаризация менен алпурушуп, он алты жыл бою коргондун чебин бузуп, динамит менен жардырганда, шаардын бир бөлүгү талкаланган. Айрым бир жертөлөгө кире турган жайлар таштарга толуп, жер астындагы жолдорду бөгөп таштаган, бирок галереянын 17 км созулган бир бөлүгү кол тийбей ошол бойдон калган. Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согушта так ушул фортификациялык коргондун пайдасы тийген. Тактап айтканда, 35 миңдей тынч жашаган шаар тургундарын аба күчтөрүнүн чабуулунан сактаган баш калкалоочу жайы катары кызмат кылган.

Люксембургдун Улуу Герцогствосу 1839-жылы Голландия королу Вильям II жана Улуу герцог Люксембург-

дун эбегейсиз күч аракети менен түзүлгөн. Люксембург XIV–XV кылымдагы атактуу, көрүнүктүү граф болгон. Ошол мезгилдерден баштап, Люксембург официалдуу Улуу герцогдордун резиденциясына айланган жана алар башкарып турган жылдарда шаар өнүгүп, өсө баштаган.

1952-жылы көмүр жана болот өндүрүү Европалык бирикмесинин штаб-квартирасы шаарга жайгашкандан кийин бир канча темир жана автомобиль жолдору курулат, эл аралык маанидеги Люксембург аэропорту шаарды Европалык маанилүү борборго айландырат. Азыркы шаар өтө кооз, абасы биздегидей таза, дагы бир көзгө көрүнөөрлүк өзгөчөлүгү жүздөгөн көпүрөлөрү менен таңдандырат. Шаардын калкынын 98 пайызын католик диндегилер, калгандары протестанттар. Калкынын басымдуу бөлүгүн эки этникалык тайпадагы немецтер менен француздар түзөт. Люксембург тили болгону менен англис тилинде сүйлөшөт.

Борбордук бөлүгүндөгү Конституция аянты өзүнчө айырмаланып көрүнөт. Бийиктиги 12 метрлик пирамида түрүндөгү монумент Жеңиш кудайын чагылдырган «Алтын аял» («Золотая женщина») айкели Люксембургду коргоодо баатырларча курман болгон жоокерлердин элесине арналып орнотулган. Экинчи дүйнөлүк согушта Люксембургдан курман болгондордун саны салыштырмалуу көп экендиги тарыхтан белгилүү. Анын урматына жергиликтүү скульптор Клаус Сито дал ушундай таң каларлык, философиялык ой-чабыттуу монумент жасаган. «Курал» («Оружия») деп аталган аянт 1685-жылдагы так ошол жердеги казармадагы полктун ардактуу күзөтүнө багышталган. Эски казарманын орду жаңы түскө ээ болгон, бүгүнкү күндө борбордук социалдык коргоо борбору орун алып, шаардыктардын эс алуу жана жолугушуу жери болуп калган. Мында улуттук акындар Дикстин, акын жана композитор Мишель Ленцтин эстелиги орнотулган.

Ат минип турган Вильям IIнин эстелиги борбордук бөлүктүн эң сыйлуу жерлеринин биринде. Ал Нижний

землянын королу катары Улуу герцогствону негиздөөчүлөрдүн бири, Люксембургдун Улуу герцогу катары даңкталат. Анын жанында бийик да, кыска да, учтугуй, шиштүү мунаралары, чатыры кара түсү менен айырмаланган Кайра жаралуу доорунун эң мыкты үлгүсү Улуу герцогдордун двореци турат. Бул байыркы жана азыркы архитектуранын синтези жана тарыхтын кайталангыс эстелиги. Анын имаратынын эң эле эски канаты XVI кылымга таандык, 1572–1573-жылдары курулуп, бетмаңдайындагы анча чоң эмес эки мунарасы жана элеганттуу декор менен коoздолуп, толукталган. Гиддин айтымына караганда, бул дворец эмнелердин гана күбөсү болбоптур. Бир мезгилдерде улуу урматтуулардын резиденциясына бут басып кирүү мартабага жана чинге жараша насип этсе, бир кездерде опур-топур кирип-чыккан калың элдин тепсендисинде калган. XVII кылымда бул жерге шаардык кеңеш жайгашып, граждандык гвардия жана түрмө да болгон. Өлкөнүн дыйкандары келип, түшүмүн таразага тартып турушкан. XVIII кылымда кошумча имараттарын куруп кеңейтишкен, XIX кылымда бельгиялык архитектор Бардье аны кооздоп-түрлөп, Франциянын Кайра Жаралуу доорунун стилинде жасалгалаган. 1815-жылдары Люксембург өкмөтү иштеп, депутаттар Палатасынын жыйналышы өткөрүлгөн. Ал эми Экинчи дүйнөлүк согушта өлкөнү немец армиясы басып алып, аны концелярдык кызматтын кеңсеси катары пайдаланган, ал гана эмес көңүл ачыш үчүн бар да ачышкан. Согуш учурунда мындагы живопистин тандалган эң мыкты коллекциясы, кытай фарфорунун түрлөрү уурдалган, ар кайсы жактарга ташылып кеткен. Кийинчерээк даректештирип, көпчүлүгүн кайтарып алышкан. Согуштан кийин кайрадан оңдоп-түзөп, Улуу герцогдордун саясый турмушунун борборуна айландырышкан. Ошондуктан 1995-жылы Люксембург Европанын маданий борбору деп жарыяланган.

## Шарлотта элинин сүйүүсүн кандайча багындырган?

Өткөн кылымдын 80-жылдарында Клерфонтен аянтын кайрадан курушкан. Анткени андагы бир канча имараттар өкмөттүн карамагына өткөн. Ошол кооз, архитектуралык фасады көркөм имараттардын кучагындагы тегиз аянтка Улуу герцогиня Шарлоттанын бронзадан айкели орнотулган. Конституциялык монархия түзүлүшүндөгү мамлекетти 45 жыл татыктуу башкарган даанышман аялды, өзүнүн эли өтө сүйгөн, эстеликтин аяк жагына: «Биз сени сүйөбүз, Улуу герцогиня Шарлотта!» – деп жазып, сүйүүгө, урматка толгон сезимдерин таазим этүү менен билдиришкен. Анын эстелигин француз скульптору Жан Кардо поэтикалык образдын чабытында чоң сүймөнчүлүк менен жасаган. Көрсө, Люксембургдун азыркы даражадагы өнүгүүсүндө, мамлекеттик түзүлүшүнүн бекем, конституциясынын түпкүлүктүүлүгүндө Улуу герцогиня Шарлоттанын салымы эбегейсиз.

Шарлотта 1919-жылдын 15-январында Кольмарберг дворецинде ант берип, Королдук престолду өлкөнүн кыйын мезгилинде өзүнө алат. Эжеси Мария Аделаиданын эки жүздүү саясатынын айынан монархиянын кадыры түшүп, таасирин жоготот, өлкөдө кыйчалыш оор абал түзүлөт. 1919-жылы ноябрда ал принц Феликс Бурбон-Пармскийге турмушка чыгат. 23 жаштагы келиндин алдында мамлекеттин маанилүү, чечүүчү вазыйпасы элди монархия менен жараштыруу, өлкөнүн конституциясын конституциялык практика менен айкалыштыруу тапшырмасы турат. 1919-жылдагы шайлоодо республика үчүн калктын 25 пайызы гана добуш берип, монархия бийлиги солкулдап, кулап кетүү коркунучунда калган. Жаш герцогиня өлкөдөгү абалды туура түшүнүп, өзүнүн зиректиги, акылдуулугу жана көрөгөчтүгү менен коомдук пикирди өзүнүн пайдасына өзгөртүп, бийлик башындагы чет элдиктерди бүт люксембургчуларга алмаштырган. Ишке киришкен

биринчи күндөрүндөгү «Саясатты түп-тамырынан өзгөртүү» жөнүндөгү декларациясынын кабыл алынышы өлкөдөгү чоң өзгөрүүлөргө жол ачкан. Ал өз элинин, улутунун, суверендүү өлкөсүнүн негизги принциби жөнүндө мындай деген: «Жогорку бийликтегилердин өлкөнүн Конституциясын жана мыйзамдарын кыйшаюусуз так аткаруусу, элдин ишенимине ээ болгон өкмөткө менин насаатчылыгымдын, менин устаттыгымдын үлгүсү болууга тийиш. Мыйзам чыгаруу жыйыны ишке ашырып жаткан биздин Конституциядагы демократиялык реформалар менин толук колдоомо ээ болот». Улуу герцогинянын улуттук позициясы дүйнөлүк коомчулуктун алдында Люксембургдун кадыр-баркын көтөрөт. Мындай кадам ал өзүнөн мурунку башкаруучулардын жүрүм-турум адебинен, саясатынан туура жыйынтык чыгарып, мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн сакталышына, эркин өнүгүшүнө жол ачат.

Ошентип, 1919-жылы өлкөгө жалпы элдик шайлоо укугу, пропорционалдык шайлоо системасы кирет. 1919-жылы 15-май күнү Люксембург Конституциялык монархия деп жарыяланат. Экинчи дүйнөлүк согуш Люксембургда 1940-жылдын 9-майынан 10-майына караган түнү башталат. Германия армиясы Нидерландия, Бельгия жана Франциянын чек арасын талкалап өтүп, бир нече күнгө созулган каршылыкты талкалап, Люксембургга бастырып кирет. Куралсыз өлкө немецтерге символикалык түрдө каршылык көрсөтөт, бир нече сааттан кийин немецтик-фашисттик армия өлкөнү толук ээлейт.

Таң эрте менен Улуу герцогиня туткунга түшүүдөн качып, үй-бүлөсү, өкмөтү менен мамлекетин таштап кетүүгө аргасыз болот. Башында Францияда, аны немецтер басып алганда, Испанияда жашырынып жүрөт. Эки мамлекет башчылары Гитлер менен Муссолини союз түзүшкөндөн кийин герцогиняга баш калкалар жай берүүдөн баш тартышат. Герцогиня Португалияга, андан кийин Лондонго, кийинчерээк Америка Кошмо Штаттарына жашынып кетүүгө мажбур болот. Люксембург өкмөтүнүн бир бөлүгү Канадада, экинчи бөлүгү Лондондо жайгашууга аргасыз эле. Ошондуктан Люксембург гитлерчилерге каршы коалициянын мүчөсү болуп кирет.

Улуу герцогинянын үй-бүлөсү Канадада жүргөндө өтө эле жупуну жашайт. Согушка чейинки мезгилде анын үй-бүлөсүн тейлөөгө алтымышка жакын үй кызматкерлери тартылса, алар качкында жүргөндө эки гана кызматкери оор күндөрүн бөлүшөт. Анын эки уул, төрт кызы болгон. Кыздары принцессалар Елизавета, Мария Аделаида, Мария Габриэль жана Алисалар катардагы эле Квебек жана Монреал колледжинде билим алышат. Акырында 1945-жылдын апрель айында тагдырдын тарткылыгы менен ар кайсы мамлекетте качкында жүрүшкөн герцогинянын үй-бүлөсү өз мекенине кайтып келишет. Герцогиня Шарлотта келээри менен бүт өлкөсүн кыдырып, согуштан жабыр тарткандарга жардамдашат. Элдин духун көтөрүп, согуштан кыйраган чарбаны өнүктүрүүгө жан үрөйт. Анын патриотизмге, гуманизмге сугарылган жалындуу сөздөрү, бийик максаттары элинин жүрөгүнөн орун таап, алардын жигердүүлүгүн, активдүүлүгүн арттырган. 1956-жылы Шарлотта Рим папасы Пия XII колунан Алтын роза алган. Жалбырагы алтындан жасалма роза гүлү менен Рим папасы католик ханзаада жана монарх аялдарды кемде-кем сыйлаган. 1985-жылы 9-июлда люксембургчулардын сүйүктүү Улуу герцогинясы Шарлотта 89 жашында дүйнөдөн кайтат.

Биздин өлкөдө, Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен алгач аялдан чыккан биринчи Президенттин бийликке келиши жөнүндө коомчулукта ар кандай пикирлер айтылууда. Аял президент өлкөнү, болгондо да кыска мөөнөттө кандай башкарат, экономикалык кризистен алып чыга алабы, турмушубуз оңолобу же жокпу мезгил көрсөтөт. Анын баарын эртеңки жашообуздун абалы, тажаал тарых таразасы аныктайт. Айтайын дегеним, бир иштин, максаттын өтөөсүнөн чыга электе көбүртүп-жабыртып мактоо, кургак, ашкере эйфориядагы «куру даңазалоо» эпидемиясынан кантип кутулсак болот? Кимдир бирөөлөргө жагыш үчүн, жеке өзүнүн кызыкчылыгын көздөп, уналгы жана сыналгыдан, басма сөздө, Президент, премьер-министр, спикерден баштап, чоңураак бийликтегилерди кезек-кезеги менен мактап-жактап, коомчулукта бир жактуу пикир жараткан «Арзыматчылардын» топ-

эки бийликтин мезгилинен бери жашап келет. Так ошентип, эки президентти ооз көптүрүп мактап жүрүп, «Улуу урматтуум, Сизден өтөрү жок», «Ашууда ат алмаштырбайт» таризиндеги көркөм сөз каражаттарынын гиперболасын ашыкча колдонуп, экөөнү тең биринин артынан бирин жарга түртүп салдык... Алар протокол боюнча алдын ала даярдалган, жасалган жайларга барып жүрүп, элдин чыныгы реалдуу турмуш-абалын билишпеди. Өз көкүрөгү менен сезбей калышты. Жанындагы айлана-тегерегиндеги жакын кошоматчылар «көзүн таңып» жүрүп, акырында жарга түртө салып, жандары тынды.

Жогорку бийликтегилердин, мамлекеттин машинанын кандай иштеп жаткандыгын (маамылыматты так билбегенден кийин) ооз көптүрүп айтуудан алыс болуу керек. Ар бир окуя-фактыны айтууда акыл-таразасында ой калчап, салмактап көрүп, аналитикалык бүтүмгө таянсак, калыстык принцибинен жазбасак, мүмкүн ашкере, аша чабуу оорусу азаябы деп турам. Эки бийликтин ошондой акыбалга жетишине Президенттер, жогорку даражадагы чиновниктер эле күнөөлүү эмес, биз, көпчүлүктүн да салымы болуп жүрбөсүн. «Кандай эл болсо, ошондой Президентке татыктуу» деген аксиома бар. Анын тескерисинче, кээ бир кландардын лидерлерине жакпаган инсан бийлик башына келсе, өзү кошо ала келген платформа-программасын толугу менен иш жүзүнө ашыра электе, атайын, кара пиар аркылуу чабуул жасап, шаштысын алып, иштетпей коюуга чоң аракеттер жасалат. Андан көрө, жалпы улуттун кызыкчылыгы, мамлекеттин, элдин бүтүндүгү, акыры келип, дүйнөлүк коомчулуктагы, күн астындагы ордубузду аныктоого ынтымак-ырашкерлик менен биригип, аракеттенүүнү колго алсак кандай жакшы болмок?

Люксембургдун улуу герцогинясы Шарлотта деле өлкөсү кыйроонун чегине жетип, бийликке эл ишенбей калганда тактыга отуруп, бийликти колуна алып, өз өлкөсүн кантип бутуна тургузганын, элине кандай кызмат өтөгөнүн тарых ырастабадыбы. Кезинде хан айым Шарлоттанын жеп-ичкени, асемдүү кийингени, ажайып кабыл Улуу кечтери, тагынган, көздүн жоосун алган каухар-брил-

лианттары (эгер хан айымдын ошондой буюмдарга жакындыгы болсо) , жыйнаган өлүк дүнүйөлөрүнүн бири да кепке алынбайт. Өз улутуна, мамлекетине, жалпы элине жасаган эмгеги, калкына болгон сыйы менен улуу махабаты тарыхта аңыз болуп калды!

## «Биз мурда ким болсок, ошол бойдон калгыбыз келет»

Шаардын жогорку бөлүгүндө, тактап айтканда, эски шаардагы үйлөрдүн көпчүлүгү XVIII кылымга таандык. XIII кылымда курулган бир үйдүн балконунда бажырайып жазылган люксембургдук тургундардын мындай лозунгу: «Биз мурда кандай болсок, ошол бойдон калгыбыз келет» дегени дароо көзгө урунат. Анткени Люксембург жөнүндөгү жазма булактар 963-жылды көрсөткөнү менен шаар өзүнүн укугун жана статусун 1244-жылда алган. Анын басып өткөн тарыхы карама-каршылыктуу, опурталдуураак, кошуналарына колмо-кол өтүп, бирде Испанияга (1606–1684-ж.ж. жана 1697–1724-ж.ж.), бирде Франциянын ээлигине (1684–1694-ж.ж. жана 1794–1815-ж.ж.), бир туруп Австрияга (1714–1794-ж.ж.), ал эми Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштарда Германиянын карамагына каратылып, баскынчылыктын, көз карандылыктын азабын көп тартышкандыктарынанбы, люксембургчулар өз жеринин ээси, түпкүлүктүү эл болууну өтө каалашат.

Келиңиз эми, эски шаарды жай басып кыдыралы... «Карниздеги бульвар» (Бульвар на карнизе) деп аталган аянттагы үйлөр бир башкача кооз болгону менен бир туруп табышмактуудай, сырдуудай сезилет. Аянт испаниялыктар, француздар XVII кылымда курган коргонуу чебине жакындашып, «Бок» чеби менен «Ыйык дух» аянтынын ортосундагы аристократтардын резиденциясына, Альцет өрөөнүндөгү кайра калыбына келтирилген турак үйлөргө, төмөнкү шаар жана Рам платосуна чейин созулат. Андагы үйлөрдүн бүт балкондорунда кыпкызыл

гүлдөр жайнайт. Бульварга жакын көп сандаган кооз имараттар: шаардык музей, Кассалдын үйү жана архитектуралык эстеликтер; Сен-Кирен капелласы, Сен-Мишель готикалык собору, Кайра Жаралуу доорундагы юстиция двореци, радио үйү, улуттук театр ж.б. көрүнүктүү жайлар бар. Дагы бир кызыктуу, өңчөй күрөң, бозомук, күл түспөлдөнгөн боёктордун контрасттуу айкалышынан турган X кылымдагы саат мунарасы (часовня) азыркы учурда Ыйык Михаил чиркөөсүндө турат. Аны граф Сижефруа сепилдин тегерегиндеги жашоочулар үчүн курдурган экен. XVI кылымдын башталышында өрттөнүп жок болот да, ордуна готикалык чиркөө курулат. XVII кылымдын аягында француздардын армиясы чиркөөнү өрттөшөт. XIX кылымдын башталышында Луи XIVтүн каржылоосу менен кайра калыбына келтирилип, тургундар сыйына турган чиркөөгө айланат.

1684–1688-жылдардын ортосунда көрүнүктүү аскер инженери Марешал Вобандын долбоору менен курулган «Зуб с дуплом» деп аталган сепилди үч миңдей куруучулар күндөп-түндөп иштеп, чычкан жөрмөлөй алгыстай бекемдеп, урабас, чөкпөс кылып тургузушкан. Ал эми люксембургдук граф жана герцогдордун сепили 963–1556-жылдардын аралыгында «Бок» чебинин тегерегинен орун алган. Бул тарыхый, таң калыштуу, өтө табышмактуу (дубалына эмне иштетилгени белгисиз) сепилдердин аталышы Миң жылдыктын монументи деген атакка бекеринен конбогону ырас. Өткөн мезгилдерде Ыйык Иоанна Крестителя чиркөөсү Леюнстерлик аббатствого караган. Анын интерьерлери кайталангыс барокко стилинде салынган. Үстүңкү жагында чатырынан көктү көздөй бой керген «Кара Мадонна» деп аталган статуясы XVIII кылымда тургузулган. Грек жаңгагынан кесилип-тилкеленип, өтө кылдат, өтө чебер жасалгасы менен таң калтырат. Дагы бир эски шаардагы XI кылымдагы көөнө маданий жабдуунун күбөсү Ыйык Квирина ибадатканасынын тээ атам замандарда кереметтүү бир касиети болгон дешет. Мындагы булактардын суусунун көз ооруларына табылгыс дарылыгы көптөгөн сыйынуучуларды өзүнө тартып турган. Качандыр бир кезде «Малакофф»

мунарасынын имараты элеганттуулугу, кемде-кем дизайны менен көргөндөрдү кызыктырып турган экен. 1604-жылы анын ээсинин көзү өткөндөн кийин адамдары сепилди таштап баса беришет. Андыктан, 1994-жылы Люксембургдун эски бөлүгүн ЮНЕСКО адамзаттын маданий мурасы катары каттоого алган.

Люксембург өтө кооз, тыкан жана кайталангыс боёктуу, жашарып бараткан шаар гана эмес, ал герцогствонун маданий борбору. Анда Улуттук китепкана, Муниципалдык театр, консерватория, Люксембург радио жана киностудиясынын симфониялык оркестри бар. Айрыкча улуттук музейинде көптөгөн чанда кезиккен экспонаттар, Септимия Севердин мрамор бюсту, рим доорундагы бронза статуэткалар, орто кылымдагы скульптуранын фрагменттери, минералдар коллекциясы, декоративдүү кол өнөрчүлүк искусствосунун буюмдары жана немец, нидерланд, голландиялык мастерлердин эң сонун картиналары орун алган. Ошондой эле Люксембургда салыштырма илимдердин Эл аралык университети жайгашкан. Натуралисттер коому менен улуу герцогдор Институтунда тарых, медицина, табигый илимдер, адабият жана искусство секциялары иштейт.

Кышы жумшак, жазы мелүүн, жайында деле «балп» эттирип кар жааган жамгырлуу континенттин сыдырым жел согуп турган көркөм шаардын абасынан дагы бир жолу кере-кере дем алгың келет...

# Брюссель – Европанын жүрөгү

Брюсселдин (Ан-аде) Эн-Эйж деген төрт жылдыздуу мейманканасына токтодук. Июлдун орто ченинде бизде жай саратан чатырап турган мезгили, бул жерде жаз жаңы эле баш баккан марттагыдай эртели-кеч чыкыроон суук. Эртең менен шаарды кыдырууга жөнөп жатканыбызда: Силер жаткан мейманкананын үчүнчү кабатында Бельгиянын министри түнөдү»,– деди гид. Жайында ысык аптаптуу күндөр аз эле күнгө конокко келет, кышында болсо карды кемде-кем көрүшөт, көбүнчө жамгыр жаайт. Бельгия түндүк деңизге жакын болгондуктанбы климаты жылуу-жумшак, салкын, нымдуулук өтө жогору. Анын аймагын географиялык өзгөчөлүгүнө жараша кумдуу дөбөлөрдү суу жей берип, сазга айланган, деңиз деңгээлинен 100 метрге чейинки төмөнкү, топурагынын кыртышы түшүмдүү, айдоо жерлери менен шалбаалары созулуп жаткан 100–200 метр деңиз деңгээлиндеги ортоңку жана деңиз деңгээлинен 200–250 метр бийиктиктеги токойлорунун калыңдыгы, жыштыгы менен өзгөчөлөнгөн, кооз пейзаждуу, бийик Бельгия үчкө бөлүнөт.

Уламыштарга караганда Брюсселди VI кылымда ыйык Горик (же Сен Жери) негиздеген. Ал эми отурукташуу жөнүндөгү алгачкы маалыматтар 996-жылдагы Оттон Великийдин кол жазмаларынан жолугат. 977-жылдары Карл Нижнелотаринский Сена дарыясындагы аралга Бельгиянын сактоочусу Ыйык Гудулага арнап сепил жана ибадаткана курдурат. VI кылымда шаардын биринчи дубалдары бой көтөрөт.

1430-жылы бургундулук Филипп III Добрый герцогу герцог Брабантка шаарды мураска калтырып, Брюсселди Бургундунун борборуна айландырууну табыштайт, так ошол мезгилде ратуштун курулушу, атактуу Гран-плас-

тын биринчи имараты тургузула баштайт. Экономикасы өнүгүп, шаарга скульпторлор, килем токуучулар жана зергерлер отурукташат. 1477-жылы Филипп Добрыйдын небереси Мария Бургундская Ыйык Рим империясынын келечектеги императору Максимилиан Іге турмушка чыгат, ошонун эсебинен Брабант Габсбургдун карамагына өтөт. Алардын кызы Маргарита Австрийская убактылуу резиденцияны Мехеленге көчүрөт, кийинчерээк 1531-жылы кайрадан Брюссель Бургундунун борбору болуп калат. Карл V өлгөндөн кийин анын уулу Филипп II башкарып турган мезгилде Бельгиянын көпчүлүк бөлүгү Түштүк Нидерландияга караган. Филипп II тушунда испаниялык башкаруучулукка каршы көтөрүлүш чыгат, графтар Эгмонт жана Горно эл алдында дарга асылат. Ал эми испаниялык Фернадо Альверес де Голедо башкарып турган учурунда протестанттар мыкаачылык менен куугунтукталат. Коогаландуу репрессия ушунчалык үрөй учураарлык болгондуктан, калктын интеллектуалдуу элитасы Амстердамга качып кетүүгө аргасыз болушат да, натыйжада Брюсселде экономикалык төмөндөөлөр кулач жаят. Орто кылымдагы Бельгия жогорудагыдай хронологиянын ордун калтырган өлкө.

XVI–XVII кылымдарда Испаниянын, Франциянын үстөмдүгүндө калып, 1815-жылы Наполеондун армиясы Ватерлоодо талкалангандан кийин, 1814–1815-жылдары Вена конгрессинде Түштүк Нидерландияны Түндүгү менен бириктирүү чечими кабыл алынып, Виллема II карамагына өткөрөт. Көптөгөн машакаттуу тарых барактарын жаап, Бельгияда бир канчалаган этаптуу революциялардын акыр түбү Нидерландиянын Бириккен Королевствосунан бөлүп алып, Бельгия Королевствосунун негизделишине жол ачылат. Ошол мезгилдеги эң кубаттуу державалар Англия, Пруссия, Австрия жана Россия 1830-жылдагы Лондон конференциясында бул маселеге кызыкдар болушу конфликттин тынчтык жол менен чечилишине, Бельгияны көз карандысыз жаңы мамлекет катары таанууга түрткү берет. Ошентип, Брюссель Королевствонун борбору болуп калат, анын биринчи королу Леопольд I мамлекетти Конституциялык монархия формасында башкарат.

Бельгиянын биринчи королу жөнүндө сөз баштаардан мурда эмне үчүн шаардагы тарыхый жайлардын имараттарынын курулушу ар түрдүү стилде жасалганына учкай токтолуп өтөлү. Бир нече кылымдар бою Брюсселде франко жана фламанд тилдүү коомчулуктун ортосундагы карама-каршылык курч мүнөздө болуп, алардын эки территориясы өздөрүнүн маданий, архитектуралык жана экономикалык артыкчылыгы менен өсүп-өнүгүп келген. Ар кимиси өз кызыкчылыгын жогору койгонунанбы, шаардын борбордук бөлүгүнүн архитектурасы орто кылымдагы фламанд стилиндеги үйлөр басымдуулук кылса, айрымдары гана фламандык барокко, брабанттык готика стилинде салынган. Мунун эң жакшы мисалына XVI–XVIII кылымдарда курулган Гран-плас аянтынын архитектуралык ансамблин көрсөтүүгө болот. Бул аянтты шаардын жүрөгү деп атап коюшат. Аянттын узундугу 110 метр, туурасы 68 метр, төрт тарабы тең XVI–XVII кылымдарда курулган үйлөр менен курчалган. Ар биринин өз аты бар, ошол мезгилдердеги кайсы бир гильдияга (топтор) таандык болгонун билүүгө болот. Аталышы да кызык. Мис: «Дуб», «Лисенок», «Волчица», «Телешка» ж.б. деп аталган үй 1697-жылы май өндүрүүчүлөрдүн гильдиясына караган. Кыскасы, ошол мезгилдеги Брюсселдин көрүнүктүү соода борбору болуптур.

Өлкөдө канча согуш, табигый кырсыктар жүз бергенине карабай, кандайдыр бир тышкыбы, ичкиби кудуреттен сакталып калган аянт улуу инсандардын да турмушуна из калтырыптыр. Улуу жазуучу Виктор Гюго Брюсселди абдан жактырып, ушул аянтка көп келчү экен. Он эки жыл куугунтукта жүргөндө, Гран-пласка жашырынып келип, чыгармаларынын айрым каармандарын ушул жерден кезиктирген дешет адабиятчылар. Пролетариаттын улуу көсөмү Карл Маркс ушул имараттардын биринде олтуруп: «Европаны коммунизмдин арбагы аралап жүрөт...» деген белгилүү фразасы ошол мезгилди «селт» эттирген атактуу «Коммунисттик манифест» деген эмгегин жазган. Бир жагынан жокчулук, экинчи жагынан коомдук процесстердин оош-кыйышы түн уйкусунан бездиргенине кайыл болгон ойчул-теоре-

тиктин сүрөөнчүсү, колдоочусу жана идеялаш досу Фридрих Энгельс болгон.

Бүгүнкү күндөгү Гран-плас аянтын айтып бүтүрө албайсың. Гүл майрамы өткөрүлгөн күндөрдө же мамлекеттик мааниндеги оюн-зоок, даталуу иш-чаралардын урматына түмөн-түркүн гүлдөрдөн аянтка тегиз жеткидей килем токушат. Жанына барсаң бут алдыңда ажайып гүлдөрдөн килем төшөлүп жатат. Майда, өтө кыбыр иш көп убакытты, атайын чеберчиликти, этияттыкты талап кылган убаракерчиликтин алдында жүрөктү «болк» эттире кубаныч-шаттыкка бөлөгөн сезимге чакырган көрүнүш пайда болот да, айланып-тегеренип эле эл ушул жерге агылып келе баштайт...

## «Заара ушаткан бала»

Аталган аянтка жакын эле жерде Банной жана Дубовой көчөлөрүнүн кесилишиндеги бурчта бронзадан жасалган атактуу статуя-фонтан «Заара ушаткан баланын» («Писающий мальчик») эстелиги бар. Брюсселге барса, бул баланы көрбөгөн бир да турист, бул эстеликке кызыкпаган бир да адам жок болсо керек дүйнөдө. Бул эстеликтин так тарых баяны жок. Ар кандай уламыш сыяктуу айтылат. Айрым брюсселдиктер XV кылымдагы гримбергендер менен болгон согуш окуяларына байланыштырышат. Согуш жүрүп жаткан мезгилде Готфрида III Левенский бала салгычтагы баланы даракка илип койсо, бала дарактын түбүндө салгылашып жаткан баскынчы аскерлердин үстүнөн сийип жиберет... дешсе, кээ бири бала өзүнүн сийдигинин чачырандысы менен шаардын дубалындагы ок жардыргычтардын жалынын өчүргөн экен дешет. Кыскасы, өлкөнүн келечектеги монархынын элесин берген дегендер да жолугат. Канткен менен ушул эстеликти жасаган скульптордо чоң эргүүнүн, позитивдүү идеянын таасиринде баланы сүймөнчүк менен жасаганы сезилип турат. Боюнун узундугу 61 см келген эстелик көп эле жолу уурдалганын айтышты. Биринчи жолу

Наполеондун армиясы шаарда жүргөндө, кийинчерээк 1960-жылы белгисиз бирөөлөр тарабынан уурдалып кетет. Бул статуяны тез-тез кийиндирип да турушат. Өлкөгө официалдуу коноктор келгенде, баланы жасантууну салтка айландырышкан. Шаардын борбордук аянтындагы фонтандын жанындагы Король музейинде баланын 800гө жакын костюмдары илинип турат. Улуу композитор Моцарттын жана Элвис Преслинин туулган күнүндө талапка ылайык кийиндиришсе, футбол боюнча эл аралык матчта баланы улуттук формада жасантышат. Ал гана эмес, майрамдардын урматына туристтер үчүн пиво же вино агызып коюшкан учурлар да болот.

Король музейинин кварталы өзүнчө эле бүтүп-бүтпөгөн искусство чыгармасы. Андагы 48 бронзадан жасалган фигура-эстеликтер ачык асман алдында түбөлүктүүлүктү даңазалап турушкансыйт. Айрыкча граф Эгмоюттун, Король Альберт Інин эстеликтери өтө таасирдүү, образы чебер иштелгендиктенби жандуудай сезилет.

Кайра Жаралуу (Ренессанс ) доорунда мурунку Фландрия өзүнүн кайталангыс живописи менен даңкталган. Фландрияда атактуу живописчи Рубенс жашаган жана көп эстеликтерди кургандыктан, Антверпенди бекеринен Рубенс шаары деп аташпайт. XVII кылымдын экинчи жарымында фламандык искусство өз доорун өтөп бүтүп, кезекти романтизм, экспрессионизм жана сюрреализм стилдерине берет. Так ошол Король музейинде көркөм искусство чыгармалары, Бельгиянын азыркы искусство мастерлеринин эмгектери коюлган. Өлкөнүн тарыхында баш-аягы 600 король башкарган болсо, так ушул резиденцияга королдордун бардык муунунун өкүлдөрүнүн сөөгү коюлган. Ал эми анын паркы-сейил багы 62 гектарды түзөт. Өзүнчө эле биз угуп элестеткен аркы дүйнөнүн бейишиндей өтө эле кооз, кол тийгистей татына жана сырдуу табылгадай кызык.

1848-жылы королдун үч кабаттуу пасажы курулган. Биринчи кабатында соода-сатык иштери жүргүзүлгөн. Ал эми Ыйык Юбера пасажы, король Леопольд анын аялынын пасажы, кичинеси принцессалардын пасажы өзүнчө айырмаланып, бөлүнүп турат. Оймо-чиймесинин

өтө жыштыгы, кылдаттыгы биринчи кабатындагы тогуз аркандын устундары паралелль кыналып, экинчи кабатына өткөндө тогузду эки тарабына сегизден тепетең бөлүп, үчүнчүсүнө бийиктегенде аны дагы майдалап көтөргөнү Чыгыштын үлгүсүнөн кошуп, чырайын чыгарып, эриш-аркак жуурулуштурган. Ал эми чатырынын дал ортосундагы эки кабаттуу чаканыраак мунара конус формасында көккө карай боюн керет, фасаддын ар бир бурчунда, ар бир кабаттын бет маңдайында кала берсе чатырынан чыккан терезелерге да (баш-аягы Брюсселди 600гө жакын королдор башкарган) королдордун статуялары орнотулган. «Король – бирөө, дин – бирөө» деген ураан өкүмүн бербегени королевствонун гүлдөгөн доорунан кашкайтып кабар айтат.

Ал эми Ыйык Михаил мунарасы шаардын көөнө тарыхынын күбөсү катары даңкталат. Мунара 1226-жылга таандык, анын архитектурасынан роман, готикалык жана ренессанс стилдеринин элементтери жыш кездешкенине карабай, готикалык стиль басымын көбүрөөк өткөргөн. Фасады эки чоң мунарадан турат, анын ар биринин бийиктиги 70 метр, учтуу шпилдер менен коолдолгон, асман менен тирешкендей, ылдыйдан туруп карасаң, мунаралары сени көздөй жылып, тагыраак айтканда, көчүп келаткандай жүрөгүңдү «шуу» эттирет. Ал эми ички жасалгасына сөз табылбайт, бийик-бийик терезесинен түшкөн нымжан жарыктан люстралары, витраждары, эки жагындагы, шыбындагы кудайлардын кыймыл-аракеттеги картиналары кубулуп, ушунчалык тазалыгы менен таңдантат. Бул жерде католик дининдегилер ар кандай ырым- жырымдарды ибадаткананын эрежесине ылайык өткөрүшөт. Чымын учса угулчудай тынчтык өкүм сүрүп турат.

## Король Леопольд

Бельгиянын биринчи королу Леопольддун балалыгы жөнүндөгү маалымат толук айтылбайт. Леопольд Саксен-Кобург-Готский 1790-жылы 19-декабрда Баварияны Кобург аймагында туулган, үй-бүлөнүн кенже уулу болгон.

Ал беш жашында Измайловский полкуна полковник чини менен кирип, он эки жашында генерал болгон. 1806-жылы Наполеондун армиясы анын атасын туткунга алат, Леопольд француз императору сунуштаган адъютант чининен баш тартат да, Россияга аскер кызматына кетет.

Эр жүрөк кавалерист Леопольд Лютцен, Баутцен жана Лейпцигдеги кандуу согуштарда таң каларлык эрдик көрсөтүп, маршал чинине татыктуу болот. Ал Европанын ошондой эле жеңилген Наполеондун тагдырын чечкен Вена Конгрессине катышат. 1815-жылдын 18-июнунда Ватерлоодогу согуштан кийин анын тагдыры биротоло чечилет. Наполеон Ыйык Елена аралына айдалат, а Леопольд Англияга англиялык престолдун (тактын) мураскери принцесса Шарлоттага үйлөнөт.

Анын үй-бүлөлүк бактысы көпкө созулбайт. Жаш аялы жансыз төрөлгөн ымыркайын жарыкчылыкка алып келе албай, көз жумат. Англиянын тактысын ээлөө үмүтү да таш-талкан болот. Ошого карабай, Леопольд өзүн фельдмаршал кылып дайындаган жана өздүк кеңешине мүчөлүккө шайлаган король Георга менен достук мамилесин сактап калган.

Так ошол 1815-жылдагы Вена Конгрессинде келечектеги Бельгиянын бүткүл аймагы Нидерландия менен бириктирилген, Түндүктөн Францияга чейин өзүнчө мамлекет деп таанылган. Ал кезде калктын, карапайым элдин ою, көз карашы менен эч ким эсептешпеген, сураган да эмес. Нидерландиянын Бириккен Королевствосунун башында Вильгельм I Оранский турган, ал өзүнө каратылган жаңы адамдарды тез эле каршылаштырып алган. Натыйжада, 1830-жылы Францияда революциянын жалыны «дүрт» этип, кошуна мамлекеттердин чегарасына да тарайт. Голландиялыктар Бельгиядан өз армиясын чыгарууга аргасыз болушат. Ошентип, 1830-жылдын август, сентябрь айларында болуп өткөн Бельгиядагы революциянын таасири менен Бельгия Голландиядан бөлүнүп, көз карандысыз, өз алдынча мамлекет болот. Ошол жылдын 22-ноябрындагы Улуттук Конгрессте Конституциялык монархия үчүн добуш берилип, 1831-жылдын 4-июнь күнү Леопольд Саксен-Кобургский көпчүлүк добуш менен Бельгиянын королу болуп шайланат.

Ошондо да Леопольд грек таажысынан баш тартып, бир шарт коёт, шартында мамлекеттин чек арасы бүтүндөй такталып, карыздар төлөнгөндө гана такка (тактыга) олтураарын билдирет.

1831-жылы 21-июль күнү ак боз ат минген король Леопольд өзүнүн королевствосунун борбору Брюсселде бельгия элине берилип кызмат кылууга жана Конституцияны көз карегиндей сактоого салтанаттуу түрдө ант берет. Ушул кезге чейин 21-июль улуттук майрамдардын эң башкысы катары майрамдалат.

Атаандашы Вильгельм Оранский жөн жатпай, кекенгенинен колуна курал алып, согуш жарыялайт. Король дароо Луи-Филиппке жардам берүү өтүнүчү менен кайрылат. Француздардын мизи майтарылып, Бельгиянын көз карандысыздыгы, нейтралитети таанылат.

Бельгиянын тактысына талапкерлик жөнүндөгү кызуу талаш-тартышта Леопольдго Француз королу Луи Филипптин кызы Луиза Марияга токтоосуз үйлөнүү керектигин айтышат. Луиза Мария Леопольддон жыйырма эки жашка кичүү эле. Король жарандык никеде жашаган Королина Бауэр менен мамилесин үзүп, Луиза Орлеанскийге үйлөнөт. Ханыша айым королго үч уул жана бир кыз Шарлоттаны тартуулайт.

Леопольд табиятынан аскер адамы болгонуна карабай, өлкөнүн ар тараптуу өнүгүшүнө маани берген. Анын тушунда өнөр жай, соода, айыл чарбасы, кыскасы, экономикасы өтө өнүккөн. Бельгиянын королу тарыхта биринчи жолу уникалдуу табылганы таап, Брюссель менен Мехеленди байланыштырган континенталдуу Европа темир жолун курдурган. Бельгиядан чыккан биринчи почта маркасында аскер мундирчен Леопольддун сүрөтү бекеринен түшүрүлбөгөн. Ал өз доорунун прогрессивдүү личносту катары Батыштын жана Чыгыштын маданиятына, искусствосуна маани берип баалаган, колдогон меценат болгон. Брюсселдин борбордук бөлүгүнө жапон жана кытайдын өтө кооз, көркөмдүү дворецтерин курдуруп, анын айлана-тегерегин таң калаарлык фауна жана флора дүйнөсүнө курчатып, шаардын көрүнүктүү жайларына айландырган.

Тамашачы-куудулдар мекени деп аташат Брюсселди. Ал гана эмес 2009-жылы Брюссель куудулдар (комиктер) шаары деп жарыяланган. Илгери шаардан шаарга көчүп, жер которуп, кыдырып жүрүп элди күлдүрүп, оюн-тамашага батырган элдик өнөр бара-бара өркүндөп өсүп, сахнадан өз ордун таап, көрүнүктүү комиктердин мастерлерин тарбиялаган. Аларга Эрже, Андре, Франкин, Моррис де Бевер ж.б. бүткүл дүйнөлүк көрүнүктүү персонаждар болуп калышты. Заманбап ар-нуво стилинде салынган имаратта Бельгиялык католиктер искусствонун борборунда 25 миңге жакын куудулдар коллекциясы сакталган, анын ичинде Эрженин 400гө жакын оригиналдуу картиналары бул чанда кезикчү шыбаганын, өнөр-шыктын пайда болгонунан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки басып өткөн тарыхын баяндап берет.

Бизди айрыкча таасирленткен 62 гектарды ээлеген королдун паркы болду. Бир-эки күндө кыдырып чыгууга мүмкүн эмес. Кайсы маалда тазалайт, качан көрктөндүрөт, кантип үлгүрөт билип болбойт. Мизилдеген тазалыктан, жүрөк толкуткан сулуулукка кол тийгизгенден чочуйсуң. Биздеги сейил бактан опур-топур элди, оюн-зоокту, ызы-чуу турмушту көрөбүз. Андагы уютулган алтындай «былк» этпеген тынчтык кимди болсо да ошол сулуулукка арбап алгандай, бирөө китеп окуп, экинчиси жөн эле эс алып, дагы бирөө айланасына ырахаттанып олтурушу жанды жай алдырган кутка мемирегендей туюлат. Карап эле көз тойбой, биринен бири өткөн коздукка тушалып, ырахаттуу жыргалга тойбой, кете берипмин...

*2010- жыл, июль айы.*
*Бишкек–Москва–Германия–Франция–*
*Голландия–Люксембург–Бельгия.*

# Мазмуну


Баш сөз ордуна ....................................................3

**Париж – Ай менен Күндүн ширелүүсү ..................6**

Эйфель мунарасы – Франциянын символу ..............13

Алтын чүмбөттүү Версаль ...................................19

Күзгү галереясы ................................................21

«Мага Пруссия королу капитан чинин берет» – деп кыйкырат ..........................................................24

«Жаңы аскерий жана саясий жылдыз» же жыйырма жылдык наполеондук согуштар... ........................27

Европанын жүзү өзгөргөнү менен... ......................29

Империянын кризиси ..........................................29

«Амир Темирдин темир торунан да жаман...» ..........31

Моно Лиза – Луврда ...........................................34

**Тартип менен тазалык өкүмүн бербеген Германия.... 43**

Асман тиреген жарыктын силуэти .........................46

Эмоцияга берилген немецтер ...............................49

Сезим таңкыстыгы... ...........................................51

**Гүлдөн таажы кийген Голландия .........................56**

Көз жоосун алган жоогазындар .............................58

Күнү-түнү билинбеген кофешоптор ........................60

Өмүрү-өлүмү табышмактуу гений ..........................64

«Биринчи сорттогу апенди» ..................................67

Генийди теңине албаган тентимиш өлүм .................71

Суу, от жана чума ..............................................73

**Люксембург – улуу герцогдордун резиденциясы** ...... 77
Шарлотта элинин сүйүүсүн кандайча багындырган? . 82
«Биз мурда ким болсок, ошол бойдон калгыбыз келет» . 86
**Брюссель – Европанын жүрөгү** .......................... 89
«Заара ушаткан бала» .......................... 92
Король Леопольд .......................... 94

*Көркөм-адабий басылма*

**Исмаилова Ризван**

# Европанын берметтери

*(Жол очерктери)*

Бишкек, «Турар» басмасы
*(Кыргыз тилинде)*

Редакторлору *М. Мамазаирова, Ж. Теңирбергенова*
Мукабанын дизайнери *Р. Төлөбеков*
Компьютерге терген *А. Жаныбекова*
Компьютердик калыпка салган *Р. Төлөбеков*

Басууга 02.02.2011-жылы кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$.
Көлөмү 7,25 б.т. Нускасы 2000. Заказ № 628.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек шаары, Жибек жолу пр., 466.



**ИСМАИЛОВА РИЗВАН УРАИМОВНА** 1961-жылы Ош областынын Кара-Суу районундагы Савай айылында туулган. 1984-жылы Ош мамлекеттик désinstituttun филологиялык факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Азыркы учурда республикалык «Эркин-Тоо» гезитинин кабарчысы болуп эмгектенет.

Филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун доценти. Ал «Жолон Мамытовдун лирикасы», «Эпикалык чабыттар» китептерин жана 30дан ашуун илимий-усулдук макалалардын автору.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына, КР Өкмөтүнүн 3-даражадагы, областтык жана республикалык «Алтын калем» конкурсунун дипломдоруна татыктуу болгон. Кыргызстан-Сорос фондусу, ПРООН, ЮНИСЕФ жана ЮСАИД эл аралык уюмдарынын, Улуу Британиянын Эл аралык министрлигинин ММК республикалык конкурсунун жеңүүчүсү.